**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРУУ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ - АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 631.16(575.2) (043.3)**

**Шатманова Айжамал Суйналиевна**

# “Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу

(Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)”

08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика адистиги

**Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчи: экономика илимдеринин доктору, доцент,**
**Абдиев Мурат Журатович**

Манас - 2025

# МАЗМУНУ

**Шарттуу белгилердин тизмеси...............................................3**
**Киришүү**.............................................................................................4
**1-бап. Аймактын айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн теориялык-методологиялык негиздери**
1.1. Атаандаштык жана атаандаштык жөндөмдүүлүктүн экономикалык категория катары мазмуну ..........................................................................12
1.2. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу…...34
1.3. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо жана аны шартоочу факторлор.................................52
1-бап боюнча корутунду..........................................................................72
**2-бап. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана сатууну анализдөө жана баалоо (эт азыктарынын мисалында)**
2.1. Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн өнүгүшүнүн деңгээлин анализдөө жана баалоо.........................................................73
2.2. Эт азыктарын өндүрүүнүн динамикасы жана натыйжалуулугу..........83
2-бап боюнча корутунду..........................................................................96
**3-бап. Экономикалык интеграция шарттарында айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүү**
3.1. Аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми...................................................................98
3.2. Айыл-чарба кооперациясы - айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары.........................................................115
3.3. Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу...............................................................................................128
3-бап боюнча корутунду........................................................................138
**Тыянактар**.........................................................................................140
**Практикалык сунуштар**.....................................................................144
**Пайдаланылган адабияттар**..............................................................146
**Тиркемелер**........................................................................................161

# ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

**КР** – Кыргыз Республикасы

**КМШ –** Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги

**РФ** – Россия Федерациясы

**ЕБ** – Евробиримдиги

**ЕАЭБ –** Евразиялык экономикалык биримдик

**АКШ** – Америка Кошмо Штаттары

**КЭР –** Кытай эл республикасы

**ИДП** – Ички дүң продукт

**УЭС –** Улуттук эсеп системасы

**МЖӨ –** Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк

**ЖЖКЧ –** Жарандардын жеке көмөкчү чарбалары

**ж.б.** – жана башкалар

**ж.б.у.с.** – жана башка ушул сыяктуу

**о.э. –** ошондой эле

**а.и. –** анын ичинде

**ж.ж.** – жылдар

**ИИ** – Изилдөө институту

**ИИИ** – Илимий-изилдөө иштери

**АӨЧ –** Агро өнөр жай чөйрөсү

**ИИТКИ** – Илимий-изилдөөчү техникалык-конструктордук ишмердүүлүк

**ИТП** – Илимий-техникалык прогресс

**КНЧ** – кошумча нарк чынжырчасы

**KOTRA –** Инвестицияларды илгерилетүү боюнча агенттик

**SBIR –** Чакан бизнестин инновацияларын изилдөө

**UKTI –** Улуу Британиянын соода жана инвестиция кызматы

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Рынок мамилелеринде атаандаштыктын деңгээли тынымсыз өсүүдө, рыноктун катышуучулары атаандаштарынан артыкчылыкка ээ болуунун ар кандай жолдорун издөөгө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун табууга аргасыз болушууда.

Учурда дүйнөлүк практикада атаандаштык жөндөмдүүлүк жана улуттук экономиканы дүйнөлүк коомчулукка интеграциялоо маселелерине чоң көңүл бөлүнө баштады. Ар бир өлкөнүн позициясы түздөн-түз анын экономикасынын, тармактарынын, ишканаларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды болууда жана анын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы, калктын тамак-аш азыктары менен канааттандыруу жана агрардык өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугу Кыргыз Республикасынын (КР) айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көтөрүү механизмин өркүндөтүү маселесин биринчи орунга коет. Айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү экологиялык сапаттуу натыйжалуу жана ресурстук сакталуучу техника жана технологиялар, эл аралык сапатка туура келген айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө негизделиши керек.

КРда рынок мамилелеринин калыптанышы жана импорттук товарлардын ата мекендик рынокто орун алуусу атаандаштыкты күчөттү жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатууну уюштурууга талаптарды жогорулатты. Атаандаштык күчөгөн шарттарында айыл чарба продукцияларын натыйжалуу башкаруу жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү кескин курчуду.

Учурда КРда айыл чарба продукцияларынын өндүрүшү толук кандуу кубаттуулукта иштебей, айыл чарба продукцияларынын 10-15%ы гана кайра иштетилет. Ошону менен бирге КРдин калкынын 65%ы айыл жергесинде жайгашып, бардык эмгектенгендердин санынын 34%ы же калктын жалпы калкынын 14%ы айыл чарбасында алектенишет. Демек, айыл чарба

продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, экспорттук потенциалын көтөрүү резервдери бар.

Жогоруда айтылып кеткендерден улам, мындай жагдайдын келип чыгышы айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун али толук калыптана электигине дагы тыгыз байланыштуу.

Мындан улам, диссертациялык иште буга чейинки изилденген иштердин, жарык көргөн теориялык, илимий жана практикалык эмгектердин нугунда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жетишүүгө көмөктөшүүчү иштиктүү жаңы багыттарды жана ыкмаларды жакшыртуу талап кылынууда. Ушундай тез арада чечүүнү талап кылуучу, орчундуу жагдайдын келип чыгышы диссертациялык ишти иликтөө актуалдуу экендигин бекемдеп жана бул теманы тандоого түрткү болду.

Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана бул багытта кездешкен маселелердин иштелип чыгышы бир катар чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектеринде каралган. Жалпы атаандаштык жана атаандаштык жөндөмдүүлүк маселелеринин көйгөйлөрү экономикалык теориянын классиктери К. Маркс, Ф. Энгельс, (1985), Р.Кемпбелл, К.Р.Макконелл, С.Л.Брю (2000), П. Самуэльсон, А. Смит (2000), М.Портер (2005) ж.б. эмгектеринде чагылдырылып, бул багытта олуттуу салымдарын кошушкан. Агро-өнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн КМШ өлкөлөрүндө өнүгүү көйгөйлөрү Г.Л.Азоев (2016), Н.Я. Коваленко (2014), Ш.Ш.Магомедов (2023), Р. А. Фатхутдинов (2020), А.Ю. Юданов (2025), И.Г.Ушачев (2013), Т.И. Есполов ( 2014) ж.б. эмгектеринде андан ары тереңдетилип изилденген.

Кыргызстанда бул багыттагы маселелерди изилдөөдө жана алардын чечилишине окумуштуу-экономисттер Ш. М Мусакожоев (2018), Т. К. Камчыбеков (2017), К. А. Атышов (2012), Дж. С. Джаилов (2017), Ж. Жумабаев (2012) ж.б. белгилүү салымдарын кошушкан.

Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга байланышкан айрым теориялык жана методологиялык багыттагы

маселелердин рынок экономикасына ылайык тиешелүү деңгээлде изилдөөдөгү кемчиликтер, айыл чарба продукцияларын керектөөчүлөргө жеткирүүдөгү өндүрүү, кайра иштетүү жана анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуудагы өз ара аракеттерди экономикалык нукта негиздөө жана натыйжалуу жолдорун иштеп чыгуу аркылуу өлкөнүн калкын азык-түлүк менен камсыздоо көйгөйлөрү бул теманы изилдөөнү аныктады.

**Диссертациялык иштин темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоонун 2035-жылга чейинки концепциясынын, “КРнын айыл чарбасынын өнүгүшү жөнүндө» мыйзамдарынын, КРнын 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын, КРнын Айыл чарбасын 2021-2025-жылдарда өнүктүрүү стратегиясынын о.э. башка илимий-изилдөө иштеринин жана мамлекеттик программалардын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Диссертациялык иштин максаты болуп экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Максатка жетүү үчүн диссертациялык иште төмөнкүдөй маселелер аныкталды:**

1. экономикалык алакалашуу шартында региондун айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунун жана маанисин тактоо;

2. аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмүнүн ролун аныктоо;

3. аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун ыкмаларын Кыргызстандын практикасында колдонууну сунуштоо жана аны шартоочу факторлорду аныктоо;

4. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда эт азыктарынын мисалында аларды өндүрүү жана сатуунун учурдагы абалын анализдөөнүн негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуунун резервдерин аныктоо;

5. аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгуу;

6. айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары айыл-чарба кооперациясын өркүндөтүүнү сунуштоо;

7. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмин өркүндөтүүдө теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилденген иштин негизги илимий жыйынтыгы төмөнкүлөр:**

- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди;
- аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;
- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн

баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;

- эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;
- айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 15-майындагы акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2025-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча, айыл чарбалык, кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «Ош облусунун 2019-2025-жылдарга карата экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясын” түзүүдө колдонулду. Изилдөө натыйжалары Ош облусунда жана башка аймактарда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну

өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, талдоодо колдонууну кеңейтет. Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», “Ишкердиктин экономикасы” жана “Маркетинг” предметтеринде колдонсо болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү:**

Диссертациядагы алынган илимий жыйынтыктар, теориялык жана практикалык сунуштар айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну, келечекте өндүрүштү башкарууну тереңдетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**Коргоого алып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн манызы аныкталып, экономикалык мазмунуна тактоо киргизилди;
- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууда интегралдык түзүмүнүн ролу аныкталды;
- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы, ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;
- айыл чарба продукцияларын атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштелип чыкты;
- эт жана эт продукцияларынын мисалында атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу учун айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды жана аны башкаруу тутуму иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктоонун теориялык жана практикалык жолдору жалпыланды. Теориялык жалпылоо жана комплекстүү анализдин негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуу жолдору иштелип чыкты, айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуудагы катышуучулардын интеграциясын жакшыртуу, аймакта сатуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында заманбап талаптарга жооп бере турган айыл-чарба кооперативдерин түзүү сунушталды.

Изилдөөчү Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «2025-жылга чейин Ош облусунун кайра иштетүү секторун өнүктүрүүнүн жана атаандаштыгын жогорулатуунун региондук маселелери» аттуу темадагы илимий долбоорду даярдоого катышкан.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 10 дон ашык илимий макалалар чыгарылган жана анын жалпы көлөмү 7,5 басма табакты түзгөн. Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизинде чыгарылган жыйынтыктары бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда баяндоолор жасалган: “Туруктуу өнүгүү: Россиянын жана дүйнөлүк экономиканын тенденцияларын талдоо” (Дагестан, Махачкала шаары, Дагестан мамлекеттик эл чарба университети, 2023-жылдын 4-апрели), “Заманбап илимдин өнүгүүсүнүн келечеги” (Швеция, Гетеборг шаары, 6-8-март-2024- жыл); “Инновациялык экономиканын туруктуу өнүгүүсүн колдоо үчүн санариптик технологияларды башкаруу” (Ош шаары, ОшТУ, 2024-жылдын 14-майы), “Ааламдашуу жана климаттын өзгөрүүсү шартында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу” (Ташкент шаары, ТашМАУ, 15-май 2024-жыл); “Глобализациянын чакырыктары жана тобокелдиктери жана евразиялык экономикалык интеграциянын прогрессине рычагдар” (Ысык-Көл, 2024-жылдын 1-июлу), “Экономикалык ойдун өнүгүүсү: изилдөөлөр жана чечүү жолдору” (КЭУ ИИУ, 2024-жылдын 26-сентябры); «Адамдык капиталды жана технологиялык инновацияларды өнүктүрүү, климаттык көйгөйлөрдү чечүү жана

ресурстарды натыйжалуу пайдалануу аркылуу узак мөөнөттүү туруктуу экономикалык өсүшкө жетишүү» (Фергана шаары, ФерПИ, 2024-жылдын 27-сентябры) ж.б.

Жарыяланган материалдар диссертациялык изилдөөнү толугу менен чагылдырат.

Диссертациялык иштин илимий натыйжаларды жүзөгө ашыруу жөнүндө КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын актысы менен бекитилгени күбөлөндүрөт.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук жарыяланышы.** Диссертациянын темасы боюнча жалпысынан 22 илимий макала жарыяланган, анын ичинде 1 макала Скопус, 9 илимий макала-чет элдик басылмаларда (РИНЦ статусу бар); 6 илимий макала-республикалык басылмаларда (РИНЦ статусу бар) жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүнү, 3 бөлүмдү, корутундуну жана колдонулган илимий адабияттарды камтыйт. Диссертациялык иш 165 бет компьютердик тексттен, 18 таблицадан, 13 сүрөттөн жана 148 аталыштагы пайдаланылган адабияттардан турат.

# 1-БАП. АЙМАКТЫН АЙЫЛ-ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫН ӨНДҮРҮҮ ЖАНА САТУУНУН АТААНДАШТЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Атаандаштык жана атаандаштык жөндөмдүүлүктүн экономикалык категория катары мазмуну

Заманбап шарттарда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн экономикасын өнүктүрүүдөгү маанилүү звенолор болуп экономикалык субъектилердин ортосунда пайда болгон мамилелер саналат. Булардын көпчүлүгүндө кыймылдаткыч күч басымдуулук кылат - бул рынокту, рынок чөйрөсүн жана базар мамилелерин калыптандырган мүлктүк мамилелер, атаандаштык, суроо-талап жана сунуш. Рыноктук чөйрө рыноктун катышуучуларынын ортосунда жарышуу жана атаандаштыкка шарт түзгөндүгү менен мүнөздөлөт.

Атаандаштык - бул рыноктун эң маанилүү элементи, ансыз рынок мамилелеринин бүт системасы жана алардын негизинде түзүлгөн экономикалык тутумдар болбойт. Атаандаштык ар кандайча чечмелениши мүмкүн: күрөш, атаандаштык, тен тайлашуу, жарышуу. Атаандаштык түшүнүгүнүн көп маанилүүлүгү ага универсалдуу аныктама берүүгө мүмкүндүк бербейт, ошого карабастан, ал рынок экономикасын калыптандыруунун жана иштешинин негизги принциптеринин бири катары эсептелет.

Атаандаштык - рынок мамилелерине негизделген экономика, менчиктин ар кандай формаларынын жана ар кандай фирмалардын, ишканалардын, компаниялардын болушун болжолдойт; ишкердик субъекттери үчүн экономикалык эркиндик; ишкерлердин ишмердүүлүгү, алардын өндүрүштү өркүндөтүүдөгү, инновацияларды өздөштүрүүдөгү, жаңы технологияларды киргизгендеги жана жаңы товарларды жана кызматтарды чыгаргандагы атаандаштык жөндөмдүүлүгү. Атаандаштык ишкердүүлүктү жандандырат, анын натыйжалуулугун жогорулатат, өндүрүштөгү токтоп калууну жоюуга жардам берет жана өндүрүүчүлөр үчүн экономикалык атаандаштыктын ачкычы болот [127].

Атаандаштыктын эң маанилүү функциясы, ал рынок мамилелеринин башка звенолору менен бирге, рынок экономикасын жөнгө салууну жана өнүктүрүүнү камсыз кылууга катышат жана ошол эле учурда анын иштөө тутумунун негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Ошол эле учурда, ал суроо-талап менен сунуштун өз ара аракеттенишин камсыз кылган, атаандаш тараптардын “рыноктук күчтөрүн” тең салмакташтырган, рыноктун айрым катышуучуларынын башкалардан абсолюттук артыкчылыгына жол бербеген, баага таасир тийгизген жана рынок агенттеринин ортосундагы мамилелерде салыштырмалуу тең салмактуулукту орнотуучу рыноктун элементи болуп калат. Атаандаштык продукцияны чыгаруу менен сатуунун ортосундагы байланышты түзүүгө катышат. Бул байланыш себептик мүнөзгө ээ жана керектөөчүлөргө керектүү товарды түзүү мүмкүнчүлүгүн жана аны кирешелүү сатуу мүмкүнчүлүгүн биринчи кезекте сатып алуучуга, андан кийин сатуучуга чагылдырат [138].

Атаандаштык - бул базар экономикасынын татаал жана көп кырдуу категориясы. Өз иш-аракетинде, бул товар өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы капиталдык салымдардын эң пайдалуу чөйрөлөрү үчүн атаандаштыкты, товарларды өндүрүү жана сатуу үчүн кыйла жагымдуу шарттар үчүн алардын ортосундагы атаандаштыкты, ушул негизде мүмкүн болгон максималдуу пайданы билдирет. Бул рыноктун атрибуту болгон коомдук өндүрүштүн пропорцияларын автоматтык түрдө жөнгө салуу механизми, табигый жол менен келип чыгат жана ошол эле учурда анын жашоосу жана өнүгүшү үчүн ажырагыс шарт болуп саналат.

Атаандаштык белгилүү бир түзүмгө ээ жана ар кандай түрлөргө бөлүнөт. Тармак ичиндеги, тармактар аралык жана эл аралык атаандаштык деп бөлүнөт.

Тармак ичиндеги атаандаштык - бул бир эле тармактын товар өндүрүүчүлөрүнүн ортосундагы күрөш, эреже боюнча, товарларды өндүрүү жана сатуу үчүн кыйла ыңгайлуу шарттар үчүн бир тектүү продуктылар. Тармак ичиндеги атаандаштыктын функциясы товардын бирдигинин наркын рыноктук наркка жеткирүү болуп саналат, ал тармакта орточо чыгымдар менен аныкталат.

Тармак ичиндеги атаандаштыктын натыйжасы өндүрүштүк чыгымдарды төмөндөтүү, продукциянын сапатын жакшыртуу жана инновациялык технологияларды киргизүү болуп саналат.

Атаандаштык мамилелер системасында төмөнкү иерархияны аныктаса болот (1.1.- сүрөт).




**1.1 сүрөт. Атаандаштык мамилелер системасында түшүнүктөрдүн байланышы** [22].

Тармак ичиндеги атаандаштыктын жана башка атаандаштыктын түрлөрүнүн алкагында, рынок субъекттеринин саны жана алардын атаандаштык күчүнүн деңгээли боюнча, алар: кемчиликсиз, монополиялык, монополия жана олигополия деп бөлүнөт.

Коомдун жана экономиканын өнүгүшүнүн ар бир этабы өзүнүн өзгөрүүлөрүн киргизет, алар көптөгөн белгиленген позицияларды жана принциптерди өзгөртөт. Өнүгүүнүн азыркы этабы жаңы маалыматтык жана инновациялык технологиялар менен байланышкан, бул атаандаштыктын теориялык изилдөөлөрүн заманбап экономиканын фундаменталдык өзгөчөлүгү жана маанилүү элементи катары тереңдетүүнү талап кылат, анын абалына анын андан аркы өсүү тенденциясы көз каранды.

Көптөгөн изилдөөчүлөр атаандаштыкты жана ага байланыштуу көйгөйлөрдү изилдөө менен алектенип келишкен, бирок атаандаштыктын илимий-теориялык негиздерин экономиканын классиги Адам Смит аныктап, жалпылаган. Учурда мындай изилдөөлөр улантылып жатат жана Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү көптөгөн илимпоздор атаандаштыктын

ар кандай аспектилерин изилдөөгө өзгөчө көңүл буруп келүүдө. Алардын ишинин натыйжасы - атаандаштыктын заманбап концепциясын түзүү жана аны жөнгө салуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу [122].

Рыноктук мамилелердин өнүгүшү өз ара аракеттенишүүнү күчөтүү жана пайданы көбөйтүүдө жагымдуу шарттар үчүн өндүрүүчүлөрдүн күрөшү, атаандаштыктын интенсивдүүлүгү жана атаандаштыктын деңгээли тынымсыз өсүүдө, рыноктун субъекттери атаандаштарынан ашып кетүүнүн, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун ар кандай жолдорун издөөгө аргасыз болушат.

Рыноктогу жагдай жана атаандаштыктын масштабы жашоо циклдин жаңы стадиясына өтүү менен гана эмес, анын кыймылдаткыч күчүнүн таасири менен өзгөрөт. Ошондуктан атаандаштыктын кыймылдаткыч күчүн классификациялоо жана алардын мүнөздөмөлөрү бизнестин бардык катышуучулары үчүн илимий жана практикалык кызыкчылыкты жаратат [22].

Атаандаштыктын кыймылдаткыч күчү-максаттуу рынокто ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин түздөн-түз шарттай турган таасир этүүнүн негизги группалары, шарты жана факторлору (1.2-сүрөт).

Атаандаштык жөндөмдүүлүк - бул атаандаштык түшүнүгүнө негизделген татаал экономикалык категория. Жалпылап айтканда жана экономикалык чөйрөгө карата атаандаштык жөндөмдүүлүк катары касиеттери же айрым өзгөчөлүктөрү белгилерине ээ, бул алардын болушу экономикалык атаандаштыктын предмети үчүн белгилүү артыкчылыктарды түзүүгө өбөлгө түзөт деп түшүнүү керек. Атаандаштык артыкчылыктарынын ээлери болгон айырмалоочу касиеттердин алып жүрүүчүлөрү төмөнкүлөр болушу мүмкүн: продукциялардын түрлөрү, ишканалар, фирмалар, компаниялар, тармакты түзгөн уюмдар же интеграцияланган түзүмдөр, эл аралык экономикалык мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө лидерлик үчүн атаандашкан айрым өлкөлөр же алардын бирикмелери.




**1.2 сүрөт. Атаандаштыктын кыймылдаткыч күчтөрүн классификациялоо [22]**

Атаандаштык көпчүлүк учурда анын кыймылдаткыч күчтөрүнөн көз каранды. Рыноктогу жана тармактагы шарттар сырткы кыймылдаткыч

күчтөрдүн (рыноктун өсүп жаткан глобализациясы, интернет түйүнүн, электрондук коммерцияны киргизүү) катышуучуларынын таасири менен өзгөрүп турат.

М.Портер атаандаштык жөндөмдүүлүктүн мындай аныктамасын берет - бул товардын, кызматтын, рынок мамилелеринин субъектисинин рынокто ушул сыяктуу товарлар, кызматтар же атаандаш рынок мамилелеринин субъекттери менен бирдей деңгээлде атаандашуу касиетинин болушу [108].

М.Портер тармакта атаандаштыктын беш күчү (же факторлору) катышат деп жыйынтык чыгарган жана алар төмөнкүлөр:

1.Рыноктогу атаандаштар;

2. Камсыз кылуучулар;

3. Потенциалдуу жаңы атаандаштар;

4. Сатып алуучулар;

5. Ордуна жароочу товарды сунуш кылуучулар.

М.Портердин беш кыймылдагы күчүнүн өз ара байланышынын формасы төмөнкү 1.3 - сүрөттө көрсөтүлгөн.




**1.3 сүрөт. М. Портер боюнча атаандаштыктын беш күчүнүн көрсөтмөлүү модели [108].**

Р.Фатхутдинов белгилегендей, атаандаштык жөндөмдүүлүктү белгилүү бир рыноктогу окшош объектилерге салыштырмалуу объектинин атаандаштыкка туруштук берүү жөндөмдүүлүгү деп түшүнүү керек, белгилүү бир рынокто товардын же кызматтын атаандаштыкка же атаандаштыкка жөндөмсүздүгүн аныктоого болот [136].

А.Бариновдун айтымында, объектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгү анын элементтеринин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнөн жана аларды максатка жетүү үчүн уюштуруудан турат [35].

П.Завялов атаандаштык жөндөмдүүлүк - бул экономикалык, социалдык жана саясий факторлор менен шартталган ички жана тышкы рыноктордогу товар өндүрүүчүнүн позициясы, бул абалды жана анын динамикасын адекваттуу мүнөздөгөн көрсөткүчтөр (индикаторлор) аркылуу чагылдырылгандыгын белгилейт [69].

С.Светунков атаандаштык жөндөмдүүлүк - бул объектинин техникалык-функционалдык, экономикалык, уюштурууучулук жана башка мүнөздөмөлөрүнүн керектөөчүлөрдүн талаптарына шайкештиги даражасын мүнөздөгөн, ушул объектке таандык болгон базар үлүшүн аныктаган жана ушул рыноктун кайра бөлүштүрүлүшүн алдын алган, башка объектилердин пайдасы үчүн тиешелүү рыноктун белгилүү бир үлүшүнө ээ болгон объектинин касиети деп билдирет. [118].

Биз бир нече гана аныктамаларды бердик, бирок алардын көпчүлүгү бар жана алардын ар биринин өзүнүн рационалдуу ядросу бар. Ар бир макалада, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн суроолору же көйгөйлөрү каралса, автор тарабынан изилденип жаткан темага жана анын маңызын түшүнүүгө негизделген аныктаманы табууга болот. Мындай көп интерпретациялар жана атаандаштык жөндөмдүүлүктү ар кандай түшүнүү, анын мааниси белгилүү бир убакыт жана экономикалык кырдаалдын негизинде чечмелене турган татаал түшүнүк экендиги менен түшүндүрүлөт.

Биздин оюбузча, атаандаштык жөндөмдүүлүк объектинин объективдүү мүнөздүү касиети эмес, ал салыштырмалуу баалуулук болуп саналат жана

атаандаштык чөйрөсүндө гана өз ордун табат жана атаандаштыктан тышкары жерде болбойт. Ошол эле учурда, атаандаштык жөндөмдүүлүк рыноктун талаптарын чагылдырып гана тим болбостон, өзгөчө мааниге ээ болгон атаандаштык субъекттерин рыноктук позицияларды багындыруу, аларды сактап калуу, бекемдөө жана кеңейтүү боюнча жигердүү аракеттерге багыттай тургандыгын белгилей кетүү керек.

Атаандаштык жөндөмдүүлүккө байланыштуу маселелерди изилдөөдө объект менен субъекттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн айырмалоо керек. Объекттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү, эреже катары, белгилүү экономикалык субъекттин белгилүү бир иш-аракетинин жүрүшүндө түзүлүп, ал өз кезегинде уюштуруучулук, өндүрүштүк, башкаруучулук жана маркетингдик мүнөздөгү иш-аракеттерди жүзөгө ашырган товар же кызмат деп түшүнүлөт.

Субъекттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү (товар өндүрүүчүнү билдирет) анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жана атаандаштыкта жеңиш менен мүнөздөлөт жана атаандаштык артыкчылыктарын, рынокто бар сегменттерди сактап калуу жана өнүктүрүү үчүн мыкты мүмкүнчүлүктөрдү берген атаандаштык айырмачылыктары чагылдырылгандыгынын натыйжасында мүмкүн болгон күрөш.

«Атаандаштык жөндөмдүүлүк» категориясын изилдөөдө ал көбүнчө "натыйжалуулук" категориясы менен байланыштырышат, ал эми атаандаштык жана натыйжалуулук бирдей түшүнүктөр катары чечмелешет, бирок андай эмес. Натыйжалуулук, эреже катары, чыгымдардын натыйжаларга болгон катышы катары түшүнүлөт; бул субъектке болгон ресурстар канчалык жемиштүү колдонулуп жаткандыгын көрсөтөт.

Атаандаштык - натыйжалуулукка караганда кеңенирээк түшүнүк, ал (натыйжалуулук) атаандаштыктын ажырагыс бөлүгү, бирок ошол эле учурда атаандаштыкка жөндөмдүүлүк кыйла татаал жана атаандаштык күрөшүндө артыкчылыктарга жетүү үчүн ар кандай инструменттердин болушу менен мүнөздөлөт. Натыйжалуулук жана атаандаштык - бул салыштырмалуу көрсөткүчтөр, атаандаштык жөндөмдүүлүктүн көрсөткүчтөрү башка атаандаш

субъекттерге салыштырмалуу аныкталат. Атаандаш субъект (ишкана, фирма) бир рынокто натыйжалуу жана атаандаштыкка, экинчисинде атаандаштыкка туруштук бере албайт. Атаандаштык жөндөмдүүлүк - бул белгилүү бир артыкчылыктарга жетүүгө мүмкүндүк берген белгилүү бир касиеттерди колдонуу аркылуу сынактын ийгиликтүү атаандаштык күрөшүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгү.

Атаандаштык жөндөмдүүлүк продукцияны өндүрүү жана сатуу чынжырчасындагы бардык кыймылдарды өркүндөтүү жолу менен жана ага байланыштуу уюштуруучулук, башкаруучулук, өндүрүштүк, финансылык иш чаралар менен, ошондой эле экономикалык эмес ыкмаларды колдонуу менен (чийки зат булагынан ажыратуу, насыя, энергия, кастык менен басып алуу ж.б.у.с.) жетишүүгө болот, бул атаандаштардын өнүгүүсүнө бөгөт болот. Мындай иш-чаралар кээде технологияны өркүндөтүүгө, кымбат программаларды иштеп чыгуу, кызматкерлерди окутуу жана сатуунун жаңы рынокторун издөөгө караганда натыйжалуу жана арзаныраак болуп калат,

«Атаандаштык жөндөмдүүлүк» - категориясынын маңызын түшүнүү үчүн, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү алып жүрүүчү эмне же ким экендигин аныктоо керек. Бул мүнөздөмө баалоочу көрсөткүчтөрдү билдирет, ошонун негизинде аны ким баалай тургандыгын жана кандай критерий менен бааланарын аныктоо керек. Баалоо жүргүзө тургандар сатып алуучулар, инвесторлор, фирмалар жана уюмдар, мамлекеттик органдар болушу мүмкүн. Тактап айтканда, сатып алуучулар муну кыйыр түрдө, бааларды салыштырып, товарлардын сапатына жана өндүрүүчүнүн кадыр-баркына баа берүү менен жасашат жана товарларды тандоодо жаңылышпаш үчүн ушундай кылышат.

Предмет катары товар, ишкана, тармак, аймак, өлкө болушу мүмкүн. Бул учурда баалоонун негизги максаты - рыноктун абалын, өнүгүү прогнозун, керектөө касиеттеринин сапатын, карызга алынган каражаттарды натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ж.б. аныктоо болуп саналат.

Атаандаштык жөндөмдүүлүк көп аспекттүү түшүнүк катары ар тараптуу изилденип, белгилениши мүмкүн, алар чечиле турган милдеттерден жана

пландаштырылган максаттардан көз каранды. Ошондой эле, ар кандай статистикалык көрсөткүчтөрдү колдонуп, эксперттик баалоолордун негизинде, рейтингдерди белгилөө менен баалоого болот.

Кыргызстандын айыл чарбасы, кайра иштетүү жайы жана анын натыйжалуулугу, атаандаштык жөндөмдүүлүгү боюнча түрдүү аспектилердеги маселелерди изилдөөдө жана алардын чечилишине ата-мекендик окумуштуу-экономисттер Мусакожоев Ш. М., Камчыбеков Т. К., Купуев П. К., Орузбаев А. У., Балбаков М., Токтомаматов К. Ш., Токсобаева Б. А., Жумабаев Ж., Абдымаликов К. А., Зулпукаров А. З., Джаилов Ж. С., Атышов К. А., Абдурашитов А., Джумабаев К. Дж, Акматалиев Т., Абдиев М.Ж. ж.б. белгилүү салымдарды кошушкан.

Аталган окумуштуулардын атаандаштык жөндөмдүүлүк боюнча изилдөөлөрүнө кайрыла турган болсок, Мусакожоев Ш. М. экономиканын тармактарын, анын ичинде айыл-чарбасын инновациялык негизде өнүктүрүү боюнча [102,103,104], Камчыбеков Т.К. бул тармакта жагымдуу инвестициялык климатты камсыз кылууда мамлекеттик башкаруу органдарынын кыймыл-аракеттери жана жүргүзгөн саясаты, евразиялык интеграциянын негизги багыттары боюнча [73], Токсобаева Б. А. атаандаштык түшүнүгүнүн позициясынан дүйнөлүк рыноктордо ийгиликтүү болуу үчүн Борбор Азия өлкөлөрү жогорку технологиялуу, жада калса дүйнөлүк керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарына, жана талаптарына жооп берген уникалдуу продукцияларды кызыктуу соода өнөктөштөрү катары позициялаш керек экендигин [127], Абдымаликов К. А. жана Жумабаев Ж. айыл-чарба өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн ички жана дүйнөлүк рыноктордо жогорулатуу чыгымдарды минимизациялоо менен продукциянын сапатын жакшыртууну, анын рентабелдүүлүгүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууну талап кыларын белгилейт. Ал үчүн технологиялык жана техникалык жанылоого инвестиция тартуу; минералдык жана органикалык жер семирткичтердин негизинде жер кыртышынын асылдуулугун жакшыртуу; айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн, жаны жогорку түшүмдүү сортторун, үй жаныбарларынын асыл тукумдарын; өсүмдүк

жана жаныбарлардын оору жана зыянкечтерден коргоо каражаттарын колдонуу; өндүрүштү уюштуруу жана башкаруунун жана чарба жүргүзүүнүн экономикалык ыкмаларынын рыноктук түзүмдөрүн өркүндөтүү зарыл деп эсептешет [24]. Ал эми Джаилов Д. С. ЕАЭБ биримдигине кирүүнү эске алуу менен айыл-чарба өндүрүшүн аймактык адистештирүүнү өркүндөтүү, о.э. калыптанган жагымдуу рыноктук конъюнктура евразиялык рынокко атаандаштык жөндөмдүүлүктөгү (эт, сүт, жашылча-жемиштер, картошка ж.б.) продукцияны өндүрүү жана экспорттодо Кыргызстандын атаандаштык артыкчылыгын натыйжалуу колдонууга алып келет деп эсептеп, Кыргызстандын агрардык экономикасын өнүктүрүүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруу тутумун жакшыртуунун механизмин сунуштаган [58]. Абдиев М.Ж. белгилегендей, атаандаштыкты арттыруунун эң маанилүү инструменти катары өлкөнүн табигый-климаттык шарттары жана материалдык-техникалык жактан жаңылоо мүмкүнчүлүгү, тармактардын натыйжалуу адистешүүсүн аныктоо жана алардын айыл-чарба уюмдарында колдонулушунун негизинде калыптанган түзүмдүк ыраттуу саясат эсептелет, жана тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн максималдуу деңгээлин камсыз кылууга жөндөйт [22].

Экономикалык адабияттарда атаандаштык жөндөмдүүлүктү алып жүрүүчүлөрү төрт деңгээлдүү система түрүндө жайгаштырылган:

- микродеңгээл товарлар, башкача айтканда, продукциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн конкреттүү түрлөрү менен көрсөтүлөт;
- мезо-деңгээл жеке ишканалар, фирмалар, алардын корпоративдик бирикмелери тарабынан көрсөтүлөт, буга тармактар жана тармактык комплекстер дагы кирет;
- региондук тутумдар;
- макро деңгээл айрым өлкөлөрдүн улуттук экономикаларынан жана мамлекеттер аралык бирикмелерден турат.

Келтирилген ар бир деңгээлдин өзгөчөлүктөрүн карап чыгып, товардын же продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнөн баштайлы. Бул учурда синонимдер катары товарлардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү жана продукциялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү колдонулат.

**Товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү**. Атаандаштык жөндөмдүүлүк түшүнүктөрүнүн иерархиясында товарлардын (продукциялардын) атаандашуу жөндөмдүүлүгү негиз болуп саналат. Экономикалык адабияттарда товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маңызын аныктаган көптөгөн аныктамалар бар, алар жалпы атаандаштык жөндөмдүүлүктүн аныктамалары сыяктуу эле, ар түрдүү жана албетте тармактык өзгөчөлүктөргө ээ.

Мисалы, А.Трубилин товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, анын рыноктогу ийгиликти аныктоочу керектөөчүлүк жана нарктык мүнөздөмөлөрүнүн комплекси катары чечмелейт [132].

Изилдөөчүлөрдүн тобу «айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалар жана сапат критерийлерине ылайык рыноктогу салыштырмалуу жагымдуулук көрсөткүчтөрүнүн тутуму деп түшүнүү керек, ал эми айрым учурларда - суроо-талапты аныктоочу физикалык жеткиликтүүлүк, демек, атаандаштарга салыштырмалуу сатуу » деп белгилешет [134].

В.Фомин «продукциялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү төмөнкү факторлор менен аныкталат: баа, эксплуатациялык же керектөө чыгымдары, көрсөтүлгөн кызмат, жарнама, компаниянын имиджи жана кадыр баркы, суроо-талап менен сунуштун ортосундагы катыш».[137]. Ошол эле учурда, ал товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн негизги көрсөткүчү, ал ээлеген базар үлүшү деп эсептейт.

Ушул маселе боюнча көптөгөн эмгектерди талдоо менен, көпчүлүк авторлор, эгерде ал өндүрүлгөн мезгилде белгилүү бир базардын сапат талаптарына жооп бере алса, ушул сыяктуу товарларга салыштырмалуу сатып алуучу үчүн жагымдуу болуп, сапаттын катышына, керектөөчүлөрдү канааттандырган жана аны сатуунун натыйжасында өндүрүүчүгө пайда алып келген бааларга ээ болсо атаандаштыкка жөндөмдүү деп макул болушат.

Товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маанилүү компоненти, анын сапаты болуп саналат. Продукциянын же товардын сапаты - бул алардын ээ болгон касиеттери, алардын жардамы менен алар максатына ылайык колдонулганда керектүү муктаждыктарды канааттандырышат.

Көбүнчө, товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү продукциянын сапатына теңештирилет, бул туура эмес. Сапат көз карашынан алганда, бирдей мүнөздөмөлөр менен мүнөздөлгөн, бир тектүү товарларды салыштыруу керек. Атаандаштык жөндөмдүүлүктүн көз карашынан алганда, сапат элементтердин бири гана, ал эми сапат мүнөздөмөлөрүнөн тышкары, товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү башка элементтерди, атап айтканда, керектөө жана баа параметрилерин камтыйт.

Товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү, ага түздөн-түз көз каранды болгон башка факторлорго дагы байланыштуу. Бул факторлор өндүрүмдүүлүктү жана эмгек интенсивдүүлүгүн, өндүрүш чыгымдарын, баадан тышкары факторлорду камтыйт.

Көптөгөн ийгиликтүү ишканалардын, белгилүү фирмалардын жана компаниялардын өнүгүү тарыхы көрсөткөндөй, алар ийгиликке жетишүүнүн жана натыйжада атаандаштык артыкчылыгына ээ болуунун жолдорунун бири - бул өндүрүштүк чыгымдардын төмөндүгү. Продукцияны өндүрүүнүн чыгымдарын төмөндөтүү менен, алар баалар сегментинде артыкчылыкка ээ болушту, бул аларга атаандаштардан артыкчылык берди.

Товардан баштап, өлкөгө чейинки ар кандай сегментте атаандаштык артыкчылыгын камсыз кылган эң маанилүү элемент - бул эмгек өндүрүмдүүлүгү. Субъекттин жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгү ага материалдык жана эмгек ресурстарынын жогорку кайтарымын берет, натыйжада атаандаштык артыкчылыгына жана жогорку пайдага айланат.

Атаандаштардан артыкчылыкка ээ болуу үчүн өндүрүмдүүлүк менен катар эмгек интенсивдүүлүгү да маанилүү. Ал жалпыланган чендерди билдирген, өндүрүштүн (өнөр жай жана айыл чарба) интенсивдүүлүгүнүн индекстери менен бааланат жана базалык мезгилге салыштырмалуу белгилүү бир мезгил ичиндеги өндүрүштүн орточо күндүк көлөмүн көрсөтөт.

Азыркы учурда, дүйнөлүк атаандаштык жөндөмдүүлүктүн шартында биринчи кезекте товардын сапаты, анын жаңылыгы, интеллектуалдуулугу (товарга салынган билим) жана илимдин интенсивдүүлүгү (жаңы товарды алуу

үчүн изилдөө жана иштеп чыгуунун чыгымдары) биринчи кезектеги мааниге ээ болууда. Ушунун негизинде дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү инновацияларды колдонуу, илимий-техникалык потенциалды өркүндөтпөстөн, аны түзүү мүмкүн болбогон, жогорку технологиялуу продукцияны иштеп чыгуу аркылуу өз товардык атаандаштык жөндөмүнүн өсүшүн камсыз кылышат.

Белгилей кетүүчү нерсе, жогоруда айтылган факторлор товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана атаандаштык артыкчылыктарын алуу жолдору менен эле чектелип калбайт, мындай ыкмалар көп жана алар ар түрдүү. Аларды колдонуу товардын өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө, базардын абалына, керектөөчүлөрдүн санына, башкарууга, уюштуруучулук өзгөчөлүктөрүнө ж.б. көз каранды.

Товардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү маанилүү атрибут болуп саналат, негизи, ал ишкананын өзүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, анын финансылык-экономикалык абалын жана андан ары өсүү келечегин аныктайт. Заманбап шарттарда бир гана ишканалар атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды өндүрүү менен байланышкан көйгөйлөрдү ийгиликтүү чече алган рыноктук шартта натыйжалуу иштеп, өнүгө алышат.

**Тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгү.** Ар бир тармак, аны башка тармактардан айырмалап турган белгилүү бир өзгөчөлүк менен мүнөздөлөт. Тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгү керектөөчүлөрдүн айрым топторунун талаптарына жана муктаждыктарына жооп берген жогорку сапаттагы продукцияны өндүрүү жана сатуу үчүн уюштуруу шарттарынын, экономикалык ресурстардын жана техникалык базанын болушу менен аныкталат. М.Портердин айтымында, мисалы, тармактардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү технологиялык жана ресурстук факторлорду камтыган эки факторго негизделиши керек.

Агроөнөр жай тармактарында, табигый жана биологиялык компоненттер түздөн-түз же кыйыр түрдө өндүрүш процессине катышып жаткандыктан, мындай факторлорду бир жактуу аныктоо кыйын, бул атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн деңгээлин аныктоодо чечүүчү болушу мүмкүн.

Тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн кароодо анын калыптанышына себеп болгон факторлор айырмаланат. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- тармактык түзүмдүн абалы;

- өнүккөн тармактык инфраструктуранын болушу;

- тармактын "локомотивдери" боло алган алдыңкы ишканалардын болушу;

-тармактын чегинде илимий-техникалык, өндүрүштүк, материалдык-техникалык, коммерциялык жана инновациялык кызматташуунун өнүккөн тутуму;

- продукциянын техникалык деңгээлинин абалы, алардын экологиялык жактан таза болушу, капиталдык сыйымдуулук жана илимдин сыйымдуулугу;

- продукцияларды өз алдынча иштеп чыгуу жана аларды көбөйтүү үчүн зарыл болгон билим экономикасын, илимий негиздерди пайдалануунун учурдагы мүмкүнчүлүктөрү;

- ар кандай тармактарда (өсүмдүк өстүрүү, мал чарбачылыгы) илимий иштеп чыгууларды ишке ашыруу үчүн болгон потенциал;

- тармактын импортко көз карандылыгынын деңгээли жана анын экспортко багыт алуу деңгээли;

- региондун же өлкөнүн экономикасынын башка тармактарына салыштырмалуу тармактын абалы;

- тармактар эл аралык алмашууга тармактын катышуусу жана анын продукциясын экономиканын башка тармактарында пайдалануу деңгээли.

Агроөнөр жай чөйрөсүнө кирген тармактардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү факторлор тышкы жана ички болуп бөлүнөт. Тышкы факторлор, эреже катары, тармактын бардык ишканаларына олуттуу таасир этет. Аларга төмөнкүлөр кирет: улуттук экономиканын жалпы абалы, илимий-техникалык прогресстин өнүгүү деңгээли, саясий кырдаал, эл аралык мамилелер.

Ички факторлор тармактын ичинде пайда болгон мамилелерди мүнөздөйт. Аларга төмөнкүлөр кирет: ишканалардын уюштуруу түзүмү, менеджменттин сапаты жана ишканалардагы менеджменттин натыйжалуулугу, кадрдык

потенциал, масштабдын натыйжасынын таасири, инновациялык процесстерди жана технологияларды колдонуу.

Биздин оюбузча, тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгү - бул тармактын компоненттеринин (ишканалар, фирмалар, компаниялар) жогорку сапаты менен мүнөздөлгөн, дүйнөлүк жана ички рыноктордун талаптарына жооп берген, тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүнө мүмкүндүк берген институционалдык чөйрөнү түзгөн товарларды жана кызматтарды өндүрүү мүмкүнчүлүгү.

Атаандаштыкка жөндөмдүү тармактар үчүн, алар рынокко жөнөтүп жаткан товарлар, ушул сыяктуу чет элдик атаандаш тармактардын товарларына караганда, керектөөчүлөр үчүн баалары жана сапаты боюнча жагымдуу, ошол эле учурда тармакта экономикалык өсүштүн жогорку темптерин камсыз кылышат.

**Ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү**. Экономикалык адабияттарда ар кандай авторлор тарабынан сунуш кылынган ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн изилдөө, көпчүлүк учурда «ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгү» деген түшүнүк ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүү товарды өндүрүү мүмкүнчүлүгүнө чейин кыскарат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди. Бирок, товар рыноктун пассивдүү компоненти гана болуп саналат, бирок рынокто ишкердик субъекттери көрсөткөн активдүү компоненттер дагы бар - алар продукциялары жана кызматтары аркылуу атаандаштык жөндөмдүүлүгүн кыйыр түрдө алып барган ишканалар. Ошол эле учурда, мындай экономикалык объектилердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү товардын же кызматтын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизинде гана эмес, ошондой эле субъекттин - ишкананын жалпы натыйжалуулугун аныктоочу башка көрсөткүчтөрдү эске алуу менен белгиленет.

Азыркы учурда ишканалар ар кандай продукцияларды өндүрө алышат жана бир эле мезгилде диверсификация стратегиясынын алкагында ар бир товардык (тармактык) базарында иштей алышат деп эсептесек, ар бири үчүн убакыттын өтүшү менен, ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн

деңгээли жана ал өндүргөн продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү дал келбейт. Баарынан мурда, ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн салыштыруу үчүн негиз катары өндүрүлгөн товарлар боюнча эмес, атаандаш ишканалар жөнүндө маалыматтар колдонула тургандыгын белгилей кетүү керек. Ошол эле учурда, тигил же бул ишкананы атаандаш ишканалар менен салыштырганда, ар кандай категориядагы атаандаштарды эске алуу керек: түз атаандаштар (бирдей продукция чыгарган); кыйыр атаандаштар (алмаштыруучу товарларды өндүрүү); ар кандай тармактарга же иш чөйрөлөрүнө таандык болушу мүмкүн болгон потенциалдуу атаандаштар (бул муктаждыкты башка жол менен канааттандырууга мүмкүндүк берүүчү товарларды же кызматтарды өндүрүү).

Ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маңызын ар кандай авторлор ар башкача чечмелешет. А.Пострелова менен С.Маркиндин айтымында, «ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү - бул өлкөнүн ичиндеги жана чет өлкөлөрдөгү тармактын башка ишканаларына салыштырмалуу анын артыкчылыгы» [109]. Алар атаандаштык жөндөмдүүлүк ишкананын сапатын аныктоочу нерсе эмес, аны ишканалардын башка топторунун ичинде гана баалоого болот деп эсептешет.

Белгилей кетүүчү нерсе, А.Пострелова менен С.Маркиндин «атаандаштык жөндөмдүүлүк ишкананын сапатын аныктоочу нерсе эмес» деген сөзүнө макул болуу кыйын. «Атаандаштык жөндөмдүүлүк» категориясы салыштырмалуу мааниге ээ экендиги түшүнүктүү, бирок ишкана рынок шартында иштейт жана ийгиликтүү иштейт, демек, бул ийгилик атаандаштарынан ашып түшүүгө мүмкүнчүлүк берген факторлордун жыйындысы менен камсыздалат. Дал ушул факторлордун комплекси ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн пайда кылат.

Ошол эле учурда, А.Романова «ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин белгилүү бир мезгил ичинде белгилүү бир базарларда (айрым сегменттерде) атаандаштык кысымына туруштук берүү

жөндөмүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырган салыштырмалуу көрсөткүч» деп түшүнүү керек деп эсептейт [114].

Р.Фатхутдинов «ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгү анын атаандаштыкка жөндөмдүү товар өндүрө алуу жөндөмү» деп ырастайт [135]. Г.Яшаева, Р.Фатхутдинов менен тилектештигин белгилейт, ал «ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгү ишкананын атаандаштарына караганда потенциалын жакшыраак пайдаланып, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүү жөндөмүн мүнөздөгөн экономикалык категория» деп белгилейт [143]. Базарга атаандаштыкка жөндөмдүү товар менен чыгуу бул рынокту өздөштүрүп, ага өз ордун ээлей турган ишкананын башкы максаты экени анык. Бирок ишкананын иши ушуну менен эле бүтүп калбайт. Келечекте, рыноктогу өзгөрүүлөргө жана керектөөчүлөрдүн жүрүм-турумуна өз убагында жана ыкчам жооп кайтаруу үчүн базардын абалын жана рыноктук чөйрөнү көзөмөлдөө боюнча тутумдуу иштерди жүргүзүү зарыл.

Ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгү ар тараптуу түшүнүк болгондуктан, атаандаштык артыкчылыктарын калыптандыруу, башкаруу деңгээлин жогорулатуу, каржылык агымдарды башкаруу тутумунун тааталдашкан башкаруу денгээлин жогорулатуу, анын ишинин инвестициялык жана инновациялык компоненттерин эске алуу менен сапат жана баа параметрлерин камтыйт. Мындан тышкары, атаандаштыкка белгилүү бир рыноктогу кырдаал, ишкананын рыноктун башка катышуучуларынан келип чыккан атаандаштык деңгээли, техникалык жабдуулар, инновациялык деңгээл, персоналдын мотивациясы жана квалификациясы, каржылык туруктуулук таасир этерин эске алуу керек.

Атаандаштык жөндөмдүүлүктү камсыз кылуу үчүн ишканада атаандаштык артыкчылыктарын камсыз кылган белгилүү бир ички факторлордун комплекси болушу керек. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- атаандаштыкка жөндөмдүү товар;
- ишкананын каржылык-экономикалык абалы;
- натыйжалуу маркетинг тутуму;

- ишке ашыруу иш-чараларынын кирешелүүлүгү;
- ишкананын кадыр-баркы жана имиджи;
- сарамжалдуу уюштуруучулук жана экономикалык түзүм;
- натыйжалуу башкаруу.

Эгерде $K < 1$ болсо, анда каралуучу товар атаандаштык мүмкүнчүлүк боюнча үлгүгө багынат, ал эми $K > 1$ болсо, анда К=1 атаандаштык мүмкүнчүлүгүнүн барабардыгында артыкча болот. Эгерде анализдөө бир канча үлгүлөр боюнча жүргүзүлсө, тандалган группа боюнча продукциянын атаандаштык мүмкүнчүлүгүнүн интегралдык көрсөткүчү ар бир үлгү боюнча орточо өлчөмдөгү көрсөткүчтүн суммасы катары эсептелиши мүмкүн.

Каныккан эмес рынок шартында продукциянын атаандаштык мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлин анытоодо маркетингдик жолу сыпайы болуп эсептелет. Бирок бул жолду колдонуу менен, аны түзүүчүлөр башынан бери продукцияны сатып алуу, иштетүү же керектөөдө чыгымдар боюнча толук маалымат камтылган деп болжолдошкон. Чындыгында мындай маалымат эреже боюнча көп учурда толук эмес болуп саналат.

Продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун маркетингдик (комплекстүү) ыкмасын анализ кылуу менен Е. П. Голубков төмөнкүдөй жыйынтык кылган: продукциянын атаандаштык мүмкүнчүлүгүнүн сегменттен сегментке карай бир рынокто өзгүрүүсү мүмкүн, андыктан керектөөчүлөрдүн жогору баалоосу убакыт боюнча өзгөрүүсү мүмкүн, анда продукциянын атаандаштык мүмкүнчүлүгү бир сегменте убакыт боюнча өзгөрөт. Бирок баардык товарлар үчүн убакыт фактору- ар түрдүүчө болот. Бул фактор ар дайым товарды сактоо жана иштетүүнүн мөөнөтүнөн көз каранды эмес. Мисалы, колбаса азыктары боюнча артыкчылык кылуу автомобилге караганда кыска убакыттагы мүнөзгө ээ болушу милдеттүү эмес. [51].

Комплекстүү ыкма аралаш, топтук, интегралдык көрсөткүчтөрдү колдонууга негизделген. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин баалоо аны базалык же шилтеме берүүчү субъект (ишкана) менен салыштыруу жолу менен да жүргүзүлөт. Бул ыкманы колдонууда татаал же жалпылоочу көрсөткүч аныкталат, ал баалоо индикатору катары кызмат кылат. Ыкманын артыкчылыгы - натыйжаларды бир мааниде чечмелеп берүү. Бирок айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү ишкананын абалын бир мааниде баалоо анын бардык иш-аракеттеринин толук эмес мүнөздөмөсүнө алып келиши мүмкүн, бул албетте туура эмес чечимдерге алып келет.

Атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү баалоонун дифференциалдык жана комплекстик ыкмаларынан тышкары, «аралаш ыкма» дагы бар [88]. Бул дифференциалдык жана комплекстик ыкмалардын айкалышы. Атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун аралаш ыкмасында дифференциалдык ыкма менен эсептелген параметрлердин бөлүгү жана о.э. комплекстүү ыкма менен эсептелген параметрдин дагы бир бөлүгү колдонулат.

Бул ыкма жалпы колдонуулучу жана ар кандай адабияттарда кеңири кездешүүчү болуп саналат. Башынан бул ыкма XX-кылымдын 80-жылдарында чет өлкөлүк рыноктордо өнөр жайлык багыттагы ата-мекендик продукциянын атаандаштык мүмкүнчүлгүн баалоо үчүн иштелип чыгылган. Бирок бүгүнкү

күндө аны кеңири керектелүүчү товарлардын атаандаштык мүмкүнчүлүгүн баалоо үчүн колдонушат. Бирок ошону менен бирге керектөөчү-кеңири керектелүүчү товардын сатып алуучусу үчүн мындай продукциянын натыйжалуу өндүрүүчү үчүн анык эмес категория болуп эсептелет (өнөр жай багытындагы товардан алынган натыйжадан айырмаланып экономикалык так дана экономикалык көрсөткүчтөрдүн жардамында эсептөөгө мүмкүн эмес), бул товарды өндүрүү областындагы адистер-эксперттердин оюу боюнча методиканын модификаторлорун конкреттүү көрсөткүчтөр алмашат.

Ошону менен бирге тиешелүү адабияттарда эксперттик анализдин негизи катары маркетингдик изилдөөлөрдү жана керектөөчүлөрдү сурамжылоону колдонуу жөнүндө ой айтылбайт. Биздин көз караш боюнча жогоруда каралган ыкманын олуттуу кемчилиги бул- товардык керектөөчүлүк касиети жана алардын тизмеги керектөөчүлөрдүн оюн эске алуу менен аныкталышында жана өндүрүштүн жана тармактын өзгөчөлүгү эске алынбаганында. Мындан сырткары жогоруда көрсөтүлгөн эсептик мааниге кайрылсак, анда товардын мүнөздөмөлөрүн жакшыртуу анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн автоматтык түрдө жогорулатат, ал эми бул биздин көз караш боюнча дайыма туура эмес, себеби баардык эле кубулушту же объектини баалоодо ар түрдүү көрсөткүчтөрдүн бири бирине болгон көз карандылыгын аныктоочу комплекстүү жол зарыл болуп саналат.

В. Д. Шкардун, С. А. Стерхова, и С. Г. Светуньков ырыстагандай продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жалгыз туура көрсөткүчү бул-керектөөчүлөрдүн жогору баалоосу. Өз кезегинде керектөөчүлөрдүн жогору баалоосу ар түрдүү формата келип түшкөн тигил же бул маалыматтын таасири менен калыптанат. Бул маалымат продуктынын тандоосуна жана билүүсүнө кайра түзүлөт, тигил же бул бренддин шыктуулугуна алып келет. Ошондуктан керектөөчүнүн артыкчылыгынан тышкары продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө бренддин өнүгүү деңгээлине өзүнүн таасирин тийгизет да, бул фирманын товарына тиешелүү керектөөчүлөрдүн жагымдуу жайгашуусун калыптандырат. 1980-жылдарда иштелип чыккан базалык ыкмалардан тышкары,

адабияттарда продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун заманбап методикалары колдонулат. [37, 91, 138].

Биздин көз караш боюнча атаандаштык жөндөмдүүлүктү баалоонун негизиндеги кызыктуу методика болуп, пайдалуу натыйжа-объектинин кайтарымы, конкреттүү керектөөнү канаттандыруучу объектинин сапатынын жеке көрсөткүчтөрүнүн конкреттүү шартында колдонулган интегралдык көрсөткүч система катары эсептелет.

Бир параметрдик объектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн сандык баалоосун төмөнкү формула менен жүргүзүү сунушталат:

$$K_{а.о} = (E_{а.о} / E_{л.о}) k_1 \times k_2 \times k_3 \qquad (5)$$

Бул жерде $K_{а.о}$ - конкреттүү рынокто, бирдиктин үлүшүндө объектинин анализделген үлгүсүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү;

$E_{а.о}$ -конкреттуу рынокто объектинин анализделген үлгүсүнүн натыйжалуулугу, пайдалуу натыйжанын бирдиги/ акчалай бирдик;

$E_{л.о}$ -рынокто колдонулган атаандаштын мыкты үлгүсүнүн натыйжалуулугу;

$k_1, k_2, k_3$ - атаандаштык артыкчылыкты эске алуучу корректирленүүчү коэффициенттер.

Объектинин натыйжалуулугу төмөнкү формула менен эсептелет:

$$Е = П_с / З_с \qquad (6)$$

Бул жерде $П_с$ - конкреттүү рынок шартында объектинин нормативдик кызмат кылуу мөөнөтүндө пайдалуу натыйжасы, пайдалуу натыйжанын бирдиги;

$З_с$- конкреттүү рынок шартында объектинин жашоо циклиндеги жалпы чыгымдары, акчалай бирдиги.

Бул ыкманын жакшы жагы катары, бул жерде корректировкаланган коэффициенттердин киргизилишинде, бирок методиканын автору атаандаштык жөндөмдүүлүгүн пайдалуу натыйжа катары кароо менен, керектөөчүлөрдүн көз карашын, бренд көрсөткүчүн, өндүрүштүн өзгөчөлүгүн эске алган эмес. Бул методика өнөр жай багытындагы продукцияны баалоо үчүн гана керектүү болуп саналат.

**Аналитикалык жана божомолдоочу ыкмалар**. Аналитикалык жана божомолдоочу ыкмалар айлана-чөйрөнүн ар кандай факторлорун эске алууга жана ошол эле учурда рыноктун шарттарына, технологияларына жана продукцияларына ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк бергендиги менен мүнөздөлөт. Алар ошондой эле сатуунун деңгээлине, базар үлүшүнө жана башка негизделген ишкананы баалоо ыкмасын колдонууну камтыйт.

**Графикалык ыкмалар**. Дөңгөлөк диаграмма ыкмасын, гистограмма ыкмасын, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк коп бурчтугу жана башкаларды камтыган графикалык ыкмалар графикалык түрдө позицияны көрсөтө алат. [39]. Бул ыкманын кемчилиги сандык мүнөздөмөлөрдүн жоктугу, аларды колдонуу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Жогоруда келтирилген ыкмалардан тышкары, адистештирилген ыкмалар дагы бар, аларга аналитикалык ыкмалар кирет. Мындай ыкмаларга интегралдык көрсөткүчтү колдонуп, ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоого мүмкүндүк берген ыкмалар кирет. Алар базар үлүшүн колдонууга, рейтингдик баалоого, баалуулукка негизделген баалоого, ресурстарды пайдаланууга баа берүүгө негизделген. Бул ыкмалардын бардыгы белгилүү бир натыйжаны берет жана жашоого укуктуу.

**Бирдик индекстери** бир сапат мүнөздөмөсүнө (бир параметрге) жараша эсептелет. Алар, адатта, каралып жаткан продуктунун параметр маанисинин ошол мааниге карата катышы керектөөчү 100% канааттанган параметр (же аналогдук продукциянын параметринин маанисине) катары эсептелет. Бул учурда, атаандаштык жөндөмдүүлүктүн бирдик көрсөткүчүн эсептөө төмөнкү формула боюнча чыгарылышы мүмкүн:

$$g_i = (П_i / П_{in}) \times 100\% \qquad (1)$$

бул жерде, $g_i$- i-параметри боюнча атаандаштык жөндөмдүүлүктөн сейрек учуроочу параметрдик көрсөткүчү;

$П_i$— анализделүүчү продукция үчүн i-параметри боюнча өлчөмү;

$П_{in}$- керектөө толугу менен канаттана турган i-параметринин өлчөмү.

Жалпыланган индекстер бир катар параметрлер боюнча аныкталат:

$$И_n = \Sigma a_i \times И_{ni} \quad (2)$$

бул жерде, $a_i$-i-параметринин салыштырма салмагы (эксперт аныктайт);
$И_{ni}$- i-параметринин бирдиктик параметрдик көрсөткүчү.

**Матрица ыкмасы** - бул ыкманы колдонууда, продукциялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү динамикада каралат. Продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо критерийи катары, атаандаштык жөндөмдүүлүк көрсөткүчүн таблицалык маани менен салыштырганда колдонулат.

**SWOT анализ** - бул ыкма ишкананын ички чөйрөсүнүн күчтүү жана алсыз жактарын, потенциалын, сырткы чөйрөнүн потенциалдык коркунучтарын анализдөөгө мүмкүндүк берет жана анализдин негизинде ишкананы өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин аныктайт.

Жогоруда айтылгандардан тышкары, төмөнкү атаандаштык жөндөмдүүлүккө баа берүү ыкмаларын белгилеп кетсек болот:

- горизонталдык анализ, же тенденцияларды анализдөө - анда көрсөткүчтөр башка мезгилдерге салыштырылат;
- вертикалдык анализ - анда көрсөткүчтөрдүн түзүмү деталдаштыруунун төмөнкү деңгээлге акырындык менен түшүү жолу менен текшерилет;
- факторлук анализ – продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жалпы экономикалык көрсөткүчтөргө айрым элементтеринин таасирин талдоо;
- салыштырмалуу анализдөө - изилденген көрсөткүчтөрдү окшош тармактык көрсөткүчтөр менен же атаандаштардын окшош көрсөткүчтөрү менен салыштыруу.

Эгерде биз ишканалардын атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүн баалоого ушундай эле жол менен барсак, демек, авторлордун айтымында, бир ишкананын экинчисине карата күчтүү жана алсыз жактарын көрө алса болот.

Атаандаштык жөндөмдүүлүктү баалоо методикасынын классификациясы ишканаларга, алардын ичиндеги маалыматтарды эске алуу менен, ушул ыкмалардын арасынан тандоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ишканалар иштеген чөйрө татаал жана атаандаштыкка жөндөмдүү, ошондуктан аны баалоо үчүн бир гана ыкманы колдонуу максатка ылайыктуу эмес. Тагыраак жана калыс

баа алуу үчүн колдонуудагы ыкмаларды айкалыштыруу керек. Аналитикалык жана графикалык ыкмалардын элементтеринин айкалышы жана алардын ар биринин артыкчылыктары менен кемчиликтерин эске алуу менен, ишкананын атаандаштык мейкиндигиндеги чыныгы ордун ачып көрсөтөт.

Көпчүлүк ыкмаларды анализдөө көрсөткөндөй, алар ишкананын (чарбалык субъектинин) атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктоочу көрсөткүчтөрдү аныктоого негизделген. Мүмкүн болушунча ар кандай көрсөткүчтөрдү колдонууга басым жасалат. Бирок, сандык көрсөткүчтөр гана чечүүчү боло албайт, анткени тигил же бул ишкана иштеген рыноктогу абалына жараша, учурда айрым көрсөткүчтөр үстөмдүк кылышы мүмкүн, ал эми башка рынокто башка көрсөткүчтөр аныкташы мүмкүн. Көрсөткүчтөрдүн чоң тизмеси, канчалык кеңири болбосун, толук бойдон калбайт, ал эми көрсөткүчтөрдүн саны аз болсо, анда жана кичине көрсөткүчтөргө таянсак ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн сандык баалоо толук эмес болуп калат. Мунун бардыгы ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн баалоо методикасын аныктоо процесси татаал, бирок маанилүү экендигин тастыктайт.

Д.Воронов белгилегендей, «атаандаштыкка жөндөмдүү факторлордун толук тизмесин биринчи орунга коюу менен, изилдөөчүлөр туюкка кептелишет, анткени мындай тизме негизинен мүмкүн эмес» [45].

Биздин оюбузча, ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо көрсөткүчтөрүнүн тутумун тандоодо негизги көңүлдү камсыз кылган туруктуу мамилелерди аныктоого жана орнотууга буруу керек, ал эми келечекте атаандаштык артыкчылыктарын калыптандыруунун булагы болуп кызмат кыла алат. Ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жогорку деңгээли ийгиликти камсыз кылуучу зарыл элемент экендиги мурда белгиленген. Себеби, ал ар дайым ар кандай стадияларында турган рынок шартында иштейт жана ошондуктан ар кандай баскычтарда атаандаштык жөндөмдүүлүктү аныктоочу факторлор ар башка болот.

Г.Прахованын айтымында, атаандаштык жөндөмдүүлүк факторлорун өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын изилдөө, аларга атаандаштык

артыкчылыктарын берген алдыңкы ишканалардын негизги мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөр экендигин көрсөтөт: өзүнүн рыноктук чөйрөсүнүн болушу; жогорку сапатты көзөмөлдөө жана сактоо; инновациялар; өнөктөштүк; иш-аракеттердин ылдамдыгы, өзгөрүлүп жаткан базар шарттарына мобилдүүлүк; персоналдын квалификациясы; эл аралык ишмердүүлүк; ишканалардын чакан көлөмү [111].

Эгерде Г.Прахованын пикири менен макул болсок, анда ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо көп факторлук көрсөткүчтөрдүн негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн жана анын абалын факторлордун параметрлерин мүнөздөөчү белгилүү критерийлер боюнча алдыңкы ишканалар менен салыштыруунун негизинде аныктоого болот. Мындан улам, критерийлердин жыйындысын колдонуу менен ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун артыкчылыктуу параметрлерин аныктоого болот

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун көрсөткүчтөрүнүн топторун аныктоо үчүн И.Метелев сунуштаган топтоштуруу алынды [100]. Ал өзүнүн топтошуусуна төрт топтук көрсөткүчтү камтыйт. Биз изилденип жаткан аймактын өзгөчөлүгүнө жана абалына таянып, бул тизмени дагы үч топ менен толуктайбыз. Жыйынтыгында жети топтук көрсөткүчтөр алынат, алардын жардамы менен ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү бааланат.

а) Ишкананын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу:

1. Продукциянын бирдигине өндүрүш чыгымдары, сом;
2. Пайда, миң сом.
3. Продукциянын кирешелүүлүгү, %;
4. Эмгек өндүрүмдүүлүгү, сом / адам;

Берилген критерийлердин же көрсөткүчтөрдүн тобунун жардамы менен продукцияны өндүрүүдө чыгымдардын натыйжалуулугу бааланат, негизги каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугу, ишкананын пайдасы жана пайданын деңгээли мүнөздөлөт, өндүрүштү уюштуруунун жана эмгекти пайдалануунун натыйжалуулугу аныкталат.

б) Ишкананын финансылык чөйрөсүнүн абалы:

1. Автономия коэффициенти;

2. Төлөө жөндөмдүүлүк коэффициенти;

3. Абсолюттук ликвиддүүлүктүн катышы;

4. Айланма каражаттарынын жүгүртүү коэффициенти.

Ишкананын финансылык абалы ишкананын карызга алынган булактардан көзкарандысыздыгын, ишкананын өзүнүн финансылык милдеттенмелерин аткарууга жана зыянга учуроодон кутулуу мүмкүнчүлүгүн белгилеген критерийлердин тизмеси менен мүнөздөлөт, учурдагы милдеттенмелерди жабуунун булагы болгон акча каражаттарынын сапаттык курамын чагылдырат жана айланма капиталын пайдалануунун натыйжалуулугун аныктайт.

в) Товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатууну жана илгерилетүүнү уюштуруунун натыйжалуулугу (маркетинг ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу):

1. Сатуунун рентабелдүүлүгү, %;

2. Даяр продукцияны ашыкча камдоо коэффициенти;

3. Өндүрүш кубаттуулугун пайдалануу коэффициенти;

4.Жарнактын жана сатууну илгерилетүүнүн натыйжалуулугунун коэффициенти.

Товарларды рынокко натыйжалуу илгерилетүүнү уюштуруу жана анын жаңы сегменттерин багындыруу үчүн ар бир ишкана, чарба жүргүзүүчү субъект маркетинг кызматына ээ болушу керек. Маркетинг кызматынын ишмердүүлүгүнүн ийгилиги ишкананын кирешелүүлүгүнүн деңгээли, товарларга бааны белгилөөнүн ишенимдүүлүгү жана тууралыгы, даяр продукцияны ашыкча толтуруунун абалы, ишкананын ишкердик ишинин түзүмү жана сатуу кызматынын натыйжалуулугу, жарнаманы колдонуудан экономикалык кайтарымдуулук жана сатууну стимулдаштыруу менен мүнөздөлөт.

г) Нарк жана сапаттын катыштыгы (продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгү):

1. Товардын сапаты;

2. Товарлардын баасы.

Рынок мамилелеринин маанилүү атрибуту бул баа менен сапаттын ортосунда түзүлгөн катыштык. Товардын сапаты анын максатына ылайык муктаждыктарды канааттандыруу жөндөмүн мүнөздөйт, ал айрым параметрлер боюнча атаандаштардын аналогдорунан ашып түшүшү керек. Баалар керектөөчүлөр товарды баалаган эң маанилүү көрсөткүч болуп саналат; ал товардын жеткиликтүүлүгүн же жеткиликсиздигин мүнөздөйт. Мазмуну боюнча продукциялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылган факторлорго төмөнкүлөр кирет: сапат, товардык белги, баа, таңгактоо, жарнама жана маркетинг ишмердүүлүгү.

И.Метелев сунуш кылган ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн баалоо боюнча көрсөткүчтөрдүн тобу төмөнкүдөй топтор менен толукталат:

а) Материалдык-техникалык базанын абалы:

1. Негизги каражаттардын орточо наркы, миң сом;

2. Фонд кайтарымдуулугу, сом;

3.Негизги каражаттардын эскирүү коэффициенти, %;

4. Фондкамсыздуулугу, сом.

Материалдык-техникалык база - бул жабдуулардын, унаа каражаттарынын, аянттардын жана башка материалдык ресурстардын жыйындысы. Бул элементтердин болушу ишкананын иштешинин зарыл шарты болуп саналат. Алар ошондой эле өндүрүш процессин уюштуруу үчүн керек, анын натыйжалуулугу ушул базанын абалынан көз каранды, ал өз кезегинде көптөгөн факторлордун таасири астында болот.

б) Инновациялык жана инвестициялык потенциал:

1. Активдердин жалпы наркындагы материалдык эмес активдердин үлүшү;

2. Илимий-изилдөө иштерине кеткен чыгымдардын үлүшү;

3. Өндүрүштүн жалпы көлөмүндө продукциянын жаңы түрлөрүнүн наркынын үлүшү;

4. Негизги капиталга капиталдык салымдардын негизги фонддордун жылдык орточо наркындагы үлүшү;

5. Таза инвестициялардын ар бир сомунан алынган капиталдын пайдасы;

6. Инвестициянын рентабелдүүлүгү;

Рыноктун шарттары товардын сапатына чоң талаптарды коет. Товардын гана эмес, бүткүл ишкананын сапаттык параметрлерин өркүндөтүү ишкананын бардык тармактарында инновацияларды колдонуу менен гана мүмкүн болот. Инновацияларды колдонуунун натыйжалуулугу материалдык эмес активдердин активдердин жалпы наркындагы наркы, илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге кеткен чыгымдардын өлчөмү, чыгарылган продукциянын жалпы көлөмүндөгү продукциянын жаңы түрлөрүнүн наркы менен аныкталат.

Ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маанилүү критерийи - бул инвестициялык процессти уюштуруу жөндөмү. Ишкананын инвестициялык капиталынын абалы негизги капиталды толтурууга бөлүнгөн капиталдык салымдардын көлөмү менен аныкталат, инвестициялардын натыйжалуулугу инвестициялардын ар бир сомдон алынган пайда менен аныкталат.

в) Башкаруу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу:

1. Максатка жетүү даражасы;

2. Ишкананын тышкы чөйрөдөгү абалын жакшыртуу даражасы;

3. Компаниянын продукциясынын рыноктогу үлүшү.

Башкаруу ишинин натыйжалуулугу, биринчи кезекте, пландаштырылган көрсөткүчтөргө жетишүү, эң башкысы, коюлган стратегиялык максаттар менен мүнөздөлөт. Ишмердүүлүктүн натыйжаларын ар кандай көрсөткүчтөр боюнча баалоого болот.

Ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун сунуш кылынган ыкмасы эт продукцияларын өндүргөн ишканасынын экономикалык ишинин бардык маанилүү көрсөткүчтөрүн камтыйт, айрым көрсөткүчтөрдүн кайталанышын жокко чыгарат, ишкананын тармактык рыноктогу абалын тез жана объективдүү чагылдырууга мүмкүндүк берет

Бул ыкманын өзгөчөлүгү көрсөткүчтөрдүн топторун айырмалоого болот, мындай өзгөрүүэмненин талданып жаткандыгына, кайсы тармактын, кайсы

базардын, кайсы ишкананын же ишканалардын тобунун жана кайсы тармактын болушуна байланыштуу экендигин баса белгилейбиз.

Ушул талдоонун негизинде ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана атаандаштык артыкчылыктарын түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталат. Мындай иш мыкты уюштурулган ишканалар эң атаандаштыкка туруштук бере алышат.

Анализ жүргүзүү учурунда ар кандай ыкмалар колдонулат, анын ичинде ишкананын ар кандай аспектилерине ар тараптуу баа бере турган эксперттерди тартуу менен жүргүзүлөт. Ыкманын артыкчылыгы - ишкананын ага (ишканага) атаандаштык бойдон калуусуна же анын деңгээлин көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берген атаандаштык артыкчылыктарын түзүү же калыптандыруу үчүн колдоно турган бардык ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу.

Атаандаштык рыногунун мүнөздүк өзгөчөлүгү катары ага кирген айыл чарба продукциясынын рыногу менен бирге бул рынокто көптөгөн фирмалардын иштөөсүн байкасак болот, алардын ар бири рыноктун чоң эмес үлүшүнө ээ жана алардын бири да учурдагы баанын деңгээлине дароо таасирин тийгизе алышпайт.

«Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү» категориясын изилдөөнүн негизинде айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү ички жана сырткы чөйрөнүн негизги факторлору көрсөтүлдү. Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн ички фактору катары продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгү эсептелет. (1.6-сүрөт).

Изилдөөгө ылайык айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн төмөнкү аныктамасы сунушталат: «айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү» - бул керектөөчүлүк касиеттердин жыйындысы, о.э. атаандаштын продукциясынан өзгөчөлөнүүсүн белгилөө менен продукцияны тиешелүү деңгээлдеги каржылык жыйынтыктар менен сатууга мүмкүн болгон сапаттык жана нарктык мүнөздөмөлөр».




**1.6 – сүрөт - Айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү факторлор**
*Булак: жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн*

Агро-өнөр жай чөйрөсүнүн айыл чарба продукцияларын өндүрүү үчүн продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн факторлорун табуу зарыл жана бул катышты максаттуу рыноктогу керектөөчүлөрдүн тиешелүү тайпасына буруш керек. Аларды комплекстүү колдонуу айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүктөгү продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуу өнүгүүсүн камсыз кылат.

Айыл чарба продукциясын өндүрүү тармагынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маңызын жана келип чыгуусун таануу анын деңгээлин

калыптандыруучу шарттары жана факторлорун ар тараптан изилдөө жана системалаштырууну жөндөйт. Анын негизинде айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн факторлорунун көп түрдүүлүгүн төрт тайпага бириктирүүнү сунуш кылабыз:- экономикалык, технологиялык, социалдык жана экологиялык (1.7-сүрөт).




**1.7 - сүрөт- Айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн факторлору**

*Булак: жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн*

Жогоруда келтирилген тизме толук бүткөн болуп эсептелбейт, себеби өзүнчө ишкананын атаандыштык жөндөмдүүлүгүн кароо менен конкреттүү ишкананын иштешинин сырткы жана ички факторлорун эске алуу туура деп эсептейбиз.

Кыргызстандын айыл чарба продукциялар рыногу дүйнөлүк азык-түлүк рыногуна интеграциялана баштады. Айыл чарба продукциялары рыногундагы дүйнөлүк тенденциялар жана дайыма болуучу динамикасынын процесстери айыл чарба подукцияларынын ата мекендик рыногунун абалына өзүнүн өзгөчө таасирин тийгизип келе жатат.

**1-бап боюнча жыйынтыктар:**

1. Атаандаштык рынок экономикасынын татаал жана көп кырдуу категориясы болуу менен аны жөнгө салууну жана өнүктүрүүнү камсыз кылууга катышат, анын иштөө тутумунун негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Атаандаштык көпчүлүк учурда анын кыймылдаткыч күчтөрүнөн көз каранды.

Атаандаштык жөндөмдүүлүккө байланыштуу маселелерди изилдөөдө объект менен субъекттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн айырмалоо керек. Атаандаштык жөндөмдүүлүк көп аспекттүү түшүнүк катары ар тараптуу изилденип, белгилениши мүмкүн, алар чечиле турган милдеттерден жана пландаштырылган максаттардан көз каранды. Келтирилген ар бир деңгээлдин өзгөчөлүктөрүн карап чыгып, товардын же продукциянын, ишкананын, тармактын, аймактын жана өлкөнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү катары болуп караса болот.

2. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү көп аспекттүү түшүнүк болуп саналуу менен, рынок шартына өзүнүн сапаттык, техникалык, экономикалык жана эстетикалык мүнөздөмөлөрү менен гана керектөөчүлөрдүн конкреттүү талаптарына туура келбестен, ошондой эле аны сатуудагы коммерциялык ж.б. шарттары менен дал келүүсүн билдирет.

Аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумунда интегралдык түзүмдүн- вертикалдык интеграцияланган түзүмдөрдүн ролу чоң. Ош облусунун эт продукцияларынын мисалында кооперативдик кыймылдын жана анын өнүгүшүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кыскача анализдөө менен кооперативди түзүүгө, экономикалык жыйынтыкты алууга резервдердин бар экендигин көрсөттү.

2. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо татаал жана комплекстүү болуп саналат, себеби атаандаштык жөндөмдүүлүгү көптөгөн ар түрдүү факторлордон куралат. Бүгүнкү күндө баалоону жүргүзүүнүн методикасы жана методологиясы толук кандуу иштелип чыккан эмес жана аны баалоонун жолдорунун көптүгүн шарттайт. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн мүмкүн болсо, ишкананын ишмердүүлүгүнүн багыттары жана баардык критерийлери боюнча комплекстүү баалаш керек.

Айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө ички жана сырткы факторлор таасир этет. Анын негизинде айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн факторлорунун көп түрдүүлүгүн төрт тайпага бириктирсек болот: экономикалык, технологиялык, социалдык жана экологиялык факторлор. Факторлор атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына жана төмөндөөсүнө таасир этүүсү мүмкүн жана атаандаштык мүмкүнчүлүктүн резервдерин колдонуу каражатын жана жөндөмүн аныктайт.

# 2-БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНДА АЙЫЛ-ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫН ӨНДҮРҮҮ ЖАНА САТУУНУ АНАЛИЗДӨӨ ЖАНА БААЛОО

(ЭТ ЖАНА ЭТ АЗЫКТАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

## 2.1. Ош облусунда айыл чарба продукцияларын өндүрүү деңгээлин анализдөө жана баалоо

**Изилдөөнүн предмети** – КРнын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана өнүктүрүү багыттары.

**Изилдөөнүн объектиси –** КРнын Ош облусунун айыл-чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери** катары чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын айыл чарбасындагы атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатууга арналган окуу-методикалык жана илимий

эмгектери; маалыматтык, эмпирикалык жана укуктук-нормативдик негиздери болуп КРнын мыйзамдык жана нормативдик актылары жана КРнын Министрлер кабинетинин токтомдору, КРУСКнын, Экономика жана Айыл чарба министрликтеринин маалыматтары, ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий жана мезгилдүү басылмаларда, интернет булактарында жарыяланган материалдар эсептелди.

**Изилдөөнүн методдору** – изилдөөдө жалпы экономикалык-статистикалык, математикалык моделдөө, монографиялык, салыштыруу, жалпылоо ыкмалары колдонулду.

Ош облусунун айыл чарбасы аймактын экономикасынын алдыңкы тармагы болуп саналат. Облустта жашылча-жемиш, картошка өстүрүү, ошондой эле айыл чарба жаныбарларын өстүрүү, эт жана сүт азыктарын өндүрүү үчүн ыңгайлуу табигый-климаттык шарттар бар.

Бул тармакты айыл чарба уюмдары, дыйкан (фермер) чарбалары, үй чарбалары жана жеке ишкерлер түзүшөт.

Ош облусундагы дүң продукциянын үлүшүндө айыл чарбасынын орду чоң, о.э. тамак-аш жана кайра иштетүү секторуна чийки заттарды жөнөтүүчү, өлкөбүздүн жана жергиликтүү бюджеттердин салык боюнча кирешелерин толтурууда булактарынан болуп саналат.

Айыл чарбасы Ош облусунун аймактык дүн продуктынын түзүмүндө 55,5%дан көбүрөөк (республика боюнча бул көрсөткүч орточо 20,0%дан ашпайт). Айыл чарбасынын тармактык түзүмүндө негизги болуп мал чарбачылыгы саналат жана анын үлүшү 2023-жылы облусттун айыл чарба продукциясынын дүн чыгаруунун көлөмүндө 51,5%ды түздү (37476,7 млн. сом.), ал эми өсүмдүк өстүрүүчүлүгүндө 48,5% (35324,2 млн. сом.) продукция өндүрүлдү [88].

2024-жылдын 1-январына карата Ош облусунда 17 мамлекетик чарба, 63 коллективдик чарбалар, 13548 дыйкан (фермердик) чарбалар өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. 2.1.таблица.

**2.1-таблица- 2019-2023 ж.ж. Ош облусунун айыл чарба субъектилеринин санынын өсүшүнүн динамикасы. [85;121]**

| Чарбанын категориялары | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2023-ж 2019-ж. карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Баары, анын ичинен: | 125211 | 127 955 | 128849 | 133969 | 13628 | 108,8 |
| Мамлекеттик чарбалар | 10 | 11 | 15 | 18 | 17 | 170 |
| Коллективдик чарбалар (ККХ, СПК) | 31 | 47 | 63 | 95 | 63 | 203,2 |
| Дыйкан (фермердик) чарбалар | 125170 | 127897 | 128771 | 133856 | 13548 | 108,2 |

2.1 - таблицада көрүнүп тургандай, Ош облусундагы чарбалык субъекттердин саны 5 жыл ичинде 8,8 %га өстү, а.и. мамлекеттик чарбалардын саны 70 %га, коллективдик чарбалардын саны 2 эсеге өстү, ал эми Д(Ф)Чнын саны 8,2 %га көп болгон.

Ош облусунун айыл чарбасындагы түзүмдүк өзгөрүүлөр агрардык продукцияларды дүң өндүрүү көлөмү жана темпи менен байланышы бар. 2.2 - таблица.

**2.2 -таблица – 2019-2023-ж.ж. карата Ош облусунун айыл-чарбасынын дүн продукциясынын наркы, млн.сом [121]**

| Көрсөткүчтөр | Өлчөө бирдиги | 2019-ж. | 2023-ж. | 2023-. 2019ж. карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| Айыл-чарбасынын дүн продукциясынын наркы **(учурдагы баа менен), анын ичинде** | млн. сом. | 41 175,8 | 72 800,9 | 176,8 |
| Өсүмдүк өстүрүүчүлүк | млн. сом | 18 849,9 | 35 324,2 | 187,4 |
| Мал чарбачылыгы | млн. сом. | 22 325,9 | 37 476,7 | 167,8 |

2.2-таблицада көрүнүп тургандай, дүн продукциянын наркы (учурдагы баа менен), талдоо жүргүзүлгөн мезгилде 76,8 %га өскөн, а.и. дыйканчылык 87,4 %га, мал чарбачылык 67,8 %га өскөн.

Изилдеп жаткан Ош облусунун райондорундагы айыл чарбасынын абалы анализдесек, Кара-Суу району алынкы позицияны ээлейт, жалпы облустта өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын 34%ын түздү.

Ош облусунда талдоо жүргүзүлгөн мезгилде натуралдык көрсөткүч боюнча карасак, айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн көпчүлүгүндө өсүш болгон. 2.3 - таблица.

**2.3 - таблица 2019-2023-ж.ж. карата Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын өндүрүү, миң тонна. [85, 121]**

| Продукциялар | 2019-ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. | 2023-ж. 2019-ж. карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан (иштетилген кийинки салмакта) | 297,3 | 308,8 | 306,9 | 327,8 | 333,4 | 112,1 |
| Пахта сырьесу | 34,9 | 31,0 | 28,6 | 33,4 | 29,3 | 83,9 |
| Тамеки | 0,9 | 0,6 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 111,1 |
| Картошка | 206,2 | 204,9 | 207,4 | 206,6 | 211,4 | 102,5 |
| Жашылча | 175,9 | 173,5 | 179,1 | 186,4 | 198,2 | 112,7 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 54,7 | 54,4 | 51,2 | 49,2 | 49,4 | 90,3 |
| Май өсүмдүктөрү | 4,8 | 3,7 | 3,0 | 2,6 | 2,1 | 43,7 |
| Мөмө жана жемиш | 54,3 | 55,1 | 56,4 | 57,5 | 59,6 | 109,7 |
| Эт ) союлуучу салмакта) | 44,3 | 46,9 | 47,2 | 50,1 | 50,4 | 113,7 |
| Чийки сүт | 321,7 | 328,1 | 335,0 | 340,3 | 347,7 | 108,1 |
| Жүн | 2  298,6 | 2 307,0 | 2 276,6 | 2 263,6 | 2 220,4 | 96,6 |
| Жумуртка, млн. даана | 58,5 | 61,7 | 64,2 | 65,5 | 68,7 | 117,4 |

2.3-таблицадан көрүнүп тургандай жумуртка өндүрүү –17,4%га, эт-13,7%га, жашылчалар-12,7%га, дан- 12,1%га, тамеки- 11,1%га, мөмө жана жемиш-9,7%га, чийки сүт-8,1%га, картошка-2,5%га өстү.

Ал май өсүмдүктөрү 56,3%га, пахта сырьесу 16,1%га, бакча өсүмдүктөрү 9,7%га, жүн өндүрүү 3,4%ке кыскарып, бул рыноктун коньюнктурасы жана өлкөбүздө аз көлөмдө өстүрүлгөндүгү жана импорттук көз карандылык менен байланышкан.

Реформанын алгачкы жылдарында айыл чарба өндүрүшүнүн бир аз төмөндөшүнө карабастан, бул тармактар 1997-жылдан бери өндүрүштүн көлөмүн туруктуу көбөйтүп, тармактагы кризисти акырындык менен жеңип жатышат. Буга активдүү структуралык өзгөрүүлөр, жерлерди бөлүштүрүү, инвестицияларды жана насыяларды тартуу, айыл жериндеги базар институттарын ар тараптуу колдоо жардам берет. Дыйканчылыктын жана мал чарбасынын продуктыларын өстүрүүнүн негизги себептеринин бири структуралык өзгөрүүлөр жана өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн жогорулашы болду.

Ош облусунун айыл чарбасындагы мындай өзгөрүүлөр өнүгүп келе жаткан рынок мамилелери жана рынок шарттары менен түшүндүрүлөт. Айыл-чарба продукцияларын интенсивдүү өнүктүрүү региондогу ички азык-түлүк рыногун толтуруу зарылдыгына байланыштуу.

Пахтачылыктын өнүгүшү, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө жашылча өсүмдүктөрүнө болгон суроо-талаптын өсүшү, аларды өндүрүүгө кеткен чыгымдардын салыштырмалуу төмөндүгү, маркетинг жана сатуу каналдары жакшы жолго коюлушу бул өсүмдүктөрдү өстүрүүнү атаандаштыкка жөндөмдүү кылат. Өлкөнүн пахта өстүрүүчү зонасында мал чарбасынын өнүгүшү мал чарба продуктыларын (айрыкча сүт, эт) өндүрүү жана кайра иштетүү үчүн ыңгайлуу шарттарга байланыштуу.

Бүгүнкү күндө Ош облусунда мамлекет тарабынан айыл-чарба субъекттерине колдоо көрсөтүү, агрардык продукцияларды уюшулган түрдө сатуу, өзгөчө сырткы рынокторго чыгаруу маселелери, тийиштүү деңгээлде эмес. Булардын кесепетинен чарбалык субъекттер чаржайып, б.а. системдик түрдө эмес өндүрүлгөн продукцияларын сатып келүүдө.

Кыргызстан-тоолуу өлкө болуп, анын аймагынын 94%тин тоолор ээлейт жана 71%ти деңиз денгээлинен 2000 метр бийиктикте жайгашкан, 67% калк айыл жеринде жашайт. Жалпы айыл чарба жерлеринин 83% же 9,6 млн.гектар жер табигый тоолуу жайлоолор ээлейт жана аларда чөптүн бай түрлөрү бар.

Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн талдаш үчүн биз конкреттүү бир түрүн- эт өндүрүшүн алабыз, себеби Ош облусунда келечекте бул өндүрүштүн потенциалы жогору. Талдоону жүргүзүү үчүн алгач чарбалардын бардык категориялары боюнча мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн саны менен баштайбыз.

Кыргыз Республикасында экономикалык реформалоонун натыйжасында мал жана канаттулардын саны аябай кыскарган [25].

Кыргыз Республикасы жана анын аймактары боюнча чарбалардын бардык категориялары боюнча мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн саны 2.4 - таблицада берилген.

**2.4-таблица - Кыргыз Республикасынын аймактарында чарбалардын бардык категориялары боюнча мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн саны, миң баш.**

| | **2019-ж** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** | **2023-ж.** | **2023-ж. 2019-.карата, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Ири мүйүздүү малдар*** | 1680,7 | 1715,8 | 1750,5 | 1783,5 | 1802,3 | 107,2 |
| Баткен облусу | 151,4 | 153,4 | 154,0 | 144,8 | 144,2 | 95,2 |
| Жалал-Абад облусу | 342,4 | 351,2 | 361,5 | 371,7 | 375,2 | 109,6 |
| Ыссык-Көл облусу | 248,8 | 255,7 | 260,4 | 272,6 | 277,7 | 111,6 |
| Нарын облусу | 182,2 | 187,2 | 199,8 | 207,0 | 210,7 | 115,6 |
| Ош облусу | 374,6 | 383,2 | 389,3 | 397,3 | 404,1 | 107,8 |
| Талас облусу | 68,7 | 66,9 | 68,3 | 69,1 | 69,4 | 101,0 |
| Чүй облусу | 299,9 | 305,8 | 309,4 | 314,2 | 314,4 | 104,8 |
| Бишкек шаары | 0,5 | 0,5 | 0,5 | 0,4 | 0,3 | 60,0 |
| Ош шаары | 11,4 | 11,2 | 6,7 | 5,7 | 5,8 | 50,8 |
| ***Койлор жана эчкилер*** | 6 266,7 | 6 278,7 | 6278,1 | 6201,0 | 6216,1 | 99,2 |
| Баткен облусу | 511,9 | 497,3 | 483,0 | 415,7 | 411,6 | 80,4 |
| Жалал-Абад облусу | 1333,5 | 1344,5 | 1364,5 | 1374,1 | 1382,1 | 103,6 |
| Ыссык-Көл облусу | 931,2 | 934,2 | 918,1 | 917,6 | 922,9 | 99,1 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Нарын облусу | 1088,8 | 1101,1 | 1116,9 | 1127,9 | 1128,0 | 103,6 |
| Ош облусу | 1154,5 | 1148,3 | 1153,1 | 1121,4 | 1111,5 | 96,3 |
| Талас облусу | 556,8 | 559,4 | 563,9 | 565,1 | 566,9 | 101,8 |
| Чүй облусу | 663,1 | 670,3 | 659,2 | 660,0 | 675,2 | 101,8 |
| Бишкек шаары | 2,1 | 1,7 | 1,8 | 1,7 | 1,7 | 80,9 |
| Ош шаары | 24,5 | 21,7 | 17,3 | 17,2 | 16,0 | 65,3 |
| ***Жылкылар*** | 522,6 | 539,6 | 547,3 | 534,0 | 542,5 | 103,8 |
| Баткен облусу | 7,9 | 7,9 | 7,1 | 6,8 | 6,9 | 87,3 |
| Жалал-Абад облусу | 76,7 | 84,2 | 88,1 | 86,6 | 88,3 | 115,1 |
| Ыссык-Көл облусу | 108,6 | 109,2 | 107,8 | 94,3 | 96,4 | 88,7 |
| Нарын облусу | 127,4 | 131,6 | 137,8 | 142,5 | 144,7 | 113,6 |
| Ош облусу | 98,9 | 100,6 | 101,5 | 98,6 | 99,5 | 100,6 |
| Талас облусу | 27,3 | 28,1 | 28,5 | 28,6 | 28,7 | 105,1 |
| Чуй облусу | 74,5 | 76,6 | 75,6 | 75,9 | 77,4 | 103,8 |
| Бишкек шаары | 0,3 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 66,7 |
| Ош шаары | 0,9 | 0,9 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 44,4 |
| **Үй канаттуулары** | 6211,8 | 6070,4 | 5924,7 | 6368,7 | 6989,0 | 112,5 |
| Баткен облусу | 287,0 | 295,2 | 304,6 | 265,1 | 313,2 | 109,1 |
| Жалал-Абад облусу | 1131,8 | 1133,4 | 1171,7 | 1188,7 | 1203,7 | 106,3 |
| Ыссык-Көл облусу | 800,5 | 658,7 | 657,9 | 624,7 | 660,5 | 82,5 |
| Нарын облусу | 206,9 | 207,1 | 210,8 | 213,1 | 213,4 | 103,1 |
| Ош облусу | 966,4 | 985,6 | 1000,2 | 1038,0 | 1077,9 | 111,5 |
| Талас облусу | 259,3 | 260,1 | 260,9 | 261,8 | 262,2 | 101,1 |
| Чүй облусу | 2 492,9 | 2456,6 | 2265,5 | 2724,2 | 3211,3 | 128,8 |
| Бишкек шаары | 15,6 | 11,7 | 14,0 | 12,4 | 11,2 | 71,8 |
| Ош шаары | 49,9 | 60,3 | 37,4 | 37,5 | 33,0 | 66,1 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2019-2023ж.ж.ж.- Бишкек: КРУСК, 2024, 360 б.*

2.4-таблицадан анализ кылсак, ири мүйүздүү малдардын саны жалпы республика боюнча 2023-жылы 1802,3мин башты түзүп, 2019-жылга караганда

7,2%га өскөн. Ири мүйүздүү малдардын саны Ош облусунда 404,1мин башты түзүп, салыштырмалуу салмагы 22,4%га ээ болду, өсүү темпи 7,8%ды түздү. Ал эми койлор жана эчкилердин саны жалпы республика боюнча 2023-жылы 6216,1мин башты түзүп, 2029-жылга караганда 0,8 %га төмөндөгөн. Жалал-Абад облусу алдыңкы позицияны ээлеп (1382,1мин баш), үлүшү 22,2%га ээ болду. Ош облусу 1111,5мин башты түзүп, 17,9%га ээ болду. Жылкыларды анализдесек, республика боюнча анализделген мөөнөттө 542,5мин башты түзүп, Нарын облусу 26,7% үлүшко ээ болуп, алдыңкы позицияда болду, Ош облусу (18,3%) үй канаттуулары боюнча жалпы 6989,0мин башты түзүп, алдынкы орунду Чүй облусу 3211,3мин башты түзүп, 46%га ээ болду. Негизинен Чүй облусунда алдынкы тоок фермалары жайгашып, өлкөбүз боюнча жумурткалар менен камсыз кылууда алгылуукту иштер жүргүзүүлүдө.

Республика боюнча натуралдык көрсөткүч түрүндө мал чарба продукциясын өндүрүүнүн динамикасы эт (союлган салмакта) 11,6%га, чийки сүт 9,2%га, жумуртка 22,2%га, бал 45,8%га өссө, ал эми жүн 0,2%га төмөндөгөн. 2.5 – таблица.

**2.5-таблица- Кыргыз Республикасы жана аймактар боюнча мал чарба продукциясын өндүрүүнүн динамикасы, миң тонна.**

| Продукция | 2019-ж | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2023-ж. 2019-ж..карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Эт (союлган салмакта), миң тонна** | **226,2** | **230,4** | **235,0** | **248,3** | **252,5** | **111,6** |
| Баткен облусу | 17,0 | 17,6 | 17,0 | 17,3 | 17,1 | 100,6 |
| Жалал-Абад облусу | 35,3 | 38 | 38,4 | 40,8 | 41,5 | 117,6 |
| Ысык-Көл облусу | 30,0 | 30,9 | 31,9 | 36,7 | 37,4 | 124,7 |
| Нарын облусу | 28,0 | 30,4 | 30,5 | 32,9 | 33,6 | 120 |
| Ош облусу | 44,3 | 46,9 | 47,2 | 50,1 | 50,4 | 113,7 |
| Талас облусу | 12,6 | 13,1 | 13,1 | 14,4 | 14,4 | 114,3 |
| Чүй облусу | 58,0 | 52,6 | 55,7 | 55,3 | 57,3 | 98,8 |
| Бишкек шаары | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 50,0 |
| Ош шаары | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 0,7 | 0,7 | 77,8 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чийки сүт, миң тонна** | **1627,8** | **1668,0** | **1698,9** | **1734,1** | **1777,6** | **109,2** |
| Баткен облусу | 103,9 | 105,6 | 105,9 | 106,9 | 101,9 | 98,1 |
| Жалал-Абад облусу | 337,3 | 347,5 | 355,5 | 363,5 | 372,9 | 110,5 |
| Ыссык-Көл облусу | 238,8 | 246,2 | 248,8 | 255,6 | 270,1 | 113,1 |
| Нарын облусу | 129,7 | 133,7 | 136,3 | 138,9 | 141,8 | 109,3 |
| Ош облусу | 321,7 | 328,1 | 335,0 | 340,3 | 347,7 | 108,0 |
| Талас облусу | 75,6 | 75,9 | 75,9 | 76,3 | 76,7 | 101,4 |
| Чүй облусу | 412,7 | 422,9 | 433,3 | 447,0 | 462,4 | 112,0 |
| Бишкек шаары | 0,5 | 0,5 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 80,0 |
| Ош шаары | 7,6 | 7,7 | 7,7 | 5,2 | 3,8 | 50,0 |
| **Жумуртка, млн. даана** | **561,3** | **562,0** | **564,2** | **607,9** | **685,7** | 122,2 |
| Баткен облусу | 22,8 | 23,2 | 23,4 | 23,3 | 21,3 | 93,4 |
| Жалал-Абад облусу | 69,2 | 71,8 | 72,4 | 74,9 | 77,1 | 111,4 |
| Ыссык-Көл облусу | 58,4 | 38,2 | 33,6 | 31,7 | 29,4 | 50,3 |
| Нарын облусу | 7,7 | 7,8 | 7,9 | 8,0 | 8,2 | 106,5 |
| Ош облусу | 58,5 | 61,7 | 64,2 | 65,5 | 68,7 | 117,4 |
| Талас облусу | 22,1 | 22,3 | 22,3 | 22,5 | 22,6 | 102,2 |
| Чүй облусу | 318,9 | 333,4 | 336,9 | 379,3 | 455,7 | 142,9 |
| Бишкек шаары | 1,0 | 0,7 | 0,5 | 0,7 | 0,6 | 60,0 |
| Ош шаары | 2,7 | 2,9 | 3,0 | 2,1 | 2,1 | 77,8 |
| **Жүн (физикалык салмакта), тонна** | **12943,2** | **13110,4** | **13145,6** | **12939,1** | **12914,6** | **99,8** |
| Баткен облусу | 696,6 | 700,7 | 688,9 | 675,2 | 601,5 | 86,3 |
| Жалал-Абад облусу | 2 286,8 | 2 344,8 | 2 352,1 | 2 377,0 | 2 395,8 | 104,7 |
| Ыссык-Көл облусу | 2128,3 | 2162,9 | 2176,7 | 1953,3 | 1949,1 | 91,6 |
| Нарын облусу | 2228,9 | 2 273,1 | 2 305,0 | 2 352,6 | 2 408,2 | 108,0 |
| Ош облусу | 2298,6 | 2307,0 | 2276,6 | 2263,6 | 2220,4 | 96,6 |
| Талас облусу | 1487,4 | 1488,8 | 1495,0 | 1495,0 | 1499,8 | 100,8 |
| Чүй облусу | 1774,7 | 1790,0 | 1813,9 | 1792,1 | 1809,4 | 101,9 |
| Бишкек шаары | 2,8 | 3,0 | 2,5 | 2,6 | 2,4 | 85,7 |
| Ош шаары | 39,0 | 40,0 | 35,0 | 28,0 | 28,0 | 71,8 |
| **Бал, тонна** | **2270,1** | **1918,1** | **2364,5** | **2970,0** | **3310,6** | **145,8** |
| Баткен облусу | 14,1 | 11,1 | 23,5 | 19,7 | 26,7 | 189,3 |
| Жалал-Абад облусу | 1085,6 | 742,4 | 801,7 | 638,5 | 1240,8 | 114,3 |
| Ыссык-Көл облусу | 230,2 | 326,7 | 352,6 | 392,8 | 365,5 | 158,8 |
| Нарын облусу | 43,2 | 158,6 | 204,8 | 219,4 | 326,0 | 754,6 |
| Ош облусу | 568,9 | 359,1 | 673,3 | 901,1 | 911,3 | 160,2 |
| Талас облусу | 142,9 | 115,8 | 105,1 | 112,3 | 196,8 | 137,7 |
| Чүй облусу | 179,1 | 195,8 | 193,7 | 144,6 | 226,5 | 126,5 |
| Бишкек шаары | 5,6 | 5,5 | 3,4 | 5,0 | 10,2 | 182,1 |
| Ош шаары | - | - | 3,0 | 5,1 | 6,8 | - |

*Булак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2019-2023ж.ж.ж.- Бишкек: КРУСК, 2024, 360 б.*

Акыркы жылдары өлкөбүздө мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн санынын өсүшү менен өндүрүлгөн продукцияларга болгон талап дагы күчөөдө. Атап өтсөк эт, сүт, бал чийки заттарын кайра иштетип, даяр

продукция түрүндө экспорттук потенциалы жогору болуп келүүдө. Бул айыл чарба продукцияларынан жасалган тамак аш азыктары экологиялык жактан таза органикалык продукция болуу менен атаандаштык жөндөмдүүлүгү дагы жогору.

Мал чарбачылыгында илимий-инновациялык ишмердүүлүктү өркүндөтүү менен аны эл аралык деңгээлде көтөрүүгө болот. Жаңы типтеги айыл чарба жаныбарларынын түрлөрүн, породаларын, мисалы уяң жүндүү кой, Гиссар жана Эдилбай тукумундагы койлор, Швиц күрөң сүт багытындагы уйлар, Аулэтин сүт багытындагы уйлардын тукумдарын жана линияларын жаңы асыл тукум жаныбарлары катарында пайдалануу жана алардын азыктуулугун көбөйтүү, климаттык шартка ылайыкташтыруу илимий жактан чоң инновациялык иштерди уюштуруу зарыл. Албетте бул көйгөйдү чечүүдө көп өлчөмдөгү инвестициялык каражаттарды талап кылуу менен, бул маселе тийиштүү деңгээлде каржыланбагандыктан, өлкөбүздүн рыноктук мамилеге өткөнүнө 30 жыл аралыгы болсо дагы айыл чарбасында негизинен натуралдык чарба жүгүзүү орун алып келет.

Биздин көз карашыбыз боюнча, жогорудагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн мамлекет тарабынан колдоо менен инвестициялык- инновациялык ишмердүүлүктү жакшыртуу, жандандыруу зарыл. Мындай жол менен мал чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатсак болот. Жалпы республика боюнча акыркы 5 жылда мал чарбасынын өндүрүмдүүлүгүнун кээ бир түрү боюнча өсүү динамикасынын жогрулаганын байкасак болот, атап өтсөк бир уйдан саалган орточо жылдык сүт 0,9%га, тооктун орточо жылдык жумурткалуулугу 15,1%га, союлуучу мал катары сатылган малдын бир башынын орточо тирүүлөй салмагы: ири мүйүздүү мал-2,6%га, кой жана эчки-5,5%га, жылкы – 4,2%га, алынган төл: музоодо – 3,9%га, кулун-3,3%га өссө, ал эми бир койдон кыркылган орточо жылдык жүн - 4,2%га, 100 тубар малдын төлү: музоо -5,4%га, козу жана улак - 4,4%га, кулун -7,1%га кыскарган 2.6 - таблица.

**2.6-таблица - Кыргыз Республикасында чарбалардын бардык түрлөрү боюнча мал чарбасынын өндүрүмдүүлүгүнүн динамикасы.**

| | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2023-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | 2019-ж. карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бир уйдан саалган орточо жылдык сүт, кг | 2002 | 2006 | 2009 | 2014 | 2022 | 100,9 |
| Тооктун орточо жылдык жумурткалуулугу, даана | 119 | 117 | 119 | 136 | 137 | 115,1 |
| Бир койдон кыркылган орточо жылдык жүн (физикалык салмакта), кг | 2,4 | 2,4 | 2,4 | 2,3 | 2,3 | 95,8 |
| **Союлуучу мал катары сатылган малдын бир башынын орточо тирүүлөй салмагы, кг** | | | | | | |
| ири мүйүздүү мал | 266 | 263 | 263 | 259 | 273 | 102,6 |
| кой жана эчки | 36 | 35 | 38 | 40 | 38 | 105,5 |
| Жылкы | 264 | 258 | 266 | 257 | 275 | 104,2 |
| **Алынган тол, мин баш** | | | | | | |
| музоо | 778,9 | 803,8 | 825,5 | 845,0 | 810,0 | 103,9 |
| козу жана улак | 3929,0 | 3941,3 | 3985,9 | 4006,8 | 3740,7 | 95,2 |
| Кулун | 191,0 | 200,5 | 211,3 | 217,9 | 197,3 | 103,3 |
| **100 тубар малдын толу, баш** | | | | | | |
| музоо | 74 | 75 | 75 | 75 | 70 | 94,6 |
| козу жана улак | 91 | 90 | 91 | 91 | 87 | 95,6 |
| Кулун | 71 | 70 | 71 | 71 | 66 | 92,9 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2019-2023ж.ж.ж.- Бишкек: КРУСК, 2024, 360 б.*

Өлкөбүздүн мал чарбачылыгында Ош облусунун дагы орду чон жана анын райондору боюнча мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн санынын динамикасы төмөнкүдөй болду 2.7 - таблица.

**2.7-таблица- Ош облусунда чарбалардын бардык категориялары боюнча мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн саны,миң баш.**

| | 2019-ж | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2023-ж. 2019-.карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Ири мүйүздүү малдар*** | ***374,6*** | ***383,1*** | ***389,3*** | ***397,3*** | ***404,1*** | **107,8** |
| Араван | 38,0 | 38,8 | 39,6 | 40,8 | 41,4 | 108.9 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кара-Суу | 94,4 | 94,5 | 94,6 | 94,7 | 95,9 | 101,5 |
| Өзгөн | 77,8 | 79,4 | 81,3 | 80,9 | 81,7 | 105,0 |
| Ноокат | 69,7 | 73,1 | 74,3 | 76,5 | 78,3 | 112,3 |
| Кара-Кулжа | 39,3 | 40,5 | 41,6 | 43,8 | 44,8 | 113,9 |
| Алай | 36,5 | 37,6 | 38,2 | 40,4 | 41,4 | 113,4 |
| Чон-Алай | 18,6 | 18,9 | 19,5 | 20,0 | 20,2 | 108,6 |
| ***Койлор жана эчкилер*** | ***1154,5*** | ***1148,3*** | ***1153,0*** | ***1121,4*** | ***1111,5*** | **96,3** |
| Араван | 70,1 | 62,5 | 63,0 | 59,4 | 60,0 | 85,6 |
| Кара-Суу | 250,1 | 242,6 | 238,2 | 128,3 | 228,8 | 91,5 |
| Өзгөн | 233,5 | 235,6 | 238,6 | 233,4 | 236,0 | 101,1 |
| Ноокат | 167,7 | 167,7 | 168,4 | 172,2 | 172,6 | 102,9 |
| Кара-Кулжа | 162,9 | 166,0 | 167,9 | 156,9 | 151,7 | 93,1 |
| Алай | 171,3 | 172,4 | 156,0 | 156,6 | 156,7 | 91,5 |
| Чоң-Алай | 98,7 | 101,1 | 103,5 | 105,0 | 105,6 | 106,9 |
| ***Жылкылар*** | ***98,9*** | ***100,6*** | ***101,4*** | ***98,5*** | ***99,5*** | **100,6** |
| Араван | 1,6 | 1,6 | 1,1 | 1,2 | 1,2 | 75,0 |
| Кара-Суу | 13,3 | 13,5 | 13,6 | 12,9 | 12,6 | 94,8 |
| Өзгөн | 25,7 | 26,0 | 26,0 | 24,2 | 24,5 | 95,3 |
| Ноокат | 10,4 | 10,1 | 10,2 | 10,0 | 10,1 | 97,1 |
| Кара-Кулжа | 26,1 | 26,9 | 27,5 | 27,7 | 28,1 | 107,7 |
| Алай | 17,4 | 17,9 | 18,2 | 17,8 | 18,1 | 104,0 |
| Чоң-Алай | 4,4 | 4,5 | 4,5 | 4,6 | 4,7 | 106,8 |
| **Үй канаттуулары** | ***966,4*** | ***985,6*** | ***1000,0*** | ***1038,0*** | ***1077,9*** | **111,5** |
| Араван | 123,5 | 125,5 | 126,5 | ***127,9*** | ***129,2*** | 104,6 |
| Кара-Суу | 273,2 | 273,6 | 273,8 | 306,1 | 335,9 | 122,9 |
| Өзгөн | 239,2 | 245,8 | 254,7 | 250,2 | 258,6 | 108,1 |
| Ноокат | 199,1 | 205,3 | 208,0 | 215,8 | 215,4 | 108,2 |
| Кара-Кулжа | 76,5 | 79,2 | 80,4 | 80,0 | 80,1 | 104,8 |
| Алай | 49,4 | 50,4 | 51,1 | 52,0 | 52,6 | 106,5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Чоң-Алай | 5,4 | 5,4 | 5,6 | 5,8 | 5,9 | 109,2 |

*Булак: Ош облусунун 2019-2023жж.ж. карата социалдык-экономикалык өнүгүүсү.-Ош: Ош обл.стат.башкармалыгы, 2024*

2.7-таблицадан райондордун ичинен ири мүйүздүү малдардын саны боюнча Кара-Суу району (23,7%), Өзгөн (20,2%) үлүштү ээлеп, облуста жалпысынан 7,8 %ке өстү. Ал эми кой жана эчкилер боюнча облуста 3,7% азайуу болгон жана үлүш боюнча Өзгөн (21,2%), Кара-Суу району (20,6%), ээледи. Жылкылардын саны 0,6 %ке өсүп, үлүш боюнча алдыңкы позицияны Кара-Кулжа району (28,2%) жана Өзгөн району (24,6%) ээледи. Уй канаттуулары боюнча облустта 11,5% өсүш болуу менен Кара-Суу району (31,2%) жана Өзгөн району (23,9%) үлүштү түзүштү.

Мал чарбачылыгынын натыйжалуулугун чагылдырган негизги көрсөткүч болуп өндүрүмдүүлүк, б.а. союлуучу малдын бир башынын орточо тирүүлөй салмагы жана алынган төл эсептелет. Аталган көрсөткүчтөрдө Ош облусу боюнча анализ кылсак анда төмөнкүдөй болду. 2.8 – таблица.

**2.8-таблица- Ош облусунда чарбалардын бардык түрлөрү боюнча мал чарбасынын өндүрүмдүүлүгүнүн динамикасы.**

| | **2019-ж.** | **2020-ж.** | **2021-ж.** | **2022-ж.** | **2023-ж.** | **2023-ж. 2019-ж. карата, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Союлуучу мал катары сатылган малдын бир башынын орточо тирүүлөй салмагы, кг** | | | | | | |
| ири мүйүздүү мал | 276 | 265 | 268 | 256 | 285 | 103,2 |
| кой жана эчки | 46 | 40 | 46 | 47 | 50 | 108,7 |
| Жылкы | 273 | 262 | 270 | 261 | 269 | 98,5 |
| **Алынган тол, мин баш** | | | | | | |
| музоо | 171,2 | 179,3 | 181,0 | 183,5 | 172,8 | 100,9 |
| козу жана улак | 667,5 | 665,2 | 683,2 | 665,9 | 680,2 | 101,9 |
| Кулун | 31,7 | 33,2 | 34,3 | 34,4 | 33,7 | 106,3 |
| **100 тубар малдын толу, баш** | | | | | | |
| музоо | 70 | 72 | 71 | 71 | 65 | 92,8 |
| козу жана улак | 87 | 86 | 90 | 87 | 90 | 103,4 |
| Кулун | 69 | 71 | 73 | 66 | 69 | 100,0 |

*Булак: Ош облусунун 2019-2023жж.ж. карата социалдык-экономикалык өнүгүүсү.-Ош: Ош обл.стат.башкармалыгы, 2024.*

2.8 -таблицадан анализ кылсак союлуучу мал катары сатылган малдын бир башынын орточо тирүүлөй салмагы ири мүйүздүү малдарда -3,2 %ке, ал эми кой жана эчкиде -8,7%ке өскөн, жылкыда-1,1ке төмөндөгөн. Ал эми алынган төл боюнча көрсөткүчтө бардыгында өссө, 100 тубар малдын төлү көрсөткүчү боюнча музоодон башкасында өскөнү көрүнүп турат.

**2.9-таблица- Ош облусу жана анын райондору боюнча эт (союлган салмакта) өндүрүүнүн динамикасы, миң тонна.**

| Продукция | 2019-ж | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2023-ж. 2019-ж..карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Жалпы облус боюнча*** | 84,6 | 86,1 | 87,2 | 88,4 | 90,0 | 106,3 |
| Араван | 6,1 | 6,2 | 6,3 | 6,4 | 6,5 | 106,5 |
| Кара-Суу | 21,8 | 22,2 | 22,3 | 22,3 | 22,3 | 102,3 |
| Өзгөн | 15,8 | 16,1 | 16,4 | 16,7 | 17,1 | 108,2 |
| Ноокат | 14,8 | 14,9 | 15,1 | 15,4 | 15,8 | 106,7 |
| Кара-Кулжа | 10,3 | 10,4 | 10,5 | 10,5 | 10,8 | 104,8 |
| Алай | 10,2 | 10,5 | 10,9 | 11,3 | 11,5 | 112,7 |
| Чоң-Алай | 5,5 | 5,6 | 5,6 | 5,8 | 5,9 | 107,3 |

*Булак: Ош облусунун 2019-2023жж.ж. карата социалдык-экономикалык өнүгүүсү.-Ош: Ош обл.стат.башкармалыгы, 2024.*

2.9-таблицадан биз бардык райондор боюнча этти өндүрүү динамикасынын өскөнүн байкасак болот. Жалпысынан Ош облусу боюнча эт өндүрүү 6,3%ке өскөн.

Өлкөбүздүн алдынкы чарбаларындагы ИТПнын жетишүүлөрүн, инновацияларды колдонуу, рационалдуу багуу, асыл-тукумдуулук сапаттары боюнча өркүндөтүү тажрыйбаларын колдонуу аркылуу жогорку өндүрүмдүүлүктү камсыз кылууда. Атап өтсөк 95-жылдык тарыхы бар Чүй областынын Аламүдүн районундагы «Ветка» айыл-чарба кооперативин белгилеп кетмекчибиз. Аталган кооперативде 392 адам жумуш менен камсыз болуу менен 1850 баш ири мүйүздүү малдар, 275 баш жылкылар багылат.

Аймактагы мал чарбачылыгы негизинен шаарларга, райондук же айыл аймактардын борборлоруна жакын жайгашуусу менен башка чарбаларга караганда өзгөчөлөнүп турат.

Белгилеп кетчү нерсе, өлкөбүздө көз карандысыздык алган жылдарында мамлекетсиздендирүү жараянында Чүй облусунда ири чарбалар сакталып калган, башка формалардагы чарбаларды түзүшкөн, ал эми Ош облусунда тескерисинче майда фермердик чарбаларга бөлүштүрүшүп, аларды таркатуу менен сарайларды, короолорду ж.б. материалдык-техникалык базаларды, бузушуп, анын кесепетинен өндүрүмдүүлүктүн төмөндөшүнүн эң негизги себеби катары белгилеп кетмекчибиз.

Биз мал чарбачылыгындагы экономикалык натыйжалуулукту талдоодо мисал катары Кара-Суу районундагы Катта-Талдык мамлекеттик асыл тукум кой чарбасын карайбыз.

2024-жылдын 1-январына карата изилденип жаткан Катта-Талдык асыл тукум кой чарбасында 1700 баш кой болуп, жалпы наркы 5624,1миң сомду түзгөн.

**2.10 - таблица - Ош облусунун Кара-Суу районундагы Катта-Талдык мамлекеттик асыл тукум кой заводунун 1.01.2024ж. карата бухгалтердик балансы (миң сом).**

| № | Көрсөткүчтөр | 2022-ж. | 2023ж. |
|---|---|---|---|
| | **Активдер** | | |
| 1. | Багуудагы жана семиртүүдөгү жаныбарлар | 545,8 | 563,1 |
| 2. | МБП | 130,1 | 130,1 |
| 3. | Бүткөрүлбөгөн өндүрүштөгү чыгымдар | 3,0 | 3,0 |
| 4. | Келечектеги мөөнөт чыгымдары | 42,3 | 42,3 |
| 5. | Кайра сатуу учун товарлар | 39,0 | 39,0 |
| 6. | Жөнөтүлгөн товарлар | | 589,4 |
| 7. | 1 жылга чейинки дебитордук карыздар | 719,3 | 809,9 |
| 8. | Негизги каражаттар | 6648,4 | 6507,2 |
| 9. | Отчеттук мөөнөттөгү зыян | 2496,0 | 2310,1 |
| | **БАЛАНС** | **10730,0** | **11071,8** |

| | Пассивдер | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Узак мөөнөттүү карыздар | 964,0 | 964,0 |
| 2. | Башка узак мөөнөттүү карыздар | 136 | 136 |
| 3. | Жабдуучуларга карыз | 399 | 378 |
| 4. | Төлөнүүчү векселдер | 31,7 | 31,7 |
| 5. | Бюджет менен эсептешүү | - | 33,7 |
| 6. | Эмгек акы боюнча эсептешүү | 264,5 | 339,9 |
| 7. | Соц.фондго карыз | 1085,6 | 847,5 |
| 8. | Уставдык капитал | 7849,2 | 8347,0 |
| | **БАЛАНС** | **10730,0** | **11071,8** |

2.10-таблицадан анализ кылсак, Катта-Талдык мамлекеттик асыл тукум кой чарбасынын финансылык абалынын көрсөткүчү зыян түрүндө болуп, ал эми алынган пайдалар милдеттенмелерди жабууга багытталат. Аталган чарбага мамлекеттик колдоо жүргүзүлүп, ири өлчөмдөгү инвестициялык каражаттар талап кылынат.

Мал чарбачылыгынын өнүгүшү жана өндүрүмдүүлүгү Тянь-Шань жана Памир-Алай тоо системасын ээлеген жайыттардан жана аларды туура пайдалануудан көз каранды. Өлкөбүз боюнча жайыттардын аянты 9,2млн.га, анын ичинен жазгы-күзгү жайыт-2,9млн га, жайкы жайыт-4,1млн.га жана кышкы жайыт-2,0млн. га-ны түзөт [16].

Үй жаныбарларынын 70%дан ашууну тоютту табигый тоют жерлеринен алышат жана аларды тоют менен камсыздоодо жайыттардын орду аябай чоң.

Азыркы шарттарда мал чарбачылыгын тездик менен өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири бул тармактын натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат. Мал чарбачылыгынын натыйжалуулугунун көйгөйүнө арналган көптөгөн изилдөөлөр анын компоненттеринин ар кандай максаттарына байланыштуу бул категория өтө татаал экендигин көрсөтүп турат. Ал материалдык жана руханий байлыктарды өндүрүүдө адамдардын ар кандай иш-аракеттеринин натыйжалуулугун чагылдырышы керек.

Эт азыктарын өндүрүүнү көбөйтүү үчүн чийки зат базасын өнүктүрүү үчүн төмөнкүлөр зарыл:

1) малды семиртүү учурунда малдын продуктуулугу жөнүндө гана эмес, эттин сапаты жөнүндө да кам көрүү керек, андан атаандашууга жөндөмдүү жогорку сапаттагы даяр эт азыктарын өндүрүү мүмкүн, ал үчүн салмак шарттары боюнча бирдиктүү жаныбарларды тандап алуу керек;

2) бодо малды өстүрүүдө жогорку салмак чениндеги бир тектүү бодо малдарды өндүрүү максатка ылайыктуу;

3) малдын этин өндүрүүдө малдарды эт багытындагы семиздикте, масса боюнча бир тектүү кылып семирткенде салыштырма салмагын жогорулатууга умтулуу керек;

4) ченемдик-техникалык документтерди иштеп чыгууда эттин өндүрүмдүүлүгүн жана эттин сапатын аныктоочу факторлорду эске алуу менен, малды жана этти сорттоо принцибин колдонуу.

Ошентип, эт кайра иштетүү өнөр жай ишканаларынын чийки зат базасын чыңдоо үчүн малдын санын көбөйтүү, эң башкысы, анын сапаттык мүнөздөмөсүн жакшыртуу керек.

## 2.2. Эт продукцияларын өндүрүүнүн динамикасы жана натыйжалуулугу

Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү өнөр жайы - сырьелорду жөнөтүүчү катары агрардык сектор жана соода тармактары менен тыгыз байланышта болуу менен калкты тиешелүү азык-түлүк товарлары менен камсыз кылат жана экспорттук мүмкүнчүлүгү дагы бар маанилүү тармактан болуп саналат.

КРнын тамак-аш жана кайра иштетүү тармагында 2024-жылдын 1-январына карата 301 ири, орто жана чакан ишканалар ишмердүүлүгүн жүргүзүшүп, аймактар боюнча Баткенде-8, Жалал-Абадда-30, Нарында - 10, Ош облусунда - 19, Таласта - 4, Ысык-Көлдө-23, Чүйдө -103 жана Бишкек шаарында-81, Ош шаарында-19 чарбалык субъекттерден турат. Бул чарбалык субъекттер өлкөбүздөгү жалпы өнөр жай субъекттеринин үлүшүндө 13,6 %ды түздү. Ал эми алардын адистештирилүүсү боюнча 45 ишкана сүт, 18- эт, 3 - балык, 4 - тамеки,

3- чай, 27-жашылча-жемиш, 9 ишкана кант өндүрө турган болсо, 3-кондитердик азыктарды, арак, спирт-19, 18-шарап жана шампан, 68-суусундуктурды, 37- нан, 18-ун жана акшак, 6 - макарон, 2 ишкана май азыктарын өндүрөт.

**2.11-таблица - 2024-жылдын 1-январына карата КРнын региондору боюнча тамак-аш жана кайра иштетүү ишканаларынын саны [112]**

| **Региондор** | **Тамак-аш азыктарын өндүрүү боюнча ишканаларды бөлүштүрүү** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баары** | **Анын ичинде, тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн негизги түрлөрү боюнча** | | | | | | | |
| | | Эт | Сүт | Нан-булочка | Ун | Кант | Суусундуктар | тамеки | башка түрлөрү |
| КР | **301** | **18** | **45** | **37** | **18** | **9** | **68** | **4** | **102** |
| Баткен обл. | 8 | - | - | 2 | 1 | - | 3 | 1 | 1 |
| Жалал-Абад. обл. | 30 | - | 3 | 6 | 3 | - | 9 | - | 9 |
| Ысык-Көл обл. | 23 | 2 | 9 | 2 | 1 | - | 6 | - | 3 |
| Нарын обл. | 10 | 3 | 3 | 2 | - | - | - | - | 2 |
| Ош обл. | 19 | - | 5 | 4 | 4 | - | 1 | 1 | 4 |
| Талас обл. | 4 | - | 3 | 1 | - | - | - | - | - |
| Чүй обл. | 107 | 15 | 21 | 12 | 9 | 11 | 25 | 1 | 13 |
| Бишкек ш. | 81 | 6 | 5 | 9 | 6 | - | 27 | 1 | 27 |
| Ош ш. | 19 | 1 | 4 | 4 | 4 | - | 1 | - | 5 |

*Булак:* автор тарабынан түзүлдү КР УСК. «КРнын өнөр жайы», Бишкек, 2024ж., 324 б.

2.11-таблица айгинелегендей, КРнын кайра иштетүү тармагындагы чарбалык субъекттердин көпчүлүгү Чүй облусунда (34%) жана Бишкек шаарында (26%) жайгашкан. Үлүштүк жагынан алганда алардын ичинен алкоголдук жана алкоголдук эмес суусундуктарын өндүрүү - 20%, сүт азыктарын өндүрүү - 15%, нан жана нан азыктарын өндүрүү - 10%, ал эми ун өндүрүү - 4%, эт азыктарын өндүрүү болгону - 3%ды түздү.

Тилекке каршы ата мекендик өндүрүшчүлөр тарабынан продукцияларды өндүрүүдө өсүштү камсыздаганына карабай, айыл чарбалык продукцияларынын жана азык-түлүк товарларынын кээ бир түрлөрү сырттан ташылып келинүүдө, импорттук көз карандылык болууда.

Азык-түлүк товарларын өндүрүүдө 2019-2023 ж.карата коюлантылбаган же таттуу кошулбаган каймак 2,2 эсеге, арак жана ликерлор 1,9 эсеге, алкоголсуз суусундуктар, кондитердик азыктар 1,5 эсеге, эт азыктары 1,5 эсеге өсүш болсо,

балык азыктары -39,2 %га, жаңы бышкан нан 3,2 %га , өсүмдүк майы 30,9 %га төмөндөгөн. 2.12 – таблица.

**2.12–таблица- КРда тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн (суусундуктар жана тамеки өндүрүмдөрүн эске алганда) динамикасы**

| Азыктардын аталышы | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2023- ж., 2019 -ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эт, колбаса азыктары жана тамактык субазыктар, т. | 21092,4 | 22997,4 | 24456,2 | 25807 | 31813,7 | 150,8 |
| Балык жана кайра иштетилген, консерваланган балык азыктары,т | 982,0 | 802,0 | 702,7 | 614,1 | 597,5 | 60,8 |
| Бардык түрдөгү чалган май,т | 5 621 | 8 174 | 8 274 | 8 760 | 4 863 | 86,5 |
| Иштетилген суюк сүт,т | 40 471 | 66 376 | 63 912 | 56 277 | 42 259 | 104,4 |
| Коюлантылбаган же таттуу кошулбаган каймак, т | 2 148 | 3 298 | 2 870 | 5 101 | 4 804 | 223,6 |
| Бардык түрдөгү сырлар,т | 3 629 | 7 443 | 6 639 | 6 923 | 5 204 | 143,4 |
| Кумшекер, миң т | 99,7 | 51,3 | 64,9 | 108,4 | 75,5 | 75,7 |
| Өсүмдүк майы,т | 9 421 | 7 184 | 5 910 | 6 030 | 6 515 | 69,1 |
| Катырылган нан жана печенье, кондитердик азыктар жана пирожныйлар, т | 6 786 | 7 602 | 10 382 | 10 293 | 10 888 | 160,4 |
| Шоколад, шоколаддан жана канттан жасалган кондитердик азыктар, т | 1 964 | 1 852 | 1 494 | 1 521 | 2 200 | 112,0 |
| Көңдөй, кызартылбаган макарон азыктары, т | 15 334 | 13 566 | 13 482 | 15 624 | 20 058 | 130,8 |
| Алкоголсуз суусундуктар, миң л | 128 268 | 128 431 | 164 571 | 144 041 | 212 006 | 165,3 |
| Газдаштырылган, таттуу эмес, жыттандырылбаган минералдык суулар, миң л | 44 262 | 38 957 | 50 901 | 60 851 | 71 817 | 162,2 |
| Дан эгиндеринин уну, миң т | 154,4 | 153,6 | 153,8 | 239,1 | 250,6 | 162,3 |
| Жаңы бышкан нан, миң т | 108,0 | 99,2 | 106,8 | 112,4 | 78,5 | 72,7 |
| Арак жана ликерлор, миң л | 4 155 | 3 510 | 5 587 | 8 364 | 7 967 | 191,7 |
| ферменттештирилген тамеки, миң т | 0,3 | 0,03 | 0,3 | 0,5 | 0,3 | 100,0 |

*Булак:* автор тарабынан түзүлдү КР УСК. «КРнын өнөр жайы», Бишкек, 2024ж., 324 б.

Эт тармагы агроөнөр жай чөйрөсүнүн же тамак-аш өнөр жайынын эң маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Анын өнүгүшү өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугуна жана элдин жыргалчылыгына таасир этет. Этти кайра иштетүү тармагынын продукцияларына болгон суроо-талап Кыргызстандын

экономикасынын абалынын жана калктын жашоо деңгээлинин көрсөткүчү болуп эсептелет. Адамдарды сапаттуу жана коопсуз эт азыктары менен камсыз кылуу - бул улуттун ден-соолугун сактоо жана калктын демографиялык абалын чындоодо чоң ролду ээлейт. Мындан улам эт өндүрүшүн жакшыртууну мамлекет колго алып, бул жаатта натыйжалуу саясатты жүргүзүүсү зарыл болуп саналат.

Эт өндүрүшүндөгү чарбалык субъекттер экспорттук мүмкүнчүлүгү бар тармакка ээ болгондуктан, өндүрүлгөн продукциялары эл аралык стандарттарга ылайык талаптарды камтуусу зарыл. Ошол үчүн эн маанилүү милдеттер катары негизги капиталдарды, а.и. жабдууларды заманбап талаптарга ылайык инновацияларды жүргүзүү зарыл болуп саналат. Азыркы кезде бул тармактын кээ бир ишканалары өздөрүнүн өндүрүштүк линияларын жана процесстерин жаны заманбап үлгүдөгү инновациялык автоматташтырылган заманбап жабдуулар, имараттар ж.б. негизи капиталдар менен камсыз кылышууда. Ошол эле учурда көпчүлүк субъекттердин негизги капиталдары физикалык жана моралдык жактан эскирүү менен ишмердүүлүктөрүн токтотуп калган учурлар кездешет. Бул ишканалардын ишмердүүлүгүн жүргүзүү жана жаңылоого инвестицияларды тартуу жана чоң көлөмдөгү айланма каражаттар талап кылынат.

Кыргыз Республикасында тарыхый жактан калыптанып калган үй жаныбарларын багууга шарттардын болуусу башка өлкөлөргө караганда атаандаштык артыкчылыкка ээ болуп саналат. Ошол үчүн бул тармакты эт жана сут багытында өнүктүрүү зарыл. Бүгүнкү учурда этти чийки түрдө гана сатуу болуп, аны кайра иштетүү деңгээли төмөн. Бар болгон өндүрүштүк базаны, ресурстук потенциалды толук кандуу колдоно турган болсок, өлкөбүздө калкыбыздын эт азыктарына муктаждыктарын туура жана балансталуучу тамактануудан канааттандыра алабыз [22].

Эт тармагынын абалы агрардык сектордун өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан.

Өлкөбүздө эт азыктарын өндүрүү боюнча Чүй облусу алдыңкы орунду ээлейт. 2.13.- таблица.

**2.13-таблица.- Кыргыз Республикасынын аймактары боюнча эт азыктарын өндүрүүнүн динамикасы , т. [112].**

| Көрсөткүчтөр | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. | Өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 14 011,2 | 14 040,1 | 13 727,7 | 13 185,5 | 14 129,3 | 100,8 |
| Колбаса азыктары | 7 474,9 | 8 957,3 | 10 728,5 | 12 621,5 | 17 684,4 | 236,6 |
| Баткен облусу | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 849,0 | 1 072,3 | 999,1 | 987,3 | 1 285,8 | 151,4 |
| Жалал-Абад облусу | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 22,9 | 18,7 | 24,5 | 34,5 | 27,1 | 118,3 |
| Ысык-Көл облусу | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 82,1 | 32,3 | 32,5 | 32,7 | 50,4 | 61,3 |
| Ош облусу | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 5 033,9 | 4 706,1 | 5 061,6 | 4 476,2 | 4 945,7 | 98,2 |
| Колбаса азыктары | - | 19,5 | 31,4 | 30,1 | 20,9 | - |
| Талас облусу | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 392,3 | 406,7 | 438,4 | 554,6 | 560,3 | 142,8 |
| Чүй облусу | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 4 412,3 | 4 391,6 | 4 230,9 | 4 201,9 | 4 222,2 | 95,7 |
| Колбаса азыктары | 6 274,0 | 7 895,3 | 9 911,6 | 11 787,5 | 16 232,8 | 258,7 |
| Бишкек шаары | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 74,0 | 164,6 | 144,0 | 145,9 | 99,3 | 134,2 |
| Колбаса азыктары | 1 079,5 | 948,3 | 684,1 | 692,3 | 1 294,0 | 119,8 |
| Ош шаары | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 3 144,7 | 3 247,8 | 2 797,6 | 2 752,4 | 2 938,5 | 93,4 |

*Булак: Промышленность КР (2019-2023гг.)- Бишкек: Нацстаткомитет, 2024. - 183с.*

2.13-таблицадан өлкөбүздө эт жана тамактык супродуктыларды өндүрүү боюнча 0,8%га, колбаса азыктары 2-3 эсеге өскөнүн байкадык.

2023-жылка карата колбаса азыктарын өндүрүүгө Чүй жана Ош облустары жана Бишкек шаары адистештирилип, Чүй облусунда 2,6 эсеге, Бишкек шаары 19,8%ге өскөн.

Эт жана тамактык субпродуктыларды өндүрүү боюнча Баткен облусунда- 51,4%га, Талас облусунда- 42,8 %га, Бишкек шаарында 34,2% га, Жалал-Абад облусунда 18,3%га өсүү болгон. Ал эми Ысык-Көл облусунда- 38,7%га, Ош шаарында - 6,6%га, Чүй облусунда-4,3%га, Ош облусунда-1,8%га төмөндөгөн.

Ош облусунда өндүрүштүк кубаттуулуктарды жетишсиз жана натыйжасыз пайдалануу эт азыктарын өндүрүүдөгү төмөнкү деңгээлди аныктайт. Аны төмөнкү 2.14 - таблицада көрсөтөбүз.

**2.14-таблица- Кыргыз Республикасы жана Ош облусу боюнча эт азыктарын кайра иштетүүнүн деңгээли [112].**

| Продукциялар | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. | Өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | | | | | | |
| Чийки эт өндүрүү,мин.т | 226,2 | 230,4 | 235,0 | 248,3 | 252,5 | 111,6 |
| Кайра иштетилген эт азыктары, мин.т | 21,4 | 22,9 | 24,4 | 25,7 | 31,8 | 148,6 |
| Кайра иштетүү денгээли, % | 9,4 | 9,9 | 10,4 | 10,3 | 12,6 | 134,0 |
| **Ош облусу** | | | | | | |
| Чийки эт өндүрүү,мин.т | 84,6 | 86,1 | 87,2 | 88,4 | 90,0 | 106,4 |
| Кайра иштетилген эт азыктары, мин.т | 5,0 | 4,7 | 5,0 | 4,5 | 4,9 | 98,0 |
| Кайра иштетүү денгээли, % | 5,9 | 5,4 | 5,7 | 5,0 | 5,4 | 91,5 |

*Булак: Промышленность КР (2019-2023 гг.)- Бишкек: Нацстаткомитет, 2024. - 183с.*

Ош облусундагы этти кайра иштетүү тармагы боюнча көйгөйлөр болуп төмөнкүлөрдү эсептейбиз [21]:

-чийки эт жана кайра иштетилген эт азыктарынын сапатын аныктаган заманбап лабораториялардын жоктугу;

- заводдордо чийки этти кайра иштетүүдө анын көлөмүнүн аздыгы жана аны камсыздоодо чарбалар менен келишимдин жоктугу;

-фермалар же жеке тараптар тарабынан өндүрүлгөн чийки эттин төмөнкү сапатта болуусу;

-чийки этти жыйноодо ачык айкындуулук принциптин жок болуусу;

-көмүскө айлануу;

-тармакты мамлекет тарабынан колдоо жана жөнгө салуу механизминин начардыгы ж.б.

Биздин изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, өлкөбуздун, анын ичинде Ош облусунун айыл-чарба продукцияларынын кайра иштетүү деңгээлинин төмөн болушунун негизги себептеринин бири - эгемендүүлүк жылдарында кайра иштетүү жана айыл чарба ишканаларынын ортосундагы ишкердик байланыштардын үзүлүшү жана аларды рыноктук ыкмаларды колдонуу менен калыбына келтирүүнүн өтө жай темптери. Алака кылуунун мындай түрүнө АӨЖ субъекттери кызыгуларына карабастан, практика жүзүндө өз ара чарбалык байланыштар боюнча механиздери толук калыптана элек. Бул кайра иштетүү тармагындагы ишканалар, мисалы, сүт, эт азыктары, жашылча-жемиштерди базарларда же эт сатуучу жайларда чийки заттарды сатып алуу менен, о.э. жеке өндүрүүчүлөрдөн сатып алууларына алып келет. Сатып алуунун мындай ыкмасы баа саясатынын тиешелүү тобокелчилиги ж.б. себептерден улам өндүрүлгөн продукциянын өздүк наркын жогорулатууга алып келет.

Жогоруда белгилеп кеткендер уюштуруучулук гана мүнөзгө ээ болуу аркылуу мында айыл чарба продукцияларын кайра иштетишкен субъекттерге керек болгон мезгилде жана тиешелүү санда, көлөмдө жана ассортименте жеткизүү шарттарын камтыган маселелер көрсөтүлгөн. Мындай максатка жетүүдө агрардык сектордун материалдык-техникалык базасы өсүмдүктөрдү өстүрүүгө жана жаныбарларды багууга гана эмес, аларды өндүрүштүк процессте иштетүүгө жана логистиканы камсыздоого ылайыкталышы зарыл. Мисал келтирсек, учурда үй жаныбарларын союууга алдын-ала даярдабастан, тирүү салмакта эле кайра иштетүүчү ишканаларга жөнөтүшүүдө. Бул бир эле мезгилде чарбаларга жана кайра иштетүүчү ишканаларга ыңгайсыздыктарды жаратат. Ошол эле учурда, чарбалар алыскы аралыктарга ташылганда тирүүлөй салмак жоготушат, анын үстүнө жолдун начардыгы менен, жайыттардан эт комбинаттарына гана эмес, ошондой эле айыл жерлерине чейинки аралык дагы эске алынышы керек.

Ошондуктан, айыл чарба жаныбарларын өнөр жай ишканаларында кайра иштетүүгө даярдоо үчүн тийиштүү шарттарды түзүү керек. Бул үчүн бардык жерде, ар бир айыл өкмөттөрдө санитардык ченемдерге ылайык, автоматтык же механикалаштырылган иш-аракеттердин атайын шаймандары менен жабдылган мал союу пункттарын уюштуруу керек. Ош облусунда мындай шарттар буга чейин айрым жерлерде гана түзүлгөн. 2.15 - таблица.

**2.15-таблица- Ош облусунун аймагында соода түйүнү аркылуу малдын этин кайра иштетүүгө жана жөнөтүүгө даярдоочу мал союучу жайлардын болушу (бирдик)**

| Мал союучу жайлардын болуусу | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу боюнча баары, анын ичинде райондор боюнча | **46** | **47** | **48** | **50** | **52** |
| Кара-Суу | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| Ноокат | 6 | 6 | 6 | 6 | 7 |
| Алай | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| Чон-Алай | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Узгон | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| Араван | 7 | 7 | 7 | 8 | 8 |
| Кара-Кулжа | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |

*Булак: Ош облусунун 2019-2023жж.ж. карата социалдык-экономикалык өнүгүүсү.-Ош: Ош обл.стат.башкармалыгы, 2024.*

Таблицада келтирилген маалыматтар чарбалар менен өнөр жай ишканаларынын ортосунда ишкердик байланыштарды түзүүдө олуттуу кемчиликтердин бар экендигин көрсөтүп турат, бул интеграцияны, эң негизгиси, экономиканын эки тармагынын тең атаандаштыгына тоскоолдук кылат. Демек, тирүүлөй салмактагы эттин 80%дан ашууну ыңгайсыз жайларда иштетилип, союу примитивдүү ыкмалар менен жүргүзүлүп жаткандыгы бекеринен эмес.

Андан тышкары, кардарларга эт сатуу санитардык-гигиеналык стандарттарга жооп бербеген, эреже катары, жолдордун жана тротуарлардын жээгинде, ошондой эле примитивдүү жолдор менен жайгашкан примитивдүү жабдылган жайларда жүргүзүлөт, б.а. белгилүү бир пропорцияда сөөктөрдү, сатып алуучунун көрсөтмөсү боюнча бычак менен эт кесимдерин кошушат. Ошол эле учурда, жаныбарлардын дене бөлүктөрүн көрсөтүү менен

технологиянын жана таңгактын бардык эрежелерине ылайык иштетүү биздин өлкөдө азырынча аз практикаланып келе жатат, атап өтсөк Бишкек жана Ош шаарларында гана “Народный”, “Азия”, “Глобус” сыяктуу супер жана гипермаркеттерде кездешет.

Эт азыктарын кайра иштетүү деңгээлине талдоо жүргүзгөндөн кийин алардагы орточо бааларды аныктоо чоң мааниге ээ, себеби бул азыктардагы атаандаштык жөндөмдүүлүктүн эң негизги көрсөткүчтөрүнөн болуп баа эсептелет. 2.16 – таблица.

**2.16 - таблица - Кыргыз Республикасында эт жана эт азыктарынын орточо баалары** (жылдын аягына карата, 1 кг сом менен).

| Аталышы | 2019ж. | 2020ж. | 2021ж. | 2022ж. | 2023ж. | 2023-ж. 2019-карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Уй эти | 345,96 | 435,53 | 483,00 | 543,20 | 542,83 | 156,9 |
| Койдун эти | 307,76 | 411,95 | 473,82 | 527,85 | 553,85 | 179,9 |
| Чочконун эти | 304,63 | 322,47 | 396,63 | 487,37 | 480,31 | 157,7 |
| Тоок ич эти жок | 262,24 | 273,84 | 319,16 | 344,32 | 349,77 | 133,4 |
| Орточо ышталган колбаса | 381,87 | 394,15 | 434,70 | 468,53 | 481,71 | 126,1 |

*Булак: Баалар жана тарифтер :2019-2023жж. : статсборник. - Б: Нацстаткомитет, 2024.-125 с.*

2.16-таблицадан койдун этинин орточо баасынын 79,9%га, чочконун этинин 57,7%га, уйдун этинин-56,9%га, тоок этинин -33,4%га, ал эми орточо ышталган колбасанын 26,1%га өскөнүн аныктадык.

Өлкөбүздө малды союудагы заманбап технологияга ээ инфраструктуранын жоктугуна байланыштуу эт багытындагы мал чарбачылыктын өнүгүүсүндө терс таасирин тийгизген факторлордон эсептелинет жана өлкөбүзгө эт азыктарынын чоҢ өлчөмдө импорттолуусуна алып келүүдө.

Э.и.д. проф. Абдиев М.Ж.нын пикири боюнча Кыргызстан жакынкы жылда этти 240 мин т. чейин өндүрүү аркылуу ЕАЭБ рыногуна, о.э. алыскы чет өлкөлөрдүн рыногуна экспорттоонун көлөмүн көбөйтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ [22]. Кыргызстандын калкынын консерваланган этти керектөөчүлөрүнүн үлүшү

учурда болжол менен 15-20%ды түзөт. Керектөөчүлөрдүн ушул категориясы үчүн өндүрүүчүлөр эт консерваларынын өндүрүшүн көбөйтүп, ошондой эле түшкү тамактын даяр түрлөрүн (биринчи жана экинчи тамактар) өндүрүү зарыл.

Мындан тышкары, эт азыктары туура тамактануунун талаптарына жооп бериши керек. Туура тамактануу жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги максаттары:

• заманбап сапат жана коопсуздук талаптарына жооп берген эт чийки заттарынын негизги түрлөрүнүн ата мекендик өндүрүшүн кеңейтүү;

• этти кайра иштетүү тармагында инновациялык технологияларды иштеп чыгуу жана киргизүү.

Мал чарбасынын эң келечектүү тармагы - бул канаттууларды өстүрүү. Бул үй канаттууларынын өсүшүнүн кыска мезгилине (37 күн), кармоонун шарттарына карата жөнөкөйлүгүнө байланыштуу. 2010-2019-жылдар аралыгында бакма канаттуулардагы эт базарынын сыйымдуулугу 3,2 эсеге өстү.

Бул о.э. канаттуулардын этин адам башына керектөөнүн орточо өсүшүн алдын-ала аныктайт. Учурда ал 16кг түзүү менен, бул керектөө нормасынан 4кгга көп болууда. Биздин пикирибиз боюнча, бул эттин башка түрлөрүнө караганда канаттуулардын этине болгон баанын төмөндүгүнө байланыштуу.

Кыргызстандын канаттуулар эти рыногу 2.17-таблицада келтирилген тенденциялар менен мүнөздөлөт.

**2.17-таблица- 2019-2023-ж.ж. карата канаттуулар этин өндүрүү жана импорту (мин.т.) [85].**

| Жылдар | Рыноктун сыйымдуулугу | Канаттуулар этин өндүрүү | Канаттуулар этинин импортунун көлөмү | Рыноктогу импорттолгон продукциянын салыштырмалуу салмагы, % | Импорттун жана кыргыз өндүрүшүнүн катышы, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 2019 | 46,0 | 8 | 38,0 | 82,6 | 475,0 |
| 2020 | 47,1 | 7,9 | 39,2 | 83,2 | 496,2 |
| 2021 | 47,2 | 7,6 | 39,6 | 83,9 | 521,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2022 | 48,9 | 8,6 | 40,3 | 82,4 | 468,6 |
| 2023 | 50,7 | 9,5 | 41,2 | 81,3 | 433,7 |

Канаттуулар эти рыногун 2019-2023-жылдар аралыгында мүнөздөөчү маалыматтарды талдоо менен ушул продуктту өндүрүүнүн көлөмү 18,7%ке көбөйдү деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. 2019-2023 жылдары импорттолуучу канаттуулардын эти жана анын кошумча продуктылары 8,4%ке өскөн. Эгерде 2019-жылы импорттолгон канаттуулар этинин үлүшү базардын сыйымдуулугунун 82,6% түзсө, анда 2023-жылы бул көрсөткүч 81,3% болгон, бул Кыргызстандын рыногунун импорттолуучу канаттуулар этинен көзкарандылыгынын тенденциясын мүнөздөйт.

Эт тармагын өнүктүрүүнүн учурдагы деңгээли аны иштетүүнүн, өсүшүнүн терең деңгээлин камсыз кылуу максатында негизги гана эмес, ошондой эле кошумча продуктуларды колдонуу көйгөйүнө, эмгек өндүрүмдүүлүгү жана өндүрүштүн өздүк наркын төмөндөтүүгө жаңыча мамилени түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат. Эт өнөр жайында, баалуу кошумча чийки заттын көлөмү айыл чарба жаныбарларынын тирүүлөй салмагынын 30-40% түзөт. Азыркы учурда кошумча заттардан азык-түлүк продуктулары, дарылоо-профилактикалык, тоют жана техникалык максаттардагы азыктар өндүрүлөт, бирок реформага чейинки мезгилде анын көлөмү бир топ жогору болгон.

Этти кайра иштетүү тармагында терең иштетүүнүн таштандысыз жана калдыктары аз технологиясын киргизүү жана биринчи кезекте экинчи чийки зат үчүн, пайдалуу продукция чыгарууну көбөйтүүнүн жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун олуттуу резервдеринин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасындагы жана жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдун мал чарба азыктарын терең кайра иштетүү боюнча алкылуктуу жактары өндүрүштү жакшыртуудагы бул методу туура экендигин тастыктайт.

Кыргызстанда мал чарба азыктарын терең кайра иштетүүнун өнүгүүсүнүн заманбап баскычынын өзгөчөлүгүнө төмөнкүлөр кирет:

- биринчи кезекте эл аралык тобокелдиктерден (импорттук чектөөлөр, квоталар), улуттук валютанын алмашуу курсунун өзгөрүшүнөн жана бир катар маанилүү жана суроо-талаптары жогору болгон азыктарда (сүт канты, май чийки, кургак сүт ж.б.) көп талапка ээ болуусу;

- чектөөлөрдун кийрилүүсү жана улуттук валютанын төмөндөөсүнө байланышкан сектордогу импорттон көз карандысыздыкты жоюууну камсыздоо зарылчылыгы;

- тамак аш өнөр жайындагы субъекттер үчүн түздөн-түз жоготууларга алып келүүчү жана айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчү пайдаланылбаган чийки заттын олуттуу көлөмүнүн болушу;

- жабдуулардын эскиргендигинен жана айрым учурларда өндүрүштүн эскирген технологияларын колдонуудан улам, терең иштетүүчү продукцияны өндүрүүгө тармактын даярдыгынын жетишсиз деңгээли;

- мал чарбасынын продуктыларын терең иштетүү үчүн ишканалардын капиталдык сыйымдуулугунун жана ордун толтуруунун олуттуу мезгилдери, бул алдын-ала деталдуу бизнес-пландаштырууну талап кылат;

- ишканалардын терең иштетүү боюнча сапатка жогорку көз карандылыгы жабык өндүрүш циклинде кооперативдик структураларды же ишканаларды түзүүнүн зарылдыгын аныктаган чийки зат менен камсыздоо убактысы.

Эт иштетүүчү чакан ишканалардын өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Чийки эт алардын наркынын түзүмүндө 75-80%ды түзөт, ошол эле учурда продукциянын (колбасанын) баасында чийки заттын наркы туруктуу өсүү тенденциясына ээ экендигин белгилей кетүү керек.

Чакан ишканаларда өндүрүштү чийки зат менен камсыздоо көйгөйлөрү бар. Алардын бири - чийки затты сатып алууга өздүк каражаттын жетишсиздиги. Насыя каражаттарын тартуу уюмдун туруктуулугуна терс таасирин тийгизет.

Чакан ишканалар чийки затты сатып алуунун логистикалык схемаларын өркүндөтүшү керек, бул буйрутмалардын көлөмүн оптималдаштырууга, этти ташууну жана сактоону жөнгө салат.

Эт иштетүү тармагындагы чакан ишканалар үчүн чийки зат менен камсыздоо төмөнкү факторлорго байланыштуу: калктын сатып алуу жөндөмдүүлугунүн өзгөрүшү; даяр продукциянын сапатына талаптарды жогорулатуу; импорттолуучу чийки заттын баасынын өсүшүн шарттоочу сомдун курсунун төмөндөшү; жетишсиз өнүккөн маалымат чөйрөсү; насыялоонун жогорку пайыздык чендери [126].

Чийки зат менен камсыздоонун экинчи көйгөйү - чийки эттин сапатынын төмөндүгү. Ошол эле учурда, мезгилдин, региондун, түрдүн, малдын азыктануусунун ж.б.у.с. боюнча эттин сапаттык мүнөздөмөсүнүн өзгөрүшү байкалат.

Муздатылган эт азыктары ар дайым тоңдурулган чийки затка караганда жакшыраак. Тоңдурулган чийки заттарынан продукциянын чыгышы кошулмаларды колдонууну камтыйт жана бул даяр продуктунун чыгуусун 3-4%га төмөндөтүп, продукцияны кымбаттатат.

Белгилей кетүүчү нерсе, колбаса жана башка эт азыктары белгилүү бир рецепттер боюнча даярдалат. Жогорку сортко ээ болгон этти төмөнкү сортко ээ этке алмаштырганга жол берилбейт жана продукцияны өндүрүүдө анын бардык түрлөрү үчүн жогорку сорттогу сырьелорду пайдалануу туура эмес, анткени продукциянын өздүк наркынын жогорулашына байланыштуу ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу төмөндөйт.

Үчүнчү көйгөй - жыл ичинде чийки заттын баасынын өзгөрүшү, мисалы 2024-жылдын май-сентябрь айларында уй жана кой эттинин баасы болжол менен 30%га өзгөрдү. Ошол эле учурда, импорттолуучу чийки заттар ата мекендикине караганда 15%га арзан, бирок алардын сапаты төмөн.

Бешинчи көйгөй - ата мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоо жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында протекционисттик чараларды ишке ашыруу: чийки этке квота жана бажы төлөмдөрүн киргизүү. Бул Кыргызстандык өндүрүүчүлөргө ата мекендик чийки заттын баасын көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

## 2-бап боюнча жыйынтыктар:

1.Жүргүзүлгөн анализдин алкагында КРнын Ош облусунун айыл-чарбасында чарбалардын бардык категориялары боюнча 2023-жылы 2019-жылга карата мал жана үй канаттууларынын негизги түрлөрүнүн санынын өсүшү менен (5,7%), чийки эт өндүрүү 6,4%ке өсүш болгонун байкасак болот. Бирок ошол эле учурда эт өндүрүү багытындагы чарбаларды ирилештирүү, аларга илимий жана уюштуруу иш-чараларынын колдонулушунун абалы начар экендигин белгилеп кетмекчибиз.

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда этти кайра иштетүүнү анализдөөнүн жыйынтыгында бул тармактын начар өнүккөндүгүн айтып кетсек болот. Аймакта 2023-жылы 4966,6т. эт жана тамактык субпродуктылар өндүрүлүп, акыркы беш жылда 1,3%ке төмөндөгөн. Ондүрүштүк кубатттуулукту начар жана натыйжалуу эмес иштетүү эт продукцияларын өндүрүүнүн төмөнкү деңгээлин шарттайт. Жалпы республика боюнча эт продукцияларын кайра иштетүү деңгээли 12,6%ти түзсө, бул көрсөткүч аймак боюнча 5,4%ти түздү.

Тармактагы көйгөйлөргө төмөнкүлөр кирет: тармактагы продукциялардын сапатын аныктоочу заманбап лабораториялар менен толук кандуу камсыздалбашы; чийки заттарды кайра иштетүүнүн төмөнкү деңгээли; эттин чийки зат калыбында экспорттоолуусу, аз көлөмдө болуусу жана экономикалык негиздеги уюмга ээ фермалардын аз санда болуп, алар менен келишимдик негизде иштин уюшулбагандыгы; чийки этти чогултуу механизминин начардыгы; мамлекет тарабынан көмөк көрсөтүүнүн жана жөнгө салуунун начардыгы ж.б. эсептелет.

Бул тармактын чийки зат менен камсыз болуу абалын эске алуу менен келечекте өнүктүрүүдө мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан колдоо көрсөтүү аркылуу, өндүрүштү инновациялык каражаттар менен камсыздоо, инвестицияларды тартуу, инфраструктураны өнүктүрүү зарыл болуп саналат. Ал үчүн малдарды багуучу фермалардан баштап, тоют базасы, лабораторияларды, май союучу жайларды эл аралык стандарттарга

ылайыкташтыруу, эт продукцияларын өндүрүүчү ишканаларда өндүрүлгөн продукциялардын ассортиментин көбөйтүү керек.

Ош облусунун эт продукцияларына болгон керектөө импорттон көз каранды. Ош облусундагы агрардык сектордун потенциалын жана экологиялык жактан таза сапаттагы эт продукцияларын сатуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен приоритет катары заманбап этти кайра иштетүүчү ишканаларды ачуу жана тышкы рынокко продукцияларды экспорттоо зарыл.

# 3-БАП. ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ ШАРТТАРЫНДА АЙЫЛ-ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫН ӨНДҮРҮҮ ЖАНА САТУУНУН АТААНДАШТЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ

## 3.1. Аймактын айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизмдери

Учурдагы айыл чарбасынын азык-түлүк рыногундагы атаандаштык катары бул рыноктогу чарбалык субъекттилердин карама-каршылыктуу мүнөзү, мындагы алардын көз карандысыз аракеттери алардагы ар биринин тийиштүү ички же сырткы товарлар рыногундагы товарлардын агымдарын илгерилетүүдөгү жалпы шарттарга таасир эткен мүмкүнчүлүктөрүнүн натыйжалуулугун шарттайт. Атаандаштыктын максаты болуп товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан ыңгайлуу болгон шарттарды жана көбүрөөк кирешелерди алуу саналат.

Эт азыктарынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн уюштуруучулук-экономикалык механизмдерин түзүүгө байланышкан теориялык- методикалык аспекттерди изилдөө аркылуу, жакынкы келечекте аймактагы эт өндүрүшүнүн өнүгүүсүндөгү сапаттык жаңы деңгээлди камсыздоодогу прогрессивдик өнүгүүнүн жаны багыттарын аныкташ керек.

«Эт өндүрүшүнүн өнүгүүсүндөгү сапаттык жаңы деңгээл» термини эт өндүрүшүндөгү өндүрүштүк жараяндарды башкарууда заманбап инновациялык

технологияларды колдонуу, сектордун өндүрүштүк жана инфраструктуралык түзүмдөрүн техникалык жана технологиялык жактан жаңылоону ишке ашыруу, заманбап башкаруу механизмдерин колдонуу, өндүрүлгөн продукциянын эл аралык сапат стандарттарына дал келүүсү, тобокелчиликтерди жана терс кесепеттерди азайтуу максатында инновациялык долбоорлорду ишке ашырууга инвестициялардын натыйжалуулугун баалоону билдирет.

Ош облусунда эт азыктарынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жетиштүү көлөмдөгү каражат талап кылынат жана бөлүнгөн каражат жетишсиз. Ош облусундагы эт өндүрүшүндө чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча өзүбүздүн стратегиялык чараларыбызды жана аларды иш жүзүнө ашыруу механизмин сунуш кылабыз. 3.1 – таблица.

**3.1-таблица- Ош облусунун 2025-2030 ж.ж. карата эт жана эт продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча стратегиялык иш-чаралар жана аны иш жүзүнө ашыруу механизмдери**

| № | Иш-чаралардын түрү | Иш-чаралардын максаты | Иш жүзүнө ашыруу механизми | Иш жүзүнө ашыруу денгээли |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Инвестициялык | Ош облусунда инвесторлорду тартуу жана чийки этти терен кайра иштетүү боюнча өндүрүштү түзүү аркылуу жаны өндүрүштөрдү жана жогорку өндүрүмдүү жумуш ордун түзүүнү камсыз кылуу;<br>Эт өндүрүшүн техникалык жана технологиялык модернизациялоо, инвестициялык ишмердүүлүктү жана инновациялык өнүгүүнү стимулдаштыруу. | Аймактын өнүгүүсүнүн узак мөөнөттүү стратегиясынын алкагында инвестициялык долбоорлорду түзүү жана иш жүзүнө ашыруу | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, чарбалык субъекттер |
| | | | Эт өндүрүшүнө мамлекеттик колдоону иш жүзүнө ашыруу үчүн насыя мекемелерин тартуу | Банктар, насыя-финансылык мекемелер |
| | | | Эт өндүрүшүнө бизнес өкүлдөрүн тартуу | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Инвесторлор |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Сезондуулук жана башка факторлорго карата насыялык линиялардын ийкемдүү шарттарын кийрүү | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, банк мекемелери |
| 2. | Мыйзам чыгаруучу | Өндүрүлгөн эт продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу, ишкердикти өнүктүрүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү, тармактын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу. | Агрардык жана жер мыйзамдарын өнүктүрүү | КРнын Министрлер кабинети, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү |
| | | | Ондүрүлгөн продукциянын көлөмүнө жараша ишканаларга колдоо көрсөтүү механизмин иштеп чыгуу | КРнын Министрлер кабинети, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү |
| | | | Эт өндүрүшүнүн өнүгүү стратегиясын түзүү | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, |
| 3. | Башкаруу Чулук | Айылдык аймактардын туруктуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү | Аймактын эт өндүрүшүн уюштуруу жана башкаруунун оптималдуу моделин иштеп чыгуу | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү |
| 4. | ИИИ жана билим берүү процессин өнүктүрүү | Эт өндүрүшүнүн инновациялык өнүгүүсү маселесин чечүү үчүн жогорку, орто атайын жана баштапкы кесиптик билим берүү мекемелери жана агробизнестин ортосундагы туруктуу байланыштарды калыптандыруу багытында агробилим берүү процессин өркүндөтүүнүн эсебинен айыл-чарбасындагы адистердин билим берүү денгээлин | Илимий изилдөөгө жана иштеп чыгууларга мамлекеттин жана уюмдардын буюртмаларын аткаруу | КРнын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, |
| | | | Агрардык профилдеги жогорку квалификациялу у адистерди даярдоо | |
| | | | Жаш адистерди айыл жергесине жумушка тартуу саясатын жүргүзүү | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жогорулатууну камсыз кылуу | Айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүн үн ортосундо жыл сайын конкурстарды өткөрүү | |
| | | | Орточо айлык акынын денгээлин которүү | |
| 5. | Уюштуруу чулук | Эт продукцияларын сактоо, кайра иштетүү жана сатуу боюнча логистикалык чынжырча системасын калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү | Аймактагы эт продукцияларын өндүрүүчү ишканалардын атаандаштыгын жогорулатуу үчүн эт кластерин түзүү | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, чарбалык субъекттер |
| 6. | Өндүрүш Түк | Эт жана эт продукцияларын өндүрүүнүн өсүүсүн стимулдаштырууну камсыз кылуу; айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн кирешелүүлүгүн камсыз кылуу, кенейтилген кайра өндүрүш үчүн уюштурууучулук-экономикалык шарттарды түзүү. | Асыл тукумдуу уй жаныбарларын сатып алуу үчүн мал чарба фермалардын чыгымдарынын бөлүгүн жабууга мамлекеттик колдоо | КРнын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги |
| 7. | Маркетинг дик | Эт өндүрүшүн өнүктүрүү жана эт продукцияларынын, чийки зат жана азык-түлүктөр рыногун жөнгө салуу боюнча иш чараларды иш жүзүнө ашырууну камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү. | Чийки эт продукцияларын өндүрүүчүлөр, кайра иштетүү ишканалары үчүн маалыматтык-кенеш берүүчү ресурстарды калыптандыруу | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, |
| | | | Агро-өнөр жай көргөзмөлөрүн, жарманкелерди, форумдарды өткөрүү | КРнын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги |
| | | | Айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүн | КРнын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | маалыматтык камсыз кылуу тутумун калыптандыруу боюнча иш чараларды өткөрүү | министрлиги, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү |

*Булак: автор түзгөн*

3.1- таблицадагы Ош облусунун 2025-2030 ж.ж. карата эт жана эт продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча стратегиялык иш-чаралар жана аны иш жүзүнө ашыруу механизмдерине багытталган иштеп чыгуулар облусттун агроөнөр жай чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүүнүн программасынын бөлүгү катары колдонулат деп эсептейбиз.

Экономикалык натыйжаны Ош облусунун 2019-2025-жылдарга агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн Программасынын долбоорун түзүү учурунда пайдаланылган ыкманын аркылуу эсептедик, ал статистикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсү менен тренд баасына негизделип, экономикалык өсүштүн же төмөндөөнүн тенденцияларын белгилеген.

Региондун эт өндүрүшүн  мындан ары өнүктүрүүдө айыл чарба субъекттеринин натыйжалуу, экономикалык жактан пайдалуу иштөөсүнө тоскоол болуучу нормативдик базаны жоюу жана өркүндөтүү, аймактардагы агрардык саясатты жүргүзүүдөгү негизги стратегиялык максаттардан катары айыл аймактарын өнүктүрүүдө  шарттарды түзүү керек.

Мындай документтин мисалы катары Ош облусунун 2025-жылга түзүлгөн өнүгүү стратегиясын белгилесек болот, анда аймактын айыл чарба субъекттерине көмөктөшүү, агроресурстук мүмкүнчүлүктөрү каралган. Ош облусуна, анын учурдагы негизине жана өнүгүүнүн артыкчылыктуу драйверлерине арналган преамбулада агроөнөр жай чөйрөсүн өнүктүрүүгө арналган сунуштар аз.

Ош облусундагы агроөнөр жай чөйрөсүн өнүктүрүү программасындагы жаңы багыттарды аткарууда эт өндүрүшүн өнүктүрүү үчүн, атап айтканда:

- аймактагы пилоттук долбоорлордун алкагында айылдык калктуу коңуштарды комплекстүү компактуу өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө колдоо көрсөтүү;
- экономикалык жактан маанилүү региондук программаларды колдоо;
- эт жана таза эт азыктары рыногун жөнгө салуу зарыл.

Өндүрүлгөн эт азыктары аймактын калкынын керектөөлөрүн толук кандуу канааттандырбайт жана башка аймактардан келүүсүнүн эсебинен толукталат. Ошол эле учурда, акыркы беш жылда чийки эт азыктарын өндүрүүнүн көлөмү оң динамикасын көрсөттү.

Мамлекеттин жана жергиликтүү бийлик органдарынын аракеттери жана алардын өзүлөрүнүн агро-өнөр жай өндүрүшүн колдоо иш чаралары агрардык сектордогу кырдаалды турукташтырууга жана анын азык-түлүк коопсуздугун жакшыртууга шарттайт. КРда товар өндүрүүчүлөрдүн экономикалык кызыкчылыктарынын бажы жана тарифтик жөнгө салуу иш чараларын кээ бир азыктарга, мисалы, канаттуулардын этинин рыногундагы мамлекеттик сатып алууларга карата колдонуп, натыйжалуу коргоонун оң мисалдары келтирилген.

Кырдаалдарды мындан ары турукташтыруу жана агроөнөр жай чөйрөсүндөгү чарбалык субъекттилердин ийгиликтүү иштөөсү үчүн, өкмөт айыл чарбасын өнүктүрүүдө аймактардын бул тармагын өнүктүрүү боюнча саясатты жүргүзүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодо иш аракеттерди жүргүзүү керек. Бул саясат өз ичине айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуу боюнча иштер, айыл аймагынын калкын азык-түлүк менен камсыздоо, ал эми тамак аш өнөр жайын чийки заттар менен жабдып туруу, иш орундарын түзүү, бюджетти салыктар менен камсыздоо бар.

Айыл чарба тармагындагы эт өндүрүшүн өнүктүрүүдө асыл-тукумдуу мал чарбачылыгын өркүндөтүү, өндүрүлгөн продукциянын натыйжалуулугун камсыз кылуу, жаны заманбап технологияларды колдонуу жана өндүрүшкө инновацияларды кийрүү аркылуу жетишсе болот. Ошол эле учурда Ош облусундагы агроөнөр жай чөйрөсүндө, а.и. эт өндүрүшүндө ага тоскоол болуучу көйгөйлөр бар.

Изилденип жаткан аймакта эт өндүрүшүн натыйжалуу өнүктүрүүдө негизги капиталдарга тиешелүү инвестицияларды салуу, о.э. узак мөөнөткө эсептелинген жаңы инновациялык, жогорку технологиялык өндүрүштөрдү калыптандыруу керек. Мындан тышкары, аймактык деңгээлде айыл жергесин тиешелүү багытта телекоммуникациялык жана инженердик чечимдерин даярдоо жана жабдуу үчүн мамлекет тарабынан колдоо керек. Ошондой эле, өндүрүлгөн продукция сапатын эл аралык стандарттарына жооп берүүсү үчүн талаптардын нормасын аткарган инвестициялык аянтчаны түзүү жана өнүктүрүү, тармакта: жол, электр энергиясы, газ, суу менен камсыз кылууну талап кылат. Ошол себептен, агрардык сектордун, а.и. эт өндүрүшүнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу маанилүү маселелерден болуп саналат.

Ош облусунун агрардык секторуна инвестицияларды тартуудагы эң маанилүү көйгөйлөрдөн болуп, өлкөбүздүн көз карандысыздыкты алгандан кийинки реформалардын туура эмес нукта жүргүзүлүп, менчиктештирүүдөгү иштердин купулубузга толбой калгандыгы эсептелинет. Жер ресурстарына болгон менчиктик жана аны колдонуунун механизмдери ага жеткиликтүүлүктү чектейт жана аны сарамжалдуу бөлүштүрүүгө жана пайдаланууга жол бербейт, бул айыл чарба жерлеринин натыйжасыздыгына алып келет. Бул жагдай о.э. айыл чарба жерлеринин түшүмдүүлүгүн калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды өткөрүүгө тоскоол болуп жатат. Натыйжада, айдоо жана жайыт жерлеринин олуттуу аянты жыл сайын экономикалык жүгүртүүдөн алынып, андан ары деградацияга учурап, жердин түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү байкалууда.

Облусттун агроөнөр жай чөйрөсүнүн эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жана натыйжалуулугунун деңгээли азырынча болгон потенциалды толук пайдаланууга мүмкүнчүлүк бербейт жана анын жыйынтыгында эл чарбасынын башка секторлору менен, анын ичинде АӨЧдогү өндүрүшүнүн башка аймактагы ишканалары менен атаандаштык жөндөмдүүлүктү жүргүзө алышпайт.

Айыл чарба секторундагы туруктуу өнүгүүсүн башкаруунун жакшыртылган методдорун, б.а., программада максаттуулук негиздеги методду

эң алгылыктуу жана натыйжалуу колдонуу керек. Бул ыкманы колдонуу биздин терең ишенимибиз менен төмөнкүлөрдү ачып берет: модернизациялоону жүзөгө ашыруу жана инновациялык өнүгүүгө өтүү үчүн айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн кирешелүүлүгүнүн деңгээлинин жетишсиздигинен улам Дүйнөлүк соода уюмунун стандарттарынан агрардык сектордун техникалык жана технологиялык артта калуусу; Ош облусунда продукцияны өнөр жайлык кайра иштетүүнүн төмөн деңгээли, бул айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн продукциясын сатуу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Белгиленген маселелерди чечүү үчүн программалык-максаттык ыкманы колдонуудагы максатка ылайыктуулугу Ош облусунун агрардык секторун өнүктүрүү жана чийки заттар жана азык-түлүк базарларын жөнгө салууда төмөнкү көйгөйлөр орун алган:

- стратегиялык долбоорлорду жана бюджеттик жана бюджеттик эмес чыгымдарды талап кылууга;

-укуктук- нормативдик документтерди өркүндөтүү, айыл чарба өндүрүшүнө инновациялык техника жана технологияларды пайдаланууга жана аймактардагы калкты жумуш менен камсыздоого жана кирешелерди көбөйтүүгө арналган агрардык саясатты иш жүзүнө ашырууга багытталуусу керек.

Ош облусунда программалык- максаттуу ыкма аркылуу төмөндөгү багыттар боюнча эт өндүрүшүндө аны өнүктүрүүдө артыкчылыктуу катары эсептелинет:

- агрардык секторду өнүктүрүү үчүн бул секторго инвесторлорду инновациялар аркылуу технологиялык жактан заманбап өндүрүштү түзүүгө тартуу;

- агрардык сектордо аны жаны инновациялык технологиялар жана заманбап технологияларды кийрүү аркылуу өнүктүрүү менен айыл чарба субъекттеринин кирешелүүлүгүн жогорулатуу;

- агрардык секторго жогорку кесиптик квалификацияга ээ адистерди тартуу, алардын квалификациясын жогорулатуу тутумун өркүндөтүү;

- агрардык багыттагы жерлердин натыйжалуу рынок түзүмүн түзүү;

- агрардык жерлерди жана агрардык ландшафттарды сактоо жана аларды сарамжалдуу колдонуу, топурактын асылдуулук тутумун калыбына салуу жана өркүндөтүү;

- айыл жергелеринде айыл өкмөттөрдүн же башка формадагы жергиликтүү бийлик органдарынын ресурстарын тартуу аркылуу айыл чарба субъекттилеринин чакан формаларын өнүктүрүү аркылуу кошумча жумуш орундарын калыптандыруу;

- ички рынокторду өнүктүрүү үчүн кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайы уюмдарынын өнүгүүсүн стимулдаштыруу.

Агрардык секторду тең салмактуу өнүктүрүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруунун программалык-максаттуу ыкмасын колдонуунун топтолгон тажрыйбасы, сунушталган Программанын негизинде ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн максаттуулугун шарттайт. Булардан башка, аталган Программаны иштеп чыгуу жана практика түрдө колдонууда Ош облусунун агро-өнөр жай чөйрөсүн өркүндөтүүгө байланышкан приоритеттердин пайдалуу формасы болуп саналат, себеби ал төмөнкүлөргө мүмкүндүк түзөт:

- сектордун өнүгүүсүндөгү приоритетке ээ маселелерди аныктоого, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн жалпы механизмин камсыздоо;

- пландаштырылган иштерди, о.э. тиешелүү корсөткүчтөр аркылуу божомолдоо, анализ жана көзөмөл кылуу максатында Программаны иш жүзүнө ашырууга мониторинг жүргүзүү;

-акчалай ресурстарды айыл чарбасын өнүктүрүүнүн приоритетке ээ багыттарына топтоо.

Көрсөтүлгөн программалык иш-чараларды жүзөгө ашыруу кыска мөөнөттө Ош облусунун аймагынын агроөнөр жай чөйрөсүнүн чарбалык субъекттеринин жана алар өндүргөн эт азыктарынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатууну камсыз кылышы керек.

Программанын максаттарына жетишүү Ош облусунун аймагынын эт азыктарын өндүрүүчүлөрүнүн ички жана тышкы азык-түлүк рынокторунда

үлүшүнүн көбөйүшүнө өбөлгө болот деп ишенебиз. Эксперттик эсептөөлөр боюнча, 2025-жылдан 2030-жылга чейинки мезгилде аймакта эт өндүрүшүнүн жылдык орточо өсүү темпи 5,2%дан кем эмес деп прогноз кылынууда. Ошол эле учурда, агрардык сектордогу кызматкерге карата эмгек өндүрүмдүүлүгү 2030-жылга чейин 2024-жылдын деңгээлине карата 3 эсеге жогору болуп, 1800миң сомго барышы зарыл.

Биз 3.1-сүрөттө көрсөтүлгөн эт өндүрүшүн өнүктүрүү боюнча экономикалык механизмдеринин элементтерин жана анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизми катары негиз катары алдык.

Эт өндүрүшүн өнүктүрүүдөгү экономикалык механизмдерин аныктоо бул кырдаалдагы көп кырдуу экендигин айгинелейт.

Биз аны өнүктүрүүнүн ар түрдүү формасында жана стадиясында болгон, өз ара байланыштагы жана бири бирине көз каранды түзүмгө ээ, ааламдашуу учурундагы нормалардагы мамлекеттик уюштуруу механизмдери менен таасирин тийгизген, ишмердүүлүктөгү өндүрүштү ар түрдүү жана натыйжага ээ тынымсыз жана туруктуу өнүгүүдөгү көп факторлук тутум, инновациялык-инвестициялык, тиешелүү каражаттары жана эт продукциясын өндүрүү, кайра иштетүү, сактоо жана сатуу процесстериндеги табигый-климаттык шарттар, аймакта азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу деп эсептейбиз.

Ош облусунун аймагынын эт өндүрүшүнүн чарбалык субъектилеринин өз ара аракеттенүүсүнүн экономикалык механизминин эң маанилүү функциясы айыл чарба өндүрүүчүлөрүн заманбап рынок талаптарына жана натыйжалуу иштөөнүн натыйжалуу рычагдарына адаптациялоонун сапаттык жаңы мамилесин калыптандыруу болуп саналат.

Ош облусунун аймагынын эт өндүрүшүнүн чарбалык субъектилеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизмдери аймакты тактикалык жана жана стратегиялык пландаштыруунун, прогноз түзүүнүн аймактагы жараяндарын камтуусу зарыл. Интеграциялоодогу уюштуруучулук-экономикалык механизмдерин өркүндөтүүнү камтыган негизги

фактор натыйжалуулугун, экспорттук потенциалын жана атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүн уюштурууга жана иш жүзүнө ашырууга арналган вертикалдык интеграцияга ээ түзүмдү калыптандыруу болуп саналат (3.1-сүрөт).




**3.1 - сүрөт- Ош облусунун чарбалык субъекттеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизми**

*Булак :автор түзгөн*

3.1- сүрөттөгү көрсөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизмдер аймакта инвестицияларды тартуу, инновацияларды кийрүүнү жакшыртууга ээ, натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыздоо жана аймактын экономикасынын өнүгүүсүнө, илим менен практиканын интеграцияланышына, каражаттарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга шарт түзөт.

Чийки эт продукциясын жеткирүү, өндүрүү жана сатуу жараяндарындагы материалдык агымдардын менеджментинин методологиялык негизи катары, бирдиктүү уюштуруучулук жана технологиялык чынжырчанын бардык катышуучуларынын арасындагы өз ара байланышы ачык айкын билинип турат.

Эт өндүрүшүндөгу чарбалык субъектилердин натыйжалуу өнүгүү деңгээли анын атаандаштык жөндөмдүүлүгү менен байланышкан, бул, албетте, практика жүзүндө туруктуу атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу жана пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн иш жүзүнө ашыруунун негизги формасы катары эсептелинет. Мындан улам, эт өндүрүшүндөгү туруктуу өнүгүүнү камсыздоо максатында атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн абалын жогору кылуу милдети социалдык- экономикалык жана экологиялык чөйрөлөр менен байланышкан атаандаштыкка ээ мезгилде иш жүзүнө ашат. О.э., атаандашуу мүмкүнчүлүктөрүн уюштуруу жана жүргүзүү чарбалык механизмдерди жакшыртуу менен башкаруу объектилердин сакталуусун камсыздайт.

Сунуш кылынган уюштуруучулук-экономикалык механизмдин негизги милдеттеринин арасынан биз төмөнкүлөрдү белгилеп кетебиз:

- Ош облусундагы айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрү менен байланышкан эт азыктарынын өндүрүшүн өркүндөтүү жана жаңы технологиялык мүчүлүштүктөрдү аныктоо;

- региондук агроөнөр жай чөйрөсүнүн келечектүү долборлоруна кийинки инвестицияларды тартуу жана жаңылык инновациялык "өсүү чекиттерин" тактоо;

- инновациялык өнүгүүнун негизин түзгөн эт азыктарын өндүрүүчүлөрдү мамлекеттик колдоо боюнча аймактык деңгээлде программаларды иштеп чыгуу;

- агроөнөр жайлык адистешүү жараянындагы түшүнүктөрдү жаңылоо жана сектордогу чарбалардын өз ара интеграциясын бекемдөө;

- аймактарды өнүктүрүү үчүн жогорку окуу жайлардын кызматтарын кенири пайдалануу;

- аймактарда санариптештирүүнү өркүндөтүү аркылуу аны колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

Андан ары изилдөөбүздү экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык анализи аркылуу байланышын аныктап прогноз жасайбыз. Ал үчүн бир канча көрсөткүч-факторлорду алып, төмөнкү 3.2-таблицаны түзүп алабыз.

**3.2-таблица- Ош облусунда 2023-жылга чейин айыл-чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун прогнозу**

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Тренд тендемеси | Аппроксимациянын орточо катасы | Детерминация коэффициенти | 2023 факт. | 2024 прог. | 2025 прог. | 2026 прог. | 2027 прог. | 2028 прог. | 2029 прог. | 2030 прог. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эт (союлган салмакта), мин.т | y = 1.54* x + 43.16 | A=1,2 | $R^2$ =0,96 | 50,4 | 2,4 | 53,94 | 55,48 | 57,02 | 58,56 | 60,1 | 61,64 |
| Этти ондуруу,мин.т | y = 1.31* x + 83.33 | A=0,12 | $R^2$ =0,99 | 90,0 | 91,19 | 92,5 | 93,81 | 95,12 | 96,43 | 97,74 | 99,05 |
| Кайра иштетилген эт азыктары, мин т. | $y = 4.93878*0.99165^x$ | A=3,71 | $R^2$ =0,9 | 4,9 | 4,69 | 4,65 | 4,6 | 4,5 | 4,5 | 4,5 | 4,46 |
| Эт продукцияларын сатуу ( кайра иштетилбеген), мин .т. | $y = 53.50494*x^{-0.18}$ | A=3,79 | $R^2$ =0,89 | 38,2 | 38,75 | 37,69 | 36,79 | 36,02 | 35,35 | 34,74 | 34,20 |
| Дан (иштетилген кийинки салмакта | y = 9.12 *x + 287.48 | A=1,02 | $R^2$ =0,9 | 333,4 | 342,2 | 351,32 | 360,4 | 369,5 | 378,68 | 387,8 | 396,92 |
| Пахта сырьесу | $y = 33.85327*x^{-0.08024}$ | A=5,11 | $R^2$ =0,6 | 29,3 | 29,32 | 28,959 | 28,65 | 28,38 | 28,142 | 27,92 | 27,734 |
| Тамеки | $y = 0.68812*1.06356^x$ | A=10 | $R^2$ =0,53 | 1,0 | 0,995 | 1,0592 | 1,126 | 1,198 | 1,2743 | 1,355 | 1,4415 |
| Картошка | y = 2.5222*ln(x) + 204.885 | A=0,73 | $R^2$ =0,65 | 211,4 | 209,4 | 209,79 | 210,1 | 210,4 | 210,69 | 210,9 | 211,15 |
| Жашылчалар | $y = 166.1864*1.03153^x$ | A=1,81 | $R^2$ =0,91 | 198,2 | 200,2 | 206,52 | 213,0 | 219,7 | 226,68 | 233,8 | 241,2 |
| Бакча өсүмдүктөрү | $y = 55.53107*x^{-0.07413}$ | A=1,33 | $R^2$ =0,92 | 49,4 | 48,62 | 48,072 | 47,59 | 47,18 | 46,817 | 46,48 | 46,189 |
| Май өсүмдүктөрү | y = -1.6508* ln(x) + 4.8206 | A=1,39 | $R^2$ =0,99 | 2,1 | 1,862 | 1,6083 | 1,387 | 1,193 | 1,0195 | 0,862 | 0,7185 |
| Мөмө жана жемиш | y = 1.3* x + 52.68 | A=0,52 | $R^2$ =0,98 | 59,6 | 60,48 | 61,78 | 63,08 | 64,38 | 65,68 | 66,98 | 68,28 |
| Эт (союлуучу салмакта) | y = 1.54* x + 43.16 | A=1,2 | $R^2$ =0,96 | 50,4 | 2,4 | 53,94 | 55,48 | 57,02 | 58,56 | 60,1 | 61,64 |
| Чийки сүт | $y = 315.72201*1.01938^x$ | A=0,09 | $R^2$ =0,99 | 347,7 | 354,26 | 361,13 | 368,12 | 375,26 | 382,53 | 389,94 | 397,5 |
| Жүн, т | $y = 2315.82*x^{-0.01948}$ | A=0,73 | $R^2$ =0,81 | 2 220,4 | 2236,4 | 2229,7 | 2223,9 | 2218,8 | 2214,2 | 2210,1 | 2206,4 |
| Жумуртка, млн. даана | y = 2.42 *x + 56.46 | A=0,65 | $R^2$ =0,98 | 68,7 | 70,98 | 73,4 | 75,82 | 78,24 | 80,66 | 83,08 | 85,5 |

*Булак: автордук эсептөөлөр.*

Тармакта программалык иш-чараларды жүзөгө ашыруунун оң натыйжасы болуп, натыйжалуу фермердик чарбалардын үлүшү көбөйүшү керек, алардын болжолдуу көрсөткүчтөрү боюнча, региондогу айыл чарба уюмдарынын жалпы санынын кеминде 30%, эт продукцияларын өндүрүү секторунда рентабелдүүлүк көрсөткүчүнүн деңгээли - 10-15%дан жогору болушун камсыз кылуу зарыл

**3.3-таблица- Ош облусунда айыл-чарба продукцияларын дүн өндүрүү**

| | **Айыл-чарба продукцияларын дүн өндүрүү** | **Өсүмдүк өстүрүүчүлүк** | **Мал чарбачылыгы** |
|---|---|---|---|
| | У | $X_1$ | $X_2$ |
| 2019 | 41 851,70 | 18 849,90 | 22 325,90 |
| 2020 | 49 208,20 | 22 283,70 | 25 569,60 |
| 2021 | 63 958,00 | 31 297,30 | 31 073,60 |
| 2022 | 71 999,40 | 35 891,60 | 34 495,10 |
| 2023 | 74 611,30 | 35 324,20 | 37 476,70 |
| | Lg (У) | Lg( $X_1$) | Lg( $X_2$) |
| 2019 | 10,64189 | 9,844263 | 10,0135 |
| 2020 | 10,80382 | 10,01161 | 10,14916 |
| 2021 | 11,06598 | 10,35129 | 10,34411 |
| 2022 | 11,18441 | 10,48826 | 10,44857 |
| 2023 | 11,22005 | 10,47232 | 10,53147 |

*Булак: КР УСК*

Ош облусундагы эт өндүрүшү менен алектенген ишканалардын туруктуу өнүгүүсү үчүн жаны уюштуруучулук-экономикалык механизмдерин моделдөөнүн алкагында бул өндүрүштүн менеджментинин системасына түзөтүүлөрдү кийрүү алгоритми сунушталды. Бул алгоритмдин негизинде, төмөнкү иш-аракеттерди иш жүзүнө ашыруу керек:

- аймактагы эт өндүрүшүнун менеджментинин учурдагы абалын диагностикалоо жана анын алсыз жактарын аныктоо;

- узак мөөнөттө (стратегиялык), тез чечим чыгаруучу негиздемелерди аныктоо жана аймактын эт өндүрүшүнүн менеджмент системасын жакшыртуудагы маселелерди аныктоо;

- эт өндүрүшүндөгү башкарууну жакшыртуу жолдорун жана аны жүргүзүүдөгү маселелерди тактоо;

- эт өндүрүшүн башкаруудагы өзгөрүүлөрүнө карата аракет кылуу жана келечектерин изилдөө;

- өнүктүрүү жоболорун иштеп чыгуу, о.э. аймактын эт өндүрүшүндөгү башкаруу тутумун жакшыртуу жолдорун жана принциптерин түзүү; аларды башкаруу стратегияларын, тактикаларын түзүү;

- кабыл алынган өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу процессин уюштуруу жана региондун эт өндүрүшүн башкаруу тутумунда көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугун баалоо.

**3.4-таблица - Ош облусу боюнча айыл-чарбасынын дүн өндүрүүнүн факторлорунун таасири**

| | **Коэффи-циенттер** | **Станд. Ката** | **t-статистика** | **P-мааниси** | **Төмөнкү 95%** | **Жогорку 95%** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| C | 0,644932 | 0,209908 | 3,072447 | 0,091609 | -0,25823 | 1,548094 |
| $X_1$ | 0,484977 | 0,047859 | 10,1335 | 0,009598 | 0,279057 | 0,690897 |
| $X_2$ | 0,522004 | 0,065009 | 8,029657 | 0,015158 | 0,242291 | 0,801717 |
| Көптүк R | 0,999891 | Нормалдаштырылган R-квадрат | | 0,999565 | F | 4592,316 |
| R-квадрат | 0,999782 | Стандарттык ката | | 0,005239 | Маанилуулугу F | 0,000218 |

*Булак: автордук эсептөөлөр.*

*(1)*

$$lg\, a = 0,6 \Rightarrow а = 10^{0,6} = 3,98$$

$$B_1 = 0,48 \Rightarrow B_2 = 0,52$$

Эсептөөлөрдүн натыйжасында көп регрессиянын даражалуу моделинин теңдемеси алынды:

*(2)*

$$\hat{Y} = 3,98 * {X_1}^{0.48} * {X_2}^{0.52}$$

Модельдин алынган теңдемеси маанилуу, бул 1ге жакын болгон детерминация коэффициентинин мааниси (R2 = 0,99) менен көрсөтүлөт, ал эми

F-критериясынын алынган мааниси таблицадагы мааниден олуттуу ашып кетет. Мындан тышкары, F мааниси 0,000218ге барабар, б.а. биздин мисалда бүтүндөй алынган моделди маанилүү деп кабыл алууга болот. Модельдин фактордук көрсөткүчтөрү келип чыккан У дагы вариациянын 99% түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет деп белгилесек болот.

Сызыктуу эмес көп даражалуу моделинде факторлордун коэффициенттери ийкемдүүлүк коэффициенттери болуп саналат.

Ийкемдүүлүк коэффициенти факторлордун бири 1% көбөйтүлсө, калган факторлордун мааниси өзгөрүүсүз калса, $\hat{Y}$ натыйжадагы өзгөчөлүктүн орточо мааниси канча пайызга өзгөрөөрүн көрсөтөт.

Сызыктуу эмес көп даражалуу моделинин параметрлеринин экономикалык чечмөөлөсү төмөнкүдөй:

-эгерде өсүмдүк өстүрүү 1% өссө, анда агрардык сектордун дүң продукциясы орто эсеп менен 0,48%га өсөт.

-эгерде мал чарбасындагы продукцияны өндүрүү 1% өссө, анда айыл чарбасынын дүң продукциясы 0,52%га өсөт.

## 3.2. Айыл-чарба кооперациясы айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары

Бүгүнкү күндө аймактын айыл чарбасында кооперация тутумун мындан ары өнүктүрүү агроөнөр жай чөйрөсүндө өркүндөтүү үчүн жаңы механизмдерди талап кылат. Биринчи кезекте, жергиликтүү жана мамлекеттик органдар тарабынан жөнгө салуу аркылуу тиешелүү чечимдерге ээ болгон кызматташуунун формасын аныктап, бул чөйрөдөгү катышуучулардын арасындагы өз каалоосу аркылуу чарбалык мамилелерди жөнгө салуунун механизмдерин калыптандыруу керек.

Бул максатта агрардык кооперативдерди калыптандыруунун укуктук-чарбалык жоболорун, андагы менеджмент системасын аныктаган

"Кооперативдер жөнүндө" КРнын мыйзамынын кабыл алынуусу айыл чарба кооперациясынын өнүгүүсүнө мыйзамдык жактан негиз боло алат [9].

Бүгүнкү күндө аймактагы фермерлер айыл чарба кооперативдерин ыктыярдуулук негизде түзүү менен анын ишмердүүлүгүн жүргүзүү зарыл экендиктерин белгилөө менен аны иш жүзүнө ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет: [2]

- жер, суу, материалдык-техникалык жана эмгек ресурстарын сарамжалдуу колдонуу;
- илимий негиздеги которуштуруп айдоо тутумун колдонуу;
-заманбап инновациялык техника жана технологияларды, негизги каражаттарды жаңылоого каражаттарды топтоо;
- агрардык сектордогу өндүрүлгөн продукцияларды кардарлар үчүн алардын тандоосуна ылайык өз убагында чоң көлөмдө камсыз кылуу;
- ири өлчөмдө банктык жана банктык эмес насыяларды, чет өлкөлүк өнөктөштөрдөн каражаттарды жана гранттарды алуу.

Бүгүнкү күндө республикада кооперативдер жакшы өнүгө элек жана калыптандуу процессинде болуп жатат. Бул айтылганга себеп катары өлкөбүздөгү менчиктештирүү мезгилиндеги ири чарбалардын майда фермердик (дыйкан) чарбаларга бөлүнүп кетүүсү менен түшүндүрүлөт.

Өлкөбүздө мамлекет тарабынан насыялоонун өнүккөн системасынын калыптана электигине байланыштуу агрардык өндүрүштү өнүктүрүү үчүн эл аралык донор уюмдарынын каражаттарын пайдалануу зарыл, себеби бул сектордо негизги каражаттарды жанылоо керек. Финансылык кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик институттар менен жеке финансылык институттарынын өнөктөштүк механизмдери толук кандуу калыптана элек.

Финансылык-насыялык институттардын, бизнес чөйрөлөрүнүн лизинг кызматтарын көрсөтүүдөн баш тартуусу өлкөбүздөгү ченемдик-укуктук базалардын толук кандуу калыптанбагандыгынан жана айыл чарба мекемелеринин бул боюнча маалыматтардан кабарсыз экендигинен келип

чыккан. Жалпысынан айыл чарба тармагы мамлекет тарабынан жөнгө салууга жана колдоого муктаж тармак болгондуктан, аймактардагы инфраструктуранын начардыгы, киреше алуу булагынын төмөнкү өлчөмдө болуусу бул тармакта чон тобокелчиликтер менен коштолуп каржылык- насыялык институттар үчүн жагымсыз катары эсептелинүүдө.

Бул айтылгандарды камсыздоодо дыйкан, фермерлерди негизги каражаттар менен: техникалар, комбайндар, тракторлор, машиналар менен камсыздоо, агрардык өндүрүштү автоматташтыруу, кайра иштетүү менен алектеген ишканаларда заманбап техника жана технологиялар менен камсыздоодо көз карандысыз лизинг компанияларын түзүү керек. Республикада лизингдик кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүдөгү терс жактарды жок кылып, бул кызмат көрсөтүү рыногундагы бардык катышуучуларды - лизинг берүүчүлөр, өндүрүш ишканаларынын жана айыл жергесиндеги товар өндүрүүчүлөрүнүн өз ара кызматташуу менен ээн эркин ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттар менен камсыздоо керек.

Кооперативдердин өнүгүү деҢгээлин талдоо менен өлкөбүздүн экономикасында булардын кошуп жаткан салымы жөнүндө сөз кылуу азырынча эрте деген тыянакка келсек болот. Бирок, кооперативдер ири формадагы чарба катары айыл чарбасынын өнүгүүсүнө салым кошуу менен, аны начар ахывалдан алып чыгарууга жана республикада азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодо он таасир тийгизиши мүмкүн. Ушул себептен, учурда кооперативдер КРнын Министрлер кабинетинин ж.б. бийлик органдарынын колдоо көрсөтүүсүнө муктаж.

Жалпысынан өлкөбүздүн жана аймактардын айыл чарбасын өнуктүрүүдө бир гана өндүрүштүк кооперативдер менен гана чектелип калбастан, башка түрлөрүн дагы, мисалы тейлөөчү, товардык жана айыл чарба чийки заттарын кайра иштетүү жана сатуу кооперативдерин дагы түзүүгө көнүлдү буруш керек.

Бул кооперативдердин интеграциясы- өндүрүштүк, айыл-чарба, сатуу кооперативдери агрардык өндүрүштү заманбап нукта уюштурууга жана

жүргүзүүгө, продукцияны кайра иштетүү жана сатуу жараяндарын натыйжалуулуугун камсыз кылууга, экспорттук потенциалды жандандырууга, инновациялык технология менен камсыздоого алып келет. Рынок экономикасынын жана интеграциялоонун талаптарына ылайык эл аралык стандарттарды сактоо менен бардык циклдерди камсыздоо зарыл болуп саналат [106].

Жогорудагыларды эске алуу менен КРда айыл чарба жана кайра иштетүү чөйрөсүндөгү кооперативдерди өнүктүрүүгө багытталган мамлекет тарабынан иштелген программаны кабыл алуу демилгесин колдоо керек. Республикада, анын ичинде Ош облусунда кооперативдерди мындан ары өнүктүрүү үчүн төмөнкү иш-чараларды сунуш кылабыз:

- КРнын Жер кодексине жана "Запастагы жерлерден жер участокторун алууда кооперативдерге артыкчылык берүү жагынан, запастагы жерлерди түзүүнүн жана пайдалануунун тартиби жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийрүү боюнча маселени көтөрүү;

- ар кандай булактардан гранттарды тартуу жана мамлекеттик бюджеттен жарым-жартылай каржылоо аркылуу маалыматтык-кенеш берүү кызматтарына болгон талапты камсыздоо, маалыматтык жана консалтингдик компанияларды кооперативдерге кызмат көрсөтүүнү демилгелөө;

- өлкөбүздө агрардык продукцияларды экспорттоону жана импорттоону өркүндөтүү үчүн сатып алуу, өндүрүш, тейлөө жана соода кооперативдерин түзүү зарыл.

Айтылгандардан улам агрардык кооперативдерди мындан ары өнүктүрүү үчүн мол тажрыйбасы бар эл аралык донордук уюмдардын техникалык көмөгү, о.э. бул багыттагы техникалык пилоттук проекттерди кийин каржылоодо тиешелүү каражаттар зарыл болуп саналат.

Кооперация боюнча мол тажрыйбага ээ өнүккөн өлкөлөрдү изилдөө менен аларды практика жүзүндө колдонуу, эл аралык аренага чыгуу, экспорттук

потенциалды жогорулатуу КРда айыл-чарбасындагы кооперация тутумун өркүндөтүүнүн маанилүү багыттарынан болуп саналат.

Изилдеп жаткан эт өндүрүшүндө анын натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көтөрүүдө кооперативдер негизги факторлордон болуп саналат.

Айыл чарба кооперативдери ар түрдүү формада болуусу мүмкүн. Алардын курамын керектөөчүлүк же өндүрүштүк кооперативдер дагы түзүшөт. Керектөөчүлүк кооперативдер коммерциялык эмес субъект катары ишмердүүлүктүн түрүнө карата: соода, кайра иштетүү, камсыздоо, тейлөө, дыйканчылык, мал чарбачылыгы ж.б. болуп бөлүнүшү мүмкүн.

Айыл чарба чийки заттарын кайра иштетүү менен алектенген керектөөчүлүк кооперативдери (сүт, эт, мөмө-жемиш ж.б.) кайра иштетүү кооперативдеринин ордун толуктайт [123].

Негизинен агрардык өндүрүштүн өнүгүүсүнө керектөөчулук кооперациялардын салымы чоң [27]. Демек бул кооперациянын түрүн калыптандыруу практика жүзүндө агрардык сырьелорду өндүрүүчүлөр менен кайра иштеткен ишканалардын ортосундагы келишпестиктерди, каршылыктарды чечүүгө жардам берет [224]. Өндүрүштүк кооперациясынын өнүгүшүнүн аркасында өндүрүүчүлөр өздөрү чийки затты кайра иштетүү процессин уюштуруп, андан кийин бардык кошумча наркты кирешелерди бөлүштүрүүнүн жалпы түзүмүнө киргизе алышат [124]. Аталган кооперация агрардык продукцияны жогорку сапатта чоң көлөмдө сатууга жол ачат.

Изилденип жаткан чөйрөнүн туруктуулугун камсыздоодо, биз өлкөбүздөгү мал чарбачылыгын, анын түрлөрүн, өзгөчөлүгүн эске алуубуз керек. Белгилүү болгондой, агрардык сектордогу мал чарбачылыгы - бул тиешелүү деңгээлдеги өзгөчөлүктөр (жаратылыш-климаттык шарттар, өндүрүш ресурстарынын биологиялык мүнөзү, ишмердүүлүктүн сезондуулугу) бул тармактагы тарыхый мүнөздөгү салттуу, социалдык-экономикалык мааниге ээ тармактардын катарын толуктайт. Мындан тышкары, өндүрүмдүү мал чарбасынын тармактык жана

функционалдык түзүмдөрүнүн көз карандылыгына көңүл буруу керек (3.2-сүрөт), бул туруктуу өнүгүүнүн негизинде өнүгүүнүн механизмдерин жана принциптерин түзүү зарылдыгын билдирет, анткени түзүмдөрдүн биринин ишиндеги кичинекей терс четтөөлөр дагы тармактын өндүрүмдүүлүгүнө толугу менен терс таасирин тийгизет.




**3.2 - сүрөт- Өндүрүмдүү мал чарбачылыгынын тармактык жана функционалдык түзүмү**
*Булак: автор тарабынан түзүлгөн*

Агрардык сектордо өндүрүмдүү мал чарбасын жакшыртуунун механизмдерин уюштуруу каражаттардын топтолуусунун бирдиктүү тутумга ээ болуусун, анын продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү натыйжалуу агрардык сектордун интеграцияланган өндүрүштүк-чарбалык системасын түзөт. Бул интеграцияны сактоо үчүн, о.э. натыйжалуу мал чарбачылыгынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана экономикалык натыйжалуулугун көтөрүүдө, этти кайра иштеткен субъекттерде жогорку өндүрүмгө ээ кооперативдерди түзүп ишмердүүлүктү жүргүзүү зарыл.

Ош облусунун агрардык секторундагы мал чарбачылыгынын өндүрүмдүүлүгү жогору болуусун камсыздоодо инновациялык ыкмаларды пайдалануу менен өндүрүштүк циклдин көлөмүн көбөйтүү жана натыйжалуулукту жогорулатуу саналат. Мындай максатка жетүүдө ар кандай формадагы кооперациялык кыймылдарды пайдалануу зарыл [123]. Ал үчүн мындай кыймылда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жогорку технологиялуу атайын адистештирилген сүт жана эт азыктарын өндүргөн ишканаларды жүргүзүү максатка ылайык болуп саналат. Сүт жана эт багытында ишмердүүлүгүн жүргүзгөн кооперативдерди түзүү менен чарбалык субъекттердин өндүрүштүк жараянында узак мөөнөттүү чыгымдарды кыскартуу аркылуу "масштабдын натыйжасын" колдонууга мүмкүндүк бере алат.

3.3-сүрөттө көрсөтүлүп тургандай, өндүрүшкө кооперацияны кийрүү менен агардык сектордо мал чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн ишмердүүлүгүнүн жакшыруусуна оң таасирин тийгизишип, экономикалык натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет.




**3.3-сүрөт- Өндүрүмдүү мал чарбасында кайра иштетүү өндүрүшүн кооперативдик негизде өнүктүрүүнүн артыкчылыктары**

*Булак: автор тарабынан түзүлгөн*

Кооперацияны айылдык товар өндүрүүчүлөрдү базар мамилелерине тартуунун куралы деп атаса болот, анткени жеке айыл чарба уюмдары үчүн ири ишканалардын атаандаштыгына туруштук берүү өтө кыйын. Бирикме кооперативдин мүчөлөрүнө рыноктун катаал атаандаштыгына туруштук берүүгө мүмкүнчүлүк берет, өндүрүштү өнүктүрүүгө жана айыл чарба продукциясын рынокко жайылтууга салым кошот.

Негизинен илимий негизде түзүлгөн кооперация айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн көптөгөн артыкчылыктарды берет, бирок аны түзүүдө, келечектеги мүчөлөрү белгилүү бир баскычтардан өтүүсү зарыл болуп саналат. 3.4-сүрөттө керектөөчүлүк кайра иштетүү жана сатуу кооперативинде өндүрүмдүү малдарды багуу боюнча кооперацияны өнүктүрүүнүн механизми көрсөтүлгөн.




**3.4-сүрөт – Өндүрүмдүүгү жогору мал чарбачылыгынын керектөөчүлүк кайра иштетүү-сатуу кооперативин өнүктүрүүнүн механизми**

*Булак: автор түзгөн*

Айыл чарба керектөөчүлүк кайра иштетүү-сатуу кооперативиндеги экономикалык мамилелердин схемасы 3.5 - сүрөттө көрсөтүлгөн.




**3.5 - сүрөт-Айыл чарба керектөөчүлүк кайра иштетүү-сатуу кооперативиндеги экономикалык мамилелердин схемасы**
*Булак:автор түзгөн*

Сүт багытындагы мал чарбачылыгын өнүктүрүү үчүн малдын сүтүн кайра иштетүү цехтерин калыптандырууну жана эт багытындагы малдарды өстүрүүнү, малдын этин кайра иштетүүгө арналган ишканаларды иштетүүнү сунуш

кылабыз. Эки учурда тең кайра иштетүүгө байланышкан процесстерди кооперация аркылуу жүргүзүү план кылынат.

Аймактын агрардык секторунун мал чарбачылыгында эт жана сүт азыктарын өндүрүүчүлөрүнүн кооперациясын түзүү зарыл болуп саналат, себеби мындай формадагы чарбалык түзүлүштө мал чарбачылыгынын натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көтөрүүгө, жалпы эле бул багытты өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет [129].

Аймактын мал чарбачылыгынын продукцияларын керектөөчүлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- жеке адамдар;
- чарбалык субъекттеги ишканалар;
- жеке керектөөчүлөр (бир жолку / керектуу кезде жеткирип туруу.

Ош облусундагы фермердик чарбалар жана этти кайра иштетүү ишканалары сатуу рынокторун жигердүү кеңейтүү, өндүрүмдүүлүктү жана продукциянын ассортиментин көбөйтүү боюнча туруктуу иш алып барышпайт, бул негизинен алардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизет.

3.5-таблицада биз аймактагы эт азыктарын сатуу базарларын баалоо боюнча натыйжаларды көрсөттүк.

**3.5-таблица – Мал чарба продукцияларын сатуу рыногун баалоо**

| **Көрсөткүчтөр** | **Ош шаары** | **100 км радиусундагы калктуу пункттар** | **100 км алыстыктагы базарлар** |
|---|---|---|---|
| Суроо талап денгээли | Жогорку | Жогорку | Орточо |
| Сунуш денгээли | Орточо | Орточо | Төмөн |
| Атаандаштык денгээли | Жогорку | Орточо | Орточо |
| Суроо талап менен канаттануу денгээли | Орточо | Орточо | Орточо |
| Продукцияны сатып алууга даяр керектөөчүлөрдүн лүшү | 95% | 75% | 35% |

*Булак:автор түзгөн*

3.5-таблицага талдоо жүргүзүп, Ош шаары жана ага жакын жайгашкан калктуу конуштар эт азыктарын сатуунун негизги базарлары болуп саналат деген тыянак чыгарсак болот.

Ош облусунун Кара-Суу, Ноокат, Араван, Өзгөн районунун аймактары эт азыктарын өндүргөн кооперативдик түзүмгө ыңгайлуу болуп саналышат. Сүт азыктарына караганда эт азыктары, мисалы колбаса, консервалар сактоо мөөнөтү 1 жылга чейин болуп, рентабелдүүлүгү дагы жогору. Экинчиден, сакталуу мөөнөтүн эсептегенде эт азыктарын ыкчам мөөнөттө сатуу көйгөйү дагы жок.

Мисалы, сунуш кылынган эт азыктары боюнча кооператив Өзгөн районунда ачылса, мында кооперативдин «өзөгү» Өзгөн шаарында мини цехтер түрүндө болуусу мүмкүн. Мындай кооперативдик мүнөздөгү эт азыктарын өндүргөн цехтерди облустун башка райондорунда дагы жайылтса болот.

Изилдөө көрсөткөндөй, эт азыктарын өндүрүү боюнча кооперативдерди түзүү менен анын бардык катышуучулары үчүн натыйжалуу жана пайдалуу болот. Акыр аягында мындай иш аракеттер аймактын айыл чарбасын, анын ичинде мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Жогорудагы типтеги кооперативдерди түзүү аркылуу биз Ош облусунун аймактарында мал чарбачылыгын өнүктүрүү менен кошумча мал союучу пункттарды ачсак болот, кошумча иш орундарын пайда кылууга, айыл жергесинин социалдык абалын жакшыртууга, жалпысынан Ош облусунда, өлкөдө эт азыктарына болгон керектөөсүн канаттандыруу менен азык түлүк коопсуздугун чечүүгө, экспорттун потенциалын жогорулатууга өбөлгө түзүп стратегиялык мааниге ээ.

Жогоруда белгилеп кеткенибизден сырткары, эт азыктарынын натыйжалуулугун камсыздоо үчүн, анын көлөмүнө гана эмес, сапатына дагы көңүл бөлүш зарыл болуп саналат. Ошол себептен, сатып алуучуларга мыкты сапаттагы эт азыктары менен камсыздоо үчүн логистиканы тиешелүү деңгээлде уюштуруу чоҢ мааниге ээ. Ош облусунун аймагынын климаттык-жаратылыш

шарттары экологиялык таза мал чарбасынын продукцияларын алууга өбөлгө түзөт, алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөн ага болгон суроо-талап көп экендигине күбө болуудабыз, өзгөчө араб өлкөлөрү, Иран ж.б. аларды импорттоого кызыкдар. Ошол үчүн өзүбүздүн эт азыктары бренд болуп жогорку сапатка ээ болуп рынокту ээлөөсү керек.

Агрардык сектордун продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыздоодогу жагдай болуп сапат көрсөткүчтөрүнө ээ керектөөчүлүк мүнөзү эсептелет. Бул тармактагы продукциянын сапаты өлкөбүздүн айыл чарба азыктарына болгон керектөөлөрүн камсыз кылуудагы продукциянын тиешелүү шарттарына туура келүүчү мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы катары сүрөттөлөт. Ошол үчүн мындай продукциялардын сапатына ар тараптан тиешелүү талаптар коюлат. Изилденип жаткан эт азыктарынын сапаты түсү, жыты, даамы, булгануу даражасы ж.б касиеттери менен өлчөнөт.

Продукциянын сапатын башкарууда продукциянын сапатын пландаштыруу жана божомолдоо тутумуна чоң жоопкерчилик менен мамиле кылуу керек.

Мына ошентип изилдөөбүздүн алкагында Ош облусунда эт өндүрүшүн мындан ары өнүктүрүүдө кооперативди түзүүнү сунуш кылдык. Сунушталган кооператив мал чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жакшыртууга, тиешелүү каражаттарды жыйноого жана натыйжалуу пайдаланууга, бирдиктүү өндүрүштүк жараянды жүргүзүүгө шарттайт. Ал үчүн өндүрүштүк керектөөчүлүк кооперативин түзүү керек. Мындай кооператив аймактын мал чарбасынын продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет. Бул иш аракеттерди иш жүзүнө ашырууда албетте мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын колдоосу жана жөнгө салуусу зарыл, агробизнести өнүктүрүүнүн факторлорунан болуп саналат, ошол эле учурда кооперативдин катышуучулары үчүн дагы пайдалуу болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, Ош облусундагы өндүрүмдүү мал чарбасы Кыргызстандын түштүк аймактарынын башка облустарына салыштырмалуу көптөгөн атаандаштык артыкчылыктарга ээ деп айта алабыз:

- оптималдуу табигый-климаттык шарттар;
- жакшы тоют топтоочу жайлар;
- жергиликтүү калктын жана коңшу региондордун калкынын мал чарба продуктуларына туруктуу жогорку суроо-талап;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өндүрүмдүү мал чарбачылыгына активдүү колдоо корсотуу;
- улуттубуздун кылымдардан берки калыптанган салттары жана рецепттери;
- өндүрүлгөн продукциянын мыкты сапатка ээ болуусу.

Ош облусу өндүрүмдүүлүккө ээ мал чарбачылыгын илимий негизде чет өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянып жигердүү өнүктүрүү менен заманбап инновациялар аркылуу алдыга карай кете бериши керек, ал үчүн тиешелүү инфраструктуралар бар. Жүргүзүлгөн изилдөөлөргө таянсак, анын жыйынтыгында белгиленип өткөн иш чараларды практика жүзүндө колдонуу менен өлкөбүздүн жана аймактардын экономикалык жактан өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет жана натыйжа берет деген тыянак чыгарууга болот.

## 3.3. Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалар үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу

Учурдагы өзгөрүүгө тез дуушар болуп жаткан базар экономикасынын шарттарында чарбалык субъекттердин чарба жүргүзүү жүрүм турумунда белгисиздик деңгээли жогору болуп келүүдө. Ошол себептен, чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн менеджментин өнүктүрүүгө багыт алган башкаруу чечимдерин негиздөө жана анализдөө ыкмалары чоң мааниге ээ болуп саналат.

«Чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруу» түшүнүгү учурда маанилуу категориялардан эсептелинет. Бул категориянын

экономикалык түшүнүгү агрардык сектордогу атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктоого, тактоого жана жакшыртууга багытталгандыгы менен такталып, экономикалык ишмердүүлүгүндө билинет.

М. Мансуров агрардык сектордун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруу «бул башкаруучу чечимдерди калыптандырууга багытталган ишмердүүлүк, ал өз кезегинде, ар кандай тышкы таасирлерге каршы турууга жана алдыга коюлган стратегиялык максаттарга ылайык лидерликке жетишүүгө багытталууга тийиш» деген [97]. М. Мансуровдун бул сунуш кылынган аныктамасы бүгүнкү күндө өзүнүн актуалдуулугун жогото элек.

К.Некрасов чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруунун кеңейтилген аныктамасын сунуштаган. Анын пикири боюнча, «атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу, атаандаштык артыкчылыктарын калыптандыруу жана сактоо, атаандаштык жөндөмдүүлүктү камсыз кылуу максатында башкарылуучу подсистеманын иштөө факторлоруна башкаруу субъектисинин (көзөмөлдөөчү подсистема) таасиринин үзгүлтүксүз процесси катары мүнөздөлүшү мүмкүн. Концептуалдык атаандашуу болуу жөн гана мааниге ээ эмес өнөктөштөрдүн жана атаандаштардын кызыкчылыктарын жакшы билген рынокто иштөө, ошондой эле алардын негизги конкреттүү атаандаштык артыкчылыктарын (чыныгы жана потенциалдуу) натыйжалуу ишке ашыруу жолдорун билүү» [105].

Биздин пикирибиз боюнча, агрардык сектордун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруу катары алардын рыноктогу атаандаштык позицияларын түзүү жана мындан ары өркүндөтүүгө арналган, бардык чарбалык-каржылык ишмердүүлүгүндө негизги факторлордун таасири аркылуу жүргүзүлүүчү жараян катары эсептейбиз. Айыл чарба тармагынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруу бул тармактагы субъекттердин иш жүргүзүүсүндө атаандаштык артыкчылыктарын түзүү менен каскартса болот.

АӨЧнун тышкы чөйрөсүнүн тез өзгөрүүсү, күтүүсүз кырдаалдар жана убактылуу кризистертер - бул тармактагы субъекттердин ишмердүүлүгүн

коштогон терс көрүнүштөрдүн толук эмес тизмеги катары сыпатталат. Ал эми бул шарттар атаандаштык жөндөмдүүлүктүн менеджментинин жаңы ыкмаларынын пайда болуусун талап кылган жагдай болуп саналат. Маалым болгондой, атаандаштык жөндөмдүүлүк туруктуу мааниге ээ эместиги белгилүү, ошол үчүн аны баалоо ыкмалары аларды пайдаланууда белгилүү чектөөлөргө ээ.

Бүгүнкү кезде экономика боюнча булактарда, окуу китептеринде, монографияларда ар бир чарбалык субъекттин өзүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн менеджментине ылайыктуу универсалдуу ыкмаларды колдонуу боюнча бирдей пикирдеги булактар жок. Тескерисинче, учурдагы кырдаалдарга таянуу менен, алар өздөрүнүн системасын жана менеджмент түзүмүн иштөөсү зарыл болгон шарттарына ылайыкташтыруулусу керек.

Чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн менеджментинин тутумунда башкаруунун үч иерархиялык деңгээлин болуп карасак болот: стратегиялык, тактикалык жана учурдагы.

Стратегиялык башкарууну чарбалык субъекттердин жогорку звенодогу башкаруучулары иш жүзүнө ашыруу менен ал узак мөөнөттөгү өнүгүү келечегине багытталган. Бул жерде пайдаланылып жаткан негизги максат катары атаандаштыктын артыкчылыктарын калыптандыруу, сактоо жана өнүктүрүү эсептелинет. Стратегиялык атаандаштыктын артыкчылыгынын маңызы катары – чарбалык субъекттердин артыкчылыктары убакыттын өткөнү аркылуу турукташкан жана узак мөөнөттөгү болуп саналат. Ал эми стратегиялык мүнөздөгү өзгөчөлүктөрүнон болуп агрардык сектордогу ишканалардын рынокто өз ордун табуусу жана сатуу чөйрөсүнүн көбөйүүсү эсептелинет. Мындан улам стратегиялык менеджмент катары агрардык сектордогу субъекттердин чарбалык-өндүрүштүк ишмердүүлүгүн жакшы нукта өркүндөтүүнүн, башка субъекттерге салыштырмалуу атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жогору болуусу эсептелинет.

Агрардык сектордогу субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүндөгү тактикалык менеджмент стратегиялык башкарууну иш жүзүнө ашырууда

колдонулат. Ал атаандаштык күрөшүүдөгү түрлөрдөн, ыкмалардан туруп, бул сектордогу ишканалар атаандаштар ортосундагы атаандашууну таңдоо менен алектенишет жана алар аркылуу келечекке коюлган маселелерди аткарышат. Ыкмаларга бул ишканалардын ишмердүүлүгүндөгү пайдалануудагы каражаттарын пайда алууга жөндөөгө жана аны менен атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашырууга мүмкүндүк түзгөн уюштуруучулук, экономикалык жана илимий-техникалык факторлор түзөт. Аткарылган иш чаралардын натыйжалары атаандашуудагы артыкчылыктарга алып келүүсү зарыл, бул чектелүү болсо да, бирок чарбалык субъекттин тышкы чөйрөсүнөн улам өсүп жатканы көңүлдү, убакыттын өтүшү менен туруктуулукка ээ болуп, ага карата атаандаштар андан ашып кетүүгө мүмкүнчүлүк алышпайт.

Учурдагы менеджмент тиешелүү маселелерди чечүүгө байланышкан жараяндардын үзгүлтүксүз иш жүзүнө ашырылуусу аркылуу көрсөтүлөт жана чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуусу зарыл. Мындан тышкары, атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу мурда учурабаган тенсиздикти жок кылууда калыптанган жана практика түрүндө иш-чаралардын жалпысы болгон атаандаштык белгилерин аныктайт.

Белгилүү болгондой, чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкаруу ишмердүүлүгү, башка объекттерди дагы башкаруу сыяктуу, белгилери менен салыштырмалуу жабык болуп саналат. Чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн менеджментинин ар бир багыттары боюнча тиешелүү кызматтарды иш жүзүнө ашыруу - максаттарды аныктоо жана койо билүү, иштелген стратегиялык ж.б. башкаруу түрлөрүнүн алкагында атаандаштыктын тандалып чыккан түрлөрүнө жана ыкмаларына негизделүү менен чечимдерди чыгаруу, пландоо, уюштуруу, жөнгө салуу, көзөмөлдөө, атаандашуу жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо жана ишке ашырууга, статегиясында агрардык сектордогу ишканалардын жакшы нукта ишмердүүлүгүн жүргүзүүсү үчүн шарттарды түзүү зарыл.

Экинчи тайпадагы башкаруу деңгээлине: уюштуруучулук-экономикалык, өндүрүштүк-экономикалык, финансылык-экономикалык түрлөр кирет. Сунушталган бөлүштүрүү чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өндүрүштүк-экономикалык менеджментинин негизги маселелерине кайрылган Д. Марков тарабынан эң кылдат изилденген [98]:

- өндүрүлгөн продукциянын ассортиментине ииновациялык продукцияны кийрүүдөн, алардын сапатын жана керектөөчүлүк өзгөчөлүктөрүн өркүндөтүүдөн, өндүрүштү заманбап алдыңкы технологияларын иш жүзүнө ашыруудан турган өндүрүштү өнүктүрүүнү башкаруу;

- материалдык-техникалык базаны натыйжалуу пайдалануу, өндүрүштүк ресурстарды чогултуу;

- энергияны үнөмдөө, традициялык эмес энергия булактарына отуу;

- адамдык капиталдын, а.и. жардамчы кызматкерлердин эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу;

- өндүрүштук-чарбалык ишмердүүлүктө чыгымдарды азайтуу жолу менен пайданы көбөйтүү;

- өндүрүштүк процесстердин бардык этаптарында көзөмөл жүргүзүү, контроллинг тутумун кийрүү; натыйжалуу пландаштыруу, уюштуруу жана чечим кабыл алуу;

- өндүрүштүк-чарбалык ишмердүүлүктүн натыйжалуу менеджмент тутумун кийрүү, заманбап билимге ээ адистерди тартуу, аларды даярдоо;

- өндүрүштүн бардык циклдеринде тиешелүү ресурстардын кыймылын, технологиялык процесстерди көзөмөлдөө;

- тиешелүү материалдык жана негизги каражаттардын техникалык абалына көзөмөл жүргүзүү, эскирүү деңгээлине жараша аларды жаңылоо.

Агрардык-өнөр жай чөйрөсүнүн ишканаларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн уюштуруучулук-экономикалык менеджменти төмөнкүлөрдү камтыйт:

- өндүрүштүк процесстерди башкарууну уюштуруунун формаларын тандоо;

- ишканалардын ишмердүүлүгүн жүргүзгөн бөлүмдөрдүн миссияларын так аныктоо жана иш алып баруу;

- ишканаларды башкаруунун заманбап чарбалык - уюштуруучулук-формаларын түзүү;

- чарбалык субъекттерде кызмат милдеттерин аткарышкан жамааттын мүчөлөрүнүн тиешелүү жоболорго ылайык укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин аныктоо;

- чарбалык субъекттердин ички түзүмдөрүндөгү өз ара натыйжалуу байланышын калыптандыруу;

- чарбалык субъекттерде кадрларды даярдоо жана ротациялоо жолдорун жөнгө салуу;

- чарбалык субъекттердин жоболоруна ылайык кызматкерлеринин кызматтык милдеттенмелерин тартиптештирүү жана жолго салуу;

- чарбалык субъекттердин менеджментинин кичи системасынын иштөөсүнө мониторинг кылуу жана анын бөлүмдөрү боюнча натыйжалуулугуна баа берүү;

- керектөөчүлөргө продукцияны илгерилетүү, маркетинг жана жарнама иштерин жөнгө салуу;

- чарбалык субъекттер үчүн эмгек предметтерин, материалдык ресурстарды берүүчүлөр, продукцияларды керектөөчүлөр, каржылоо булактары менен натыйжалуу өз ара иштөөсүн уюштуруу;

- жакынкы учурларга жооптууларды көрсөтүү аркылуу субъект, кээ бир өндүрүштүк бөлүмдөр жана кызматтар үчүн тапшырмаларды коюу;

- өндүрүлгөн продукциялардын сапатына көзөмөлдү уюштуруу, продукцияларды өндүрүүдө чыгымдарды үнөмдөө жолу менен анын өздүк наркын төмөндөтүү жана эмгек өндүрүмдүүлүктөрүн жогорулатуу;

- төмөндө көрсөтүлгөн каржылоо булактарына тактоо кийрүү: инновациялык технологияларды алуу аркылуу тиешелүү фонддорду түзүү, банктык насыяларды, өндүрүштүк капиталдарды, баалуу кагаздарды айлантуу аркылуу резервдик капиталдарды пайдалануу;

- ишканада эмгектенгендерди мотивациялоо жолу менен аларды кызыктыруу.

Ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн каржылык жактан башкаруунун негизги маселелери төмөнкүлөрдү камтуусу зарыл:

- өндүрүлгөн продукциялардын рентабелдүүлүгүн жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

- чарбалык субъекттердин жалпы финансылык абалына мониторинг жүргүзүү жана баалоо;

- өндүрүлгөн продукциялардын ар бир түрлөрү боюнча баасындагы түз жана кыйыр чыгымдардын акылга сыярлык катышынын негиздемеси, анын чыгымдалуусунун көлөмү жана чыгашасыздыгы, алардын рентабелдүүлүгүнө жетишүү;

- энергияны үнөмдөгөн негизги каражаттары пайдалануу;

- субъекттердин чыгымдарына таасир эткен факторлорду тактоо, пайданы алууга жондогон, рентабелдүүлүктү камсыздаган ички байланыштарды аныктоо;

- өндүрүштө заманбап инновациялык техника жана технологияларды колдонуу;

- талапка ылайык продукциянын жаны түрлөрүн өндүрүү жана кластер, интеграция жана кооперациялоонун заманбап жаны формаларын колдонуу;

- ар түрдүү ассортименттеги өндүрүлгөн продукциялардын тендештирилген механизминдеги ишканалардын иштөөсүндөгү пайдалуулугун камсыз кылуу;

- өндүрүштүк процессти натыйжалуу уюштуруу үчүн заманбап технология жана техника менен толуктоо жана аны натыйжалуу колдонуу;

- өндүрүштүк айланма эмес активдерди жаңылоо, технологияларды реконструкциялоо, продукциянын ассортиментин инновациялык негизде жаңылоо маселелерин камтуу аркылуу натыйжалуу инвестициялык долбоорлорду калыптандыруу;

- чарбалык субъекттердин финансылык, эмгек жана материалдык, ресурстарына жана колдонуудагы мүмкүнчүлүгүнө болгон нормативдерди колдонуп, продукциянын түрлөрү боюнча чечимдерди чыгаруу;

- өндүрүлгөн продукция боюнча наркын калыптандуруу саясатынын натыйжалуу формаларын түзүү;

- өндүрүлгөн продукциянын сапатын жакшыртууга арналган чечимдерди кабыл алуу;

- материалдык активдерди өндүрүштүк жараянда кеңири колдонуу;

- өндүрүлүп жаткан продукцияларда энергия жана материалдык чыгымдарды кыскартуу боюнча иштерди жолго салуу;

- жалпы ишкананын ишмердуулугунун жана тиешелүү ресурстарды пайдалануунун рентабелдүүлүгүн аныктаган көрсөткүчтөрдү аныктоо, финансылык каржылык натыйжасын диагностикалоо;

- өндүрүлгөн продукциянын ассортиментинин эмгек сыйымдуулугун кыскартууну калыптандыруу;

- каржылык-чарбалык ишмердүүлүктөн алынган пайданы натыйжалуу колдонууну жөнгө салуу тартибин түзүү;

- ишкананын ишмердүүлүгүн жакшыртууга багытталган бизнес пландарын түзүү, бюджеттештирүү тутумун түзүү, өнүгүү стратегиясын жана тактикасын иштеп чыгуу;

- ишкананы жаны заманбап тартипте өнүктүрүү үчүн инновациялык-инвестициялык ишмердүүлүккө арналган инвестициялык пландарды иштеп чыгуу жана аны практика жүзүнө ашыруу;

- ишкананын пайдасын көбөйтүү үчүн чыгымдарын үнөмдөө жолу менен жаңы жоболорун бекитүү.

АОЖ ишканаларын башкаруу жана коюлган максатка жетүүдө ар кандай ыкмалар колдонулат жана эң кыйын жагдай болуп башкаруунун натыйжалуулугун сандык баалоо эсептелинет. Кээ чарбалык субъекттерде башкарууну баалоо ыкмасы катары алардын ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө аныкталган натыйжанын өндүрүштүн айлануусуна катышкан капиталдын наркына болгон катышынын көрсөткүчү алынат.

Коммерциялык жыйынтык, эреже катары, продукцияларды сатуудан түшкөн каражаттардын көлөмү менен толук жана так мүнөздөлөт. Ар кандай ишкердик субъектине жалпы баа берүү менен, бул ишкананын ишкердүүлүгүн баалоо үчүн эң маанилүү деп эсептелген сатуудан түшкөн кирешенин көлөмү. Чарбалык ишмердүүлүктө колдонулган ресурстардын наркы көбүнчө субъекттердин активдеринин наркына барабар болот. Мына ошондуктан ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун көрсөткөн ишмердигин диагностикалоодо, анын айланма жана айланма эмес каражаттарынын пайдалуулугунун нормативин пайдаланса, ал продукцияны сатуудан түшкөн каражаттардын өндүрүштүк капиталдарынын орточо жылдык наркынын жана айланма активдеринин балансынын орточо жылдык наркынын катышына карата аныкталат.

$$ФК = ПК / НОН + ЖКК;$$

Бул жерде, ФК – фонддордун кайтарымы;

ПК – продукцияларды сатуудан түшкөн киреше;

НОН - негизги өндүрүштүк фонддордун жылдык орточо наркы;

ЖКК - жүгүртүү каражаттарынын орточо жылдык калдыгы.

Айыл чарба чийки заттарын кайра иштеткен чарбалык субъекттерди башкаруунун натыйжалуулугун ар тараптан баалоодо бул көрсөткүч КНСти ж.б. сатуу жана сатуудан тышкары кыймылдардын натыйжаларын эсептебегенде, продукцияларды сатуудан түшкөн кирешеге катышы катары эсептелет. Ал эми башкаруунун натыйжалуулугу төмөнкү формулада көрсөтүлөт:

$$БН = СП: СК$$

Бул жерде, БН – башкаруунун натыйжалуулугу;

СП - продукцияны сатуудан түшкөн пайда;

СК – продукцияны сатуудан түшкөн киреше.

Чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн менеджментин аныктоо жана тактоодо сунушталган формулалардын тактыгын текшерүүдө биз КРнын эт өндүрүшүн изилдөө объектиси катары колдонобуз.

| **Ишканалардын аталышы** | **2022ж.** | | **2023ж.** | | **2024ж.** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **БН** | **ФК** | **БН** | **ФК** | **БН** | **ФК** |
| «Риха» ЖЧК | 0,5 | 2,7 | 0,9 | 2,3 | 3,3 | 9,2 |
| ТМ ТОЙБОСС, «Адал Азык» ЖЧК | 0,6 | 3,8 | 1,4 | 3,1 | 1,2 | 6,1 |
| «Салих ЛТД» ЖЧК | 0,5 | 2,9 | 1,2 | 3,3 | 1,0 | 7,6 |
| «ШЕР Инк» ЖЧК | 0,4 | 2,2 | 0,3 | 1,9 | 0,4 | 2,1 |

*Булак: Чарбалык субъекттердин маалыматы боюнча эсептелди*

Субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн башкарууну аныктоочу коэффициенттерге таянсак, эн жакшы жыйынтыктарды башкаруу түзүмдөрү жана квалификациялуу менеджментке ээ болгон маркетинг жана жарнама бөлүмдөрүнүн кесипкөй мыкты адистерине ээ "Риха" ЖЧК көрсөттү. Андан кийинки орунду айланма жана айланма эмес капиталдарды натыйжалуу пайдаланган «Салих ЛТД» ЖЧК ээледи, бул жерде өндүрүштүк бөлүмдөрдү көп жылдык тажрыйбага ээ жана бул тармактарда бай тажрыйбага ээ адистер башкарат. Ал эми үчүнчү орунду ТМ ТОЙБОСС «Адал Азык» ЖЧК ээледи. Бул аталган субъект толук кандуу калыптана элек жана учурда менеджменттин натыйжалуу түзүмдөрүн калыптандыруу жана ички өндүрүштүк бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруу менен алектенип жатат.

«ШЕР Инк» ЖЧК эт азыктарын өндүргөн ишкана эт рыногуна жаңы келген эмес, ошентсе да ишканада илгертен бери башкаруучулук персоналдын көптүгү менен мүнөздөлгөн эски башкаруу түзүмү сакталып калган.

Бул ишканалар үчүн чыгарылган корутундулар ушул ишканаларды түздөн-түз сурамжылоого негизделген. Атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун баалоо үчүн колдонулган көрсөткүчтөр аталган ишканалардагы менеджменттин абалы жөнүндө көрүнүштү камсыздагандыгын белгилеп кетсек болот.

